
**КУРСАН ПАХЫРОВ**

# Адабий сын өңүтүндө:

*Кыргызстандын түштүк – батыш*
*чөлкөмүнүн акын – жазуучулары*



Ош, 2014.

УДК 821.51.0
ББК 83 3 Ки

П 22

Пахыров Курсан
П 22 Адабий сын өңүтүндө: Кыргызстандын түштүк-батыш чөлкөмүнүн акын–жазуучулары. Адабий сын-пикирлер.– Ош: 2014. 168-б.

ISBN 978-9967-18-058-1

Китепте Кыргызстандын түштүк–батыш чөлкөмүнүн Алтын бешик аймагындагы акын–жазуучуларынын чыгармачылыктары боюнча адабий сын, көз караштар айтылат. Эмгектин идеялык–тематикалык багыты–көркөм–адабий интеллектуалдык деңгээл-ди көтөрүүгө көмөк көрсөтүү. Китеп илимий изилдөөлөр менен алектенген илимпоздорго, адабиятчы мугалимдерге, жогорку окуу жайынын студенттерине жана жалпы эле көркөм адабиятка кызыккан окурман журтчулугуна арналат.

П 4603020100-14 УДК 821.51.0
ББК 83 3 Ки
ISBN 978-9967-18-058-1
©Пахыров К.,2014

# КИРИШҮҮ

Кыргыз профессионалдык жазма адабиятынын классиктери– К.Баялинов, А.Токомбаев, М.Элебаев, А.Осмонов, Т.Сыдыкбеков, Ж.Бөкөнбаев. Ж.Турусбеков, К.Жантөшев, Ч.Айтматов, Т.Касымбеков өңдүү залкарлардын, аларды улап келген А.Жакыпбеков, М.Гапаров, Б.Сарногоев, К.Жусубалиев, К.Акматов, Э.Турсунов, М.Абылкасымовалардын мууну, алардан кийинки М.Мамазаирова, Ш.Дүйшеев, Ө.Караев, А.Жакшылыков, Э.Эрматов, С.Акматбекова, А.Рыскулов сыяктуу көркөм сөз чеберлеринин чыгармалары элибиздин руханий дүйнөсүн көтөрмөлөөдө Ала–Тоодой күрдөөл болуп келгени бардыгыбыз-га маалым. Эгемендүүлүккө ээ болгон жылдардан бери элибиздин социалдык–экономикалык, рухий–маданий жашоо деңгээлинде өзгөрүү болду, ошого жараша адамдардын пейил мүнөзүндө, ички дүйнөлөрүндө да өзгөрүүлөр жүрдү. Бул тапта (1990–жылдардан 2014–жылдарга чейин, 24 жыл аралыгында) көркөм адабият өз жаралууларын токтоткон жок, «кайра жанданып, өркүндөй баштады» (К.Асаналиев) албетте, заман-бап стиль, форма–жаңы нукка түшүү мезгилинде (өткөөл мезгил дейли) жарыша «жайнап» жарык көрүп жаткан китептердин (чыгармалардын) «бурушу да, дурусу да» болушу табигый, алар эртеби–кечпи иргелип өз бааларын алышаары анык.

«…Эл–жерди, адамдарды, алардын кайталангыс асыл касиеттерин кастарлаган, даңктаган, көкөлөткөн пафостогу эсепсиз поэтикалык чыгармалар жазылды. Акындар үчүн түбөлүктүү делген пейзаждык, граждандык, сүйүү, философия–лык, патриоттук жана башка темалар тынымсыз иштелип келди…. Алардын жанрдык мүнөздөмөсү, көркөм–эстетикалык деңгээли, мазмундуулугу өзүнчө кеңири иликтенүүгө, өзүнчө чоң сөз болууга арзый турганын белгилеп, аны жүзөгө ашырчу адистер чыгар деген үмүт арта туралы. Кыргыз окурманына сунуш этилген поэтикалык жыйнактарды талдап, оң–тескерисин ачып берүү үчүн адабиятчы–сынчылардын жок дегенде бир «взводу» керек окшойт. Анткени топтолгон поэтикалык материал «жакшы–жаманы» аралашып аябай эле көп….»[1]

«…Тематикасы, ага жараша козголгон маселелердин чөйрөсүдө ар кыл, көркөм–эстетикалык даражасы да бирдей эмес бул чыгармалар,

[1] К.Абакиров.Жаёы кылымдагы кыргыз адабияты || жаёы Ала-Тоо,№3 (35)март,2012,225-бет

кээси жанрлардын туш келди аралашма–сынан турган ушул китептер окурмандардын, мүмкүн болсо, адабиятчы–сынчылардын талдоосуна муктаж. Булардын ичинде, жөнөкөй айтканда, мыкты жазылгандары, ачыктан–ачык араңжан, чабал чыгармалар да бир кыйла…[2]–деп, эгемендүү жылдардан берки кыргыз адабиятынын поэзиясынын, прозасынын абалына бир топ кеңири ориентир жасаган адабиятчы–окумуштуу К.Абакировдун айткандары чындык. Окумуштуунун айткан маалыматтарынын, мүнөздөмө–лөрүнүн албетте, обьективдүү жана субьективдүү себептери бар. Алар замандын алмашышы, өткөөл мезгилдин шары менен байланышат.

Биздин бул эмгегибизде сөз Кыргызстандын түштүк–батыш чөлкөмүнүн акын–жазуучуларынын ушул жылдар аралыгындагы чыгармачылыктары жана чыгармалары жөнүндө болмокчу. Булардын алды жети–сегиз,арты эки–үчтөн китеп чыгарган калемгерлер. Эскертип кете турган жагдай–бул акын–жазуучулардын чыгармачылыктары боюнча адабий коомчулукта бирин–экин кыска пикирлер (айрымдарына гана) айтылганы болбосо, али олуттуу сөз боло элек. (Булардын ичинен азырда, эл акыны наамын алган Э.Эрматовдун чыгармачылыгы боюнча илимий эмгектер жазылган),

Бул сапар алдыда аты аталган акын–жазуучулардын талант–дареметин, эмгектерин элге бир топ кеңири таанытууга аракет жасалат.

[2] Ошол журналда: 236-бет.

# СӨЗДӨН СҮРӨТ ТАРТКАН АКЫН

«Ар жаздын шылдыраган,
авазы канда толкуп
Турмушка шыңгыраган,
таптакыр канбайт моокуң.

Тамчылар бийлеп жаанда,
чатырда шамал жулкуп.
Кыз–дүйнө күлөт таңда,
нур жууп аппак толкун»[3]

Тамчыдан күн көрүнөт дегендей, бул жаз жөнүндөгү бир тамчы ыр–таланттуу акын Атакул Жакыповдун калемине тиешелүү. Акын өтө сезимтал, кичик дүйнөдөн чоң дүйнөнү издеген тунук кыял сүрөткер. Көңүлгө сүйүү отун жаккан наристе нурлуу жаз жөнүндө айтпаган акын жоктур, бирок Атакулдун «жазы»өзгөчө, анын тамчысынан күн, түн, жылдыздар, агын дайра, аппак таң адамдын өмүрү менен, анын ышкы–ынтызары менен ажырагыс болуп көрүнөт.

«Ырым барда–мен да бармын жүрүмүн,
жер бетинде жанган оттун биримин.
Ырым барда–жашайм дагы бир өмүр,
Ырым барда–мен өлбөсмүн тирүүмүн»[4]– деген саптардан акындын ырды жан шерик кылып, өмүрүнүн мазмунуна айландырууга далалат кылар духун сезебиз, көөдөнүндө көксөгөнү, адамдарга айтар сөзү, ошого жараша өз дареметине бекем ишеничин көрөбүз.Мындай саптар ыр түйшүгүн тарткан, поэзия дүйнөсүнө өз үнүн кошууда заманбап стиль,форма таап, өзүнчө почеркке ээ боло алган акындын гана калеминен жаралышы мүмкүн.

---

[3] А.Жакыпов.К\\г\мдъг\ кусалык.Б.,2008.»13-б.
[4] Ошол китепте:19-б.

«Поэзия–менин сырдаш жан досум,
он төрт жаштан жолуң тосуп келемин.
Боз бала чак, кезиктирген сага анда,
сен жаш бойдон мен да жапжаш элемин»[5]– деген ыр саптары акындын ыр жолунун эрте башталган-дыгын, жаштайынан ырга ышкын коюп, аны менен дилдеш, сырдаш өскөндүгүнөн кабар берет.

Акындын 1982–жылы жарык көргөн «Жашыл арал», 1986–жылы «Ички кайрыктар», «Айдың кеч»,2008–жылы «Күүгүмдөгү кусалык», 2013–жылы жарык көргөн «Ай чапчып аккан дайра» аттуу жыйнактары аны журтчулугу-бузга таланттуу акын катары тааныттты. Жарык көргөн ыр жыйнактарынын саны 80–жылдардан бүгүндөгү аралыкты эсепке алганыбызда замандаш калемдештерине салыштырмалуу аз. Бирок чыгармачылыгына сарасеп салып отуруп алардын сапатынын «аз да болсо саз»экендигине ынанабыз. Поэзияга аяр, кылдат мамиле кылган ар бир сөздү ылайыгы менен кынаптап,ага жан дүйнөсүн ширете билген чебер сүрөткерлик дараметине кайыл келбей коө албайбыз. Чыгармаларынын арасында өзүн зордоп жалган сезимден жаралганы жок,алар чын дилден,турмуштан, аны «жазыш үчүн жазбай, жазбай коё албагандыгы» үчүн жазгандай. Аларда адам дилин жарытып, сезимге али аян болбогон, алдыда көңүл күсөгөн туюм–туйгуларды ишааралаган касыеттер арбын:

«Буркураган жытың кайда беде жай,
аарылардын ызылдаган ырлары.
Төбөдө күн калкып өтөт жылып жай,
көпкөк асман каркыралуу–турналуу

Коңур күздүн кең мейкини ак жайык,
делбеленткен көңүл отун желектей.

[5] А.Жакыпов.К\\г\мдъг\ кусалык.Б.,2008.»:28-б.

Бул дүйнөгө көз тойбогон ажайып,
Биз жаралып мурда келе электей»[6]

Көрбөгөнгө сулуулук жок, сезбегенге, туйбаганга ырахат–ылаззат жок, курчап турган дүйнөнүн кунары жок. Акындардын адамдарга дил аяны–«көрүп–көрүп жаша, туюп–туюп, сүйүп–сүйүп жаша». Жогоруда мисал кел-тирилген бул эки куплет ырда зирек окурман үчүн ырахаттанар туйгу аян: даркан талаа, түркүн гүлдөр, буралган гүлкайырлар, анан жыт бураган бедезар, гүлдөн–гүлгө өтүп ырдаган аарылар... Бул жайкалган жайдын ажайып элеси, аны менен кошо обону, ыры, жыпары–жыты. Мына ушулардын баары –алдыңкы эки сапта көзгө тартылат. Ошол эле учурда контрастуу ой; «ошол жыпар жыттуу, буралган кезиң кана?»–деп, өтүп кеткен мезгилге бир чети сагыныч, бир чети арман туйгусу, анан «төбөдө жай калкыган күн, каркыралуу–турналуу көк асман, көңүл отун делбеленткен»кең мейкиндүү, берекелүү коңур күз картинасы. Ыр саптарынын катмарына катылып турган дагы бир маани–өмүрдүн улгайып бара жатышы, мезгилдин өзгөргөн жүзү, табият менен адам өмүрүнүн паралелл коюлуп, философиялык ойдун жаралышы. Акын композициялык контрастарга жана бурулуштарга, стилис-тикалык каныгууларга–субьективдүү троптордун күчөшүнө, ритмика менен фониканын туюмдуу күчүнө умтулат.

«Алып кетем мен сени сагынычым,
шарпылдаган алыскы көк деңизге.
Жапжашыл токой шуулдап жээгинде,
куштар келген жыл сайын көктөм издеп.

Деңиз бойлоп моокумуң кангычакты,
сулуулукка көзүңдү кандырарсың.
Шарпылдабай бир азга тынч ал эми,
сагынычым–жаз күткөн карлыгачым»[7] сыяктуу ыр саптарында поэтикалык жаңы боөк, жаңы ыкма бар.Адам психологиясына тереңдөө, сүрөттөө туюнтуунун жаңы каражаттарынын колдонулушу, салттуу уйкаштык форма–сынан чыгып, логикалык уйкаштык–үндөштүк жолу менен ыр курууга

---

[6] А.Жакыпов.К\\г\мдъг\ кусалык.Б.,2008,51-б.
[7] А.Жакыпов.Айдыё кеч.Баткен.1999.102-б.

болгон анын аракети, ийгилиги байкалат. Акындын ырларында улуттук поэзия менен дүйнөлүк поэзиянын нускалык саптарын ширетүүгө умтулгандык бар. Анын табият, махабат темалары тунук туюнууларга, ачылыштарга бай. Бир эле ырынан рухий, эстетикалык жана философиялык жыйынтыктарды жолуктурууга болот.

Акындын мындай ийгиликтерге жетишишине эмгекчилдиги, изденүүчөндүгү себеп. Дүйнөлүк поэзиянын көрүнүктүүлөрү Сайге, Басө, И.Гөте, У.Шекспр, Бодлер, А.Рембо айрыкча орус поэзиясынын мыктылары С.Есенин, Б.Пастернак, И.Бунин, М.Цветаева, А.Блок, Тютчев, А.Ахматова, Гумилев, Заболоцкий, Рубцов сыяктуулардын чыгармаларын үңүлүп окуп өзүнүн ыр жаратуу өнөркана-сын кеңейткен деп айтсак жаңылышпайбыз. Ошону менен кошо өзүбүздүн белгилүү акындар–Жолон Мамытов, Омор Султанов, Турар Кожомбердиев, Сүйүнбай Эралиев, Сооронбай Жусуев, Карымшак Ташбаев, Сагын Акматбековаларды өзүнө устат тутуп, алардан үйрөнүп таалим–таасир алышы–анын акындык жолунун ийгиликтүү, жемиштүү болушуна өбөлгө болгон. Бул жөнүндө акын:

«Жалгыздыкка жана шерик болом го,
жайдакталып жалбырактай тонолгон.
Жаш кездеги жалбырттаган ырларды,
жазган өңдүү таасирленип Жолонго,

Саптарынын арасында Сагындын.
сагынычтын ыры жанга жагымдуу,
Сезилчү эле, тынчтандырып жанымды.
санаа толгон канча кечти өткөрдүм

Ой–дүйнөдө жашап турчу бороондуу,
ойлор менен бурганактуу торолдум.
«Отузунчу бекетине» көп токтоп,
ошондогу оттуу акын Омордун.

Өз жолумду табуу үчүн ырымда,
өмүр жолдо канча тайып жыгылган.
Өзөгүмө алууга канча ирет,
өзгөлөрдүн очогуна жылынгам.

Кезди күтүп ышкы жанган алоолоп,
күлүк аттай жер чапчыган байлоодо.
Келерине зор эргүүнүн ишенгем,
келген бир кез Пушкин менен Байронго.

Эргүү келмек,бир зор эргүү билем мен,
эриндери оттуу ырга ширелген.
Эртең кийин жарык кылып ааламын,
эртеңдерди ырга айлантып жиберген»[8]–деп бардыгер дүйнөсү, чын дили менен окурманына өзүнүн акындык түйшүгү жөнүндө сыр төгөт. Ыр–ышкыдан, эргүүдөн жаралат, ышкынын, эргүүнүн башаты, булагы–таасир, акын таасир алган устаттарына ыраазы. Ал ыр жолундагы сапарынын байсалдуу, бараандуу болушуна бекем ишенет.

Акын ырларында өзүнүн өмүр–тагдырын, кубанычы менен кайгысын, эмнелерге жетти, эмнелерге жетпеди, күтүүлөрүн, сагынычтарын, арзуу–үмүттөрүн чагылдырат, муну менен өзүнүн бүт турпатын, пейлин–образын жаратат, бардык чыгармалары менен белгилүү бир идеялык жүктү көтөрүп турган лирикалык каарманга айланат.

Акындын чыгармаларындагы башкы темалардын бири–табият, ал анын көрүнүштөрүн бөтөнчө берилүү менен сүрөткө тартат. Бул туралуу устаты С.Жусуев: «...Ал сөздөн сүрөт тарткан акын. Акын кылдат тарткан сүрөтү окурманга таасир берип, кандайдыр бир ойго салат»[9]-дейт.

[8] А.Жакыпов. К\\г\мдъг\ кусалык.Б.,2008,47-б.
[9] А.Жакыпов.К\\г\мдъг\ кусалык.Б.,2008.77-б

Мисалга: «Бүлбүл жарык шаңгалак,
булут кечип ай барат.
Түнкү гүлдөр таажысын,
үлпүлдөтүп аймалап.

Булут туман мунарык–
бул дүйнөнүн муңундай.
Булак туйлайт, ырлары,
угулуп да угулбай.

Жылдыз өчүп тынч турган,
боз мунарык,боз жарык.
Жол уланып тумчуктурган,
туңгуюкка куланып.

Дайра жээги шарпылдак
коюу камыш,жылгын,тал.
Тар көпүрө калтылдак,
араң турат жыгылбай.

Ырдайт бирөө узактан,
угулуп да угулбай.
Түнгө жалгыз узаткан,
менин кайгы, муңумдай»[10]

Жаратылыштын касыеттери, кереметтери жөнүндө айтпаган акын, тартпаган сүрөткер болбосо керек. Албетте, алардын ар биринин табият менен мамилеси, байланышы ар башка. Жогоруда биз мисалга алган ыр ошолордун бири, анын сүрөттөмөсүнүн өзүнчөлүгү, өзгөчөлүгү бар: ... шамга аралаш кез, асман ала булут, ай бирде булутка кирип, бирде чыгып, каалгый баратат. Анан булут мунарыктап, жерди жөө туман аралайт... Айыл булагынын шылдыры угулар угулбас, анан дайра жээгиндеги өсүмдүктөр, дарактар, эскилиги жетип кайчылдап, калчылдап турган көпүрөө, ушул маалда узактан кимдир бирөөнүн ырдаганы–ушулардын баары лирикалык каармандын бир ирмемдик ырахаты, ал эми издегени–ушул ырахатка шерик болор адам...

[10] Ошол китепте:5-б.

Акындын табият көркүн тарткан ырлары жалпы чыгармачылыгынын негизги бөлүгүн ээлейт десек да жаңылышпайбыз. «Акындын сөзү–турмуштун өзү» деген-дей, анын бул темадагы ырлары адам турмушу менен ажырагыс байланышта берилет. Адам маанайы, анын тагдыры табият көрүнүштөрү аркылуу, жаратылыш маанайы адам аркылуу параллел коюлуп, символикалык таризде сүрөттөлөт. Мындай тартылган сүрөттөр жасалмасыз, табигый эриш–аркактыкта ишеничтүү, таасирдүү чыгат.

Мисалы, «Боз чаңгыл асман булаңгыр,
булуттар суугa конушкан.
Бул күндөр мынча тумандуу,
бир мезгил кайткыс болушкан.

Көздөгү сансыз сүрөттөр,
кусадан куурап оң ушту.
Кеч күзгү алсыз күнөстө,
күйүттүү күндөр тоңушту.

Жалгыздык түнөйт талаада,
боз кыроо чалып этегин.
Буулуккан ойду санаадан,
бул күндөр алып кетеби?

Каректе талып кайгылар,
кусалык оңот көзүмдө.
Күз окшойт ушул айрылар,
кез окшойт бөлөр өзүңдөн»[11]

Орустун белгилүү акыны Самуэл Маршак: «Адабиятка таланттуу жазуучулар сыяктуу эле таланттуу окурмандар керек. Художник–автор иштин жарымын гана алат. Калганын художник–окурман өзүнүн кыялдануусу менен толтурушу кажет,» –деп айткан экен. Ошондой эле өз убагында улуу Карл Маркс да: «...Эгер сен искусстводон ырахат алгың келсе, сен көркөм билимиң бар адам болушуң керек» дептир. Ыр өзү–көп нерсени аз сөз менен берүү, ыр саптарында катмарданган

[11] А.Жакыпов.К\\г\мдъг\ кусалык.Б.,2008,75-б

маанилер жатат. Аны туюнуу, түшүнүү үчүн окурманга интеллектуалдык деңгээл керек. Атакулдун ырлары интеллектуалдык деңгээл күткөн ырлар.

Атакул Жакыпов Лейлек жергесинин Исфана шаарында төрөлүп, балалыгы Ак–Терек айылында өткөн. Ал азыр кадимки аты Лейлек, азырда Коргон аталып калган айылда жашап Курбанаалы Сабыров атындагы орто мектепте мугалим болуп иштеп келе жатат. Он төрт жашынан ыр түйшүгүн артынып келе жаткан өмүр жолу ага чыны менен эле акындык тагдыр тартуулады. 1982–жылы чыккан «Жашыл арал» аттуу алгачкы ыр жыйнагы анын келечекте ыр дүйнөсүнөн өз ордун тапкан калемгер чыгарын кабарлаган эле. 1986–жылы жарык көргөн «Ички кайрыктар» ыр жыйнагы акындык өнөрканасынын калыптанып, өз «материгин»ачууга багыт алганын маалымдап, изденүү аракетиндеги баалуу да жемиштүү да жактары көрүнгөн. Жыйнак жөнүндө белгилүү адабият сынчысы Кадыркул Даутов бир топ жакшы сөздөрүн айтыптыр: «...Жыйнактагы ырлардын дээрлик көпчүлүгү сезим таразачылдыгы сакталып чебердик менен жазыл-ган. Бул жерде Атакул Жакыпов кадимкидей эле аты–жөнү чыгып макталып, союзга мүчө болуп, ал турсун сыйлык, даража–чин алып жүрүшкөн бир топ жаш акындардын эч кимисинен кем калышпайт десек анча деле аша чаап кетпейбиз.

Жаш акындын ыр куруу маданияты кимдин болсо да көңүлүн буруугa тийиш. Анда бош жайгашкан жолдор, шалпылдаган суу сөздөр, ритмикалык сөлбүрлүк, ашмал-тайга айланган даяр уйкаштар жокко эсе. Көркөм туюнтуу каражаттары жаңы, угумдуу, баары бири–бирине керек. Саптар ички чыңалууга толо, байланыштары бекем.Ал өзүнүн жекече ыр техникасын жаратып жатыптыр»[12]. Сынчынын «Ички кайрыктарга»айткан пикири адилеттүү. Акындын акындыгы– анын башкаларга окшобогон жаңылыгы, өз стилинин болушу. Чындыгында Атакулдун поэзиясында жекече стиль, жаңы жол бар.

«Поэзия! Жаңылыктын жан досу сен, жаралгандан дайыма жаңысың сен!»–деп грузин акынын С.Чиковани айткандай, ал

[12] А.Жакыпов.Дил кайрык.Исфана 2012.2-б.

мазмунунда да, формасында да жаңылык болгондо гана чыныгы поэзияга айланат.

Акындын чыгармалары жөнүндө аз–аздан болсо да көркөм сөз өнөр жаатында төбөсү көрүнгөн бир топ адамдар пикирлерин айтышка үлгүрүшүптүр. Бул, албетте, жакшы көрүнүш «...Жазмакер ким, чыныгы жазуучу, табиятынан акын ким, ыр уйкаштырууга ышкы боз ким, ар бирин өз ордуна коюп, өз убагында таанып да, калайык журтка таанытып да жүрүү баарыбыздын адабиятчылык да, адамдык да парзыбыз болууга тийиш.»[13]–деген Кадыркул аганын нускалуу сөзү калемгер менен окурман ортосундагы интеллектуалдык байланыштын келечегине карата айтылган туура сөз.

«...Жибектей майин жигиттин ырлары өзүнө окшоп ак мамыктай жумшак, аруу сезимге жык толгон. Аны кыргыз поэзиясында Турар Кожомбердиев менен Сагын Акматбековаларга теңтайлаш лирик акын дээр элек.

... Атакул өрүк гүлүндөй аппак, таптаза ырлары менен Лейлек–Баткен өңүрүндөгү акындардын көч башы болуп келетат. Бүгүн сөздүн толук маанисиндеги акын болуу үчүн акындык таланттын өзү жетишсиз. Атакул дүйнөлүк поэзиянын алтын таажысын кийген атактуу лирик акындар Гейне, Роберт Бернс, Есенин, Поль Эльюар, Габриэла Мистралдын эч кимдикине окшобогон поэзия аралдарын аралап, дене боюна сиңирген. ...Аттиң десең, бүгүнкү жаштар ушундай аруу дүйнөгө чакырган ырлардан алыс калышпаса экен!»[14]–деп айтылган жазуучу Аскар Ражабалинин акындын чыгармачылыгына карата айткан сөзү да өтө маанилүү, чын жүрөктөн берилген ой, туура баа.

Акындын үчүнчү ыр жыйнагы «Айдың кеч» деген ат менен 1999–жылы жарык көргөн. Ыр жыйнактан акындын лирикалык өрүшүнүн дагын да кеңейгени байкалат. Жыйнактан орун алган ырлардагы назик кайрыктар, жаркын боёктуулук окурманды өзүнө тартып турат.

Мисалга: «Тунуктукка мелт–калт толуп бул дүйнө,
термелишет татынакай миң гүлдөр.
Тирүүлүктүн ырын ырдап акырын,

[13] А.Жакыпов.Дил кайрык.Исфана.2012,3-б
[14] А.Жакыпов.Дил кайрык.Исфана.2012,52-б

уяң кыздай ууртунан күлмүңдөп»

же: «Кыздар карайт терезеден суктана,
күмүш чачы желкесине жайылып.
Айдың түндө жүргүң келет уктабай,
айдын алтын нурларына жамынып»

«Айдың кеч» ыр жыйнагы–өзүнөн мурунку жыйнак–тардын жогорулаган баскычы, өрүштүү чыгармачылык жолдогу лирикалык каармандын кеңейген ой таржымалы.

Акындын «Жашыл арал», «Ички кайрыктар», «Айдың кечтеги»ырлардын баары эле телегейи тегиз, идеялык–көркөмдүк жагынан жеткилең деп айтууга болбойт. Чыгарма жаратып жүрүшкөн калемгерлер кетирчү өксүк жагдайлардан бул жыйнактар да куру эмес. Жыйнактар-дын баарында да мазмундук, логикалык, көркөмдүк жактан ийине жеткире иштелбей калган ырлар бар. Китептен китепке көчүп, өзүн–өзү кайталаган учурлар жолугат. Ошону менен кошо ырлардагы жалпы дух, көтөрүңкү пафос, таасирдүү күч–аракет жетишпегендей. Турмушка үстүрттөн көз салуу, сүзүлүп кыялга батуу басымдуудай көрүнөт. Чыныгы поэзия тек гана турмуштун жүрүшүдөн обочодон байкоо жүргүзүп туруу менен чектелбейт, ага активдүү кийлигишип, активдүү таасир көрсөтөт[15].

Акындын төртүнчү ыр жыйнагы «Күүгүмдөгү кусалык» деп аталып, өзүнөн, мурдакы ыр жыйнактардан темати-калык диапозонунун кеңейгендиги менен айырмаланат. Автор жыйнактагы ырларды «Ырларым–менин өмүр таржымалым», «Кат күткөн күндөр», «Күүгүмдөгү кусалык», «Булбулдун көз жашы»деген бөлүмдөргө ажыратып, идеялык–тематикалык багыттар боюнча образ жаратууга далалат жасайт. Жыйнактагы ырлардан автор башта өзү тандап алган ыр жаратуу,ыр куруу багытынан тайбай, кайра аны бекемдеп баратканы байкалат.

Акындын ыр жыйнактарындагы ырлар лирикалык каармандын ички дүйнөсүн ырааттуу ачып барат, анын кимдигин окурманга туйдуруп, анын ички дүйнөсүнө жол салат. Лирикалык каармандын жаңы идеяларды жаратууга умтулган нравалык турпаты ырлардын поэтикалык пафосунан даана сезилет. Акын

---

15 А.Жакыпов.Дил кайрык.Исфана,2012.3-б

ырларында курулай төш какпайт, оюндагысын гана айтат. Анын оюндагылары–үмүт, умтулуу, ишеним, бул үчүн күйүп–жануу, толгонуу. Булар–турмуштун, табияттын миң түркүн кубулган көрүнүштөрүн сүрөттөп жатканда «мендин» көкүрөгүндө аздектелген идеялары, эстетикалык баасы, субьективдүү мамилелери.

«...Автордун субьективдүү жагы жете жана ишеним-дүү чагылганда, чыныгы искусство менен беттешебиз. Ал эми субьектинин жан дүйнөсү поэзияда ушунчалык көп, ошол себептен лирикалык каарман «сен»эмес, «мен» болуп жүзүн көрсөтөт. Лирикалык каарман турмушуна, өмүрүнө бирде ыраазы, бирде нараазы болот, ушул эле учурда (анын кайгы–кубанычын көрсөтүп отурган) акын өзүнүн керт башындагы тагдырына ыраазычылык же нараазычылыгын билдирет»[16]–деп белгилүү сынчы А.Медетбеков айткандай, акындын ыр жыйнактарындагы ырлардын маанайы автордун субьективдүү жагын ишенимдүү көрсөтөт, акындын «мени» биринчи планга чыгып, курчап турган дүйнөнү өз жаңырыгына кулак түрдүрөт:

«Турмуш сели бузган биздин көпүрө,
өгөй тагдыр бузуп салган араны.
Күтүү менен өттү күйүп көкүрөк,
эки үмүттүн, эки жылдыз карaанын.

Эки өйүздө кол жетпеген үч тагдыр,
бирин–бири самайт,эңсейт,зарыгат.
Күндөр учат, күйүтү көп кусалуу,
жолдор жакын, бирок алыс барууга.

Алыс жээк ушунчалык жакын да,
алыс, алыс көз жетпеген ыраакта.
Ошол жээктен үмүт келет закымдап,
ошол жээктен жылт–жылт этет чырактар»[17]

«...Пафосто акын коoздукка, сүйкүмдүү жанга ашык болгондой идеяга да ашык болгот, ошого жан дили менен кумарданат, аны карандай акылы, баамы, сезими, ажары менен

---

[16] А.Медетбеков. Художник жана көркъм чындык-Ф.,1970,17-б
[17] А.Жакыпов.Айдыё кеч.Баткен.1999,3-5-б

жаратат»[18]–деп айтылгандай, А.Жакыповдун ыр-ларында ички жаңы идеяларга ашык болгон, белгисиз чектерге умтулган, акындык–нравалык турпатты чагыл-дырган саптар жашайт.

Акындын ыр жыйнактарындагы негизги темалар–өмүр, өлүм, сүйүү, табият. Анын айтайын дегени, жүрөгүнүн оттой илеби ушулар аркылуу. Өмүрдүн назиктигин, кайгы–кубанычын, кумарын, өлүмдүн таш боордугун, катаал, тажаал, бейжайлыгын поэзиядагыдай эч кайсы искусство жеткире туюндура албайт.

«Күркүрөйт тегирмендин жанында суу,
күрпүлдөп аккан биздин балалыктай.
Өмүрдүн миң кайталап кайырмасын,
Кол булгайт кол жетпеген аралыктан.

Өмүр–өзөн,аккан суудай тынбаган,
жээктери жашыл,жашыл,жапжашыл.
Сан миң адам келечекте ырдаган.
кете электе көөнөрбөгөн жапжаш ыр»[19]

Акын өмүргө аяр мамиледе. Ал анын образын өзүнө таандык майин лирика менен окурман сезимине алып кирет:

«Кызыл күн, кызыл кыздын колундагы,
кызгалдак өрттөй күйүп баратабы?
Кез ушул кырчын курак жолундагы,
күзгүдөн күн аптабы алаканды»[20]

«Кишенденген аттай өмүр бул күндө,
жалгыз оттоп жүргөн дайра жээктен.
Суу түбүнөн боюн түзөп күүгүмдө,
чайпалышат эми биздин теректер.

Өмүр деген өктөм улуу дайранын,
толкунунда толкуп кеткен кайрылбай.

Жаштык күндөр келбегендей кайра бир,
кайра артына агып өтпөйт ай, жылдар»[21]

---

[18] В.Белинский.Собр.соч.в трех томах,Т.3.,1948,387-б.
[19] А.Жакыпов.К\\г\мдъг\ кусалык.Б.,2008,42-Б.
[20] Ошол китепте:52-б

Акындын чыгармачылыгындагы өмүр темасы калган бардык темаларды жетектеп турган гегемон тема.Ал чыгармачылыктын бүтүндөй духун көтөрүп, акындын чыгармачылык арсеналындагы башкы ролду ойногон каарман сыңары мүнөзү, турпаты ачылып, образга айлана алган. Өмүр темасындагы ырларында символикалуулук, ассоциативдүүлүк–жандандыруу кубулуштары күчтүү. Мунусу менен акын дүйнөнүн купуя сырларын ачканга аракет кылат жана ошол эле учурда акындык «менин» да ачат.

«Ай чапчып аккан дайра»акындын бешинчи ыр жыйнагы. Жыйнак көлөмү жагынан да ичиндеги чыгарма–лардын идеялык көркөмдүк, тематикалык–формалык жагынан да жогору турат. Жыйнактагы ырлар акындын ыр өнөрканасынын өркүндөп, тажрыйба жактан такшалып, кадыресе чоң акын болуп калгандыгын далилдейт. Ошону менен кошо акындын маңдай тер төгүп иштегени, көшөрө издеген өжөр пейили көрүнбөй койбойт. Жыйнактагы ыр формалары түрлөнгөн, эки саптан турган бейт, жетиден ашык саптардан турган газал, эркин ыр, он үч, он төрт муундан турган куплет ырлар, котормолор, «кош тиликтер» аталган ыр түрмөк сыяктуу формалардын орун алышы чыгармачылык чеберчиликтин байыганынан кабар берет.

«Эгерим эсептешпей,
өмүрүң өтөт көчтөй»

***

«Жүрөгүң муз түнөгөн,
жашооң мүңкүрөгөн.»

***

«Жеген өңдүү мен коонду бир тилик,
жеп түгөтөт тагдыр мени бир күнү»

***

«Ойго салат коңгуроодой дабышы,
он алты жаш алыс калган, алыскы»[22] ж.б

(Кош тиликтер)

Адатта куплеттиктер же төрт саптыктар деп аталып, ар бир куплетте ар башка ой берилген ыр түркүмү кезигет.

---

[21] А.Жакыпов.К\\г\мдъг\ кусалык.Б.,2008,43-Б.

[22] А.Жакыпов. Ай чапчып аккан дайра.Б.,2013,52-б

Мындайларды көбүнчө чоң акындардын чыгармачы–лыгынан жолуктурабыз. «Ай чапчып аккан дайрада» бул форма «Төрт кайрыктар» деп берилиптир.

«Чаар ала сезимдер күнгө күйгөн,
Чюрленистин ажайып дүйнөсүндөй.
Азоо ойлор булкунат жанар тоодой,
Ахматова Аннанын күмбөзүндө.

***

Байыркы алыстагы жолдор менен,
буулугуп, унутулган, боппоз ак чаң.
Тунарык койну толо ойлор менен,
таскактап чаап өтөт жалгыз атчан.

***

Буулуккан сезим ойдун бурганагы,
булуттай көктүн бетин каптап барат.
Бурулуп келгилечи, турналарым,
бир сезим жан дүйнөмө батпай барат»[23]

(төрт кайрыктар)

***

бейт: «Күйүткө түшүп куурадым мынча,
көзүмдүн жашын тыйбадым кылча.

Мусапыр болуп муңкандым ыйлап,
муңайтып жанды балыктай туйлап.

Сен үчүн жанып, сен үчүн күйгөн,
бар бекен жандар мага окшоп сүйгөн.»[24] ж.б.

(Акын–булбул)

Газал: «Шибер кечип, гүл терип бийлейт көңүл,
шимирет күн шооласын тармал беде.
Шарактатып чолпусун, чачын өрүп,
шайыр элес жүрөктө калган эле,
Шыкаалап ай булуттан турса көрүп
шынарлашып турган кез жалган беле?!»[25] ж.б.

---

[23] Ошол китепте:54-б
[24] А.Жакыпов.Ай чапчып аккан дайра.Б.2013.99-б.
[25] А.Жакыпов.Ай чапчып аккан дайра.Б.2013.99-б.

Бул формалар мазмунуна шайкеш келип, жыйнак-тагы ырлардын жалпы фонуна ылайык көрк берип тургандыгын айта кетишибиз керек. Ошону менен кошо акындын жыйнактан жыйнакка карай котормолорунун орун алышы анын билимдүүлүгүн, интеллектуалдык маданий деңгээлинин жогору экендигин айгинелейт. Жыйнактар-дагы Гөте, У.Шекспр, С.Есенин, И.Бунин, А.Ахматова, Н.Заболоцкий, А.Вознесенский, М.Цветаева, Б.Пастернак, Я.Ярош ж.б. кыргызча сүйлөп турушу акындын чыгарма-ларына дух берип, салмагына салмак кошот.

Ыр–акыл–эстеги стихия. Ыр–бул ышкы–ынтызарлык, жашоого болгон махабат. Адам акылы али таанибаган, сезимге али аян болбогон белгисиз нерселердин чеги жок. Ал эми канчалык туйган, сезген сайын аалам таануу кеңейе берет. Адатта адам дайым тааныбаганын таанууга, туйбаганын туюуга умтулат, акыйкатка жеткиси келет. Ырдын ыры, көңүлдүн тереңдеги ышкысы–лирика, ал жан дүйнөдөгү эң назик жана күчтүү нур, ал туюмдардын обон–ыргагы, көңүлдүн көксөөсү, жүрөктүн эңсөөсү. Атакулдун ырларынын духу ушундай, идеялык–тематикалык мазму-нун ушундай деп баалаган оң.

«Поэзия–ар кандай таланттын ички оту,–деп айтыптыр Ф.М.Достоевский, – ошол от жалындап күйгөндө гана айланасына жарык берет»[26]. «Отту сүйөм» ыр жыйнагынын автору, кыргыздын белгилүү акыны Жолон

[26] Р.Исмаилова.Жолон Мамытовдун лирикасы.Ош.1998,30-б.

Мамытов:

«Алоолонуп күйгөн от көрсөм,
алоолонуп кетет жүрөгүм.
Канча оттуу өмүр өткөрсөм,
ошончолук отту сүйөмүн»[27]– деп чыгарманы от болуп жанып жаратуу керектигин айтканы маалым. Акын Атакулдун ырларынын көпчүлүгү оттуу лирика, ал өзүнүн духу менен, күчтүү багыты менен жаңы туюмдардын жарчысы катары жашай берет. Белгилүү сынчы Кадыркул Даутов жана Э.Нурушев, А.Урбаев, Ж.Абдыкалыков, С.Жусуев, Э.Эрматов сыяктуу төбөсү көрүнгөн акындар аза–булак болсо да акындын чыгарма-чылыгына карата жүйөлүү пикирлерди айтышкан экен. Булардын пикириндеги жүйө сөз–акындын поэтикалык–тематикалык горизонтунун кеңейе албагандыгы. Албетте, адабиятка заманбаптык керек, поэзия–доор жаңырыгы демекчи, бүгүнкү күндүн ритминдеги айыл жана шаар, мындагы турмуштун эстетикасы менен этикасы, элибиздин эртеңки, ата–эне, перзент мээрими, бийик адамгерчилик, үмүт–арзуулар, акыйкаттык, ак эмгек, сабыр жана шүгүр сыяктуу обьективдүү жагдайлар, чоң акындын репер-туарында идеялык–тематикалык жактан компоненттеши керек.

---

[27] Р.Исмаилова.Жолон Мамытовдун лирикасы.Ош.1998,30-б.

# АЛТЫН БЕШИКТИН АЛБАН АКЫНЫ

Ырдын күчү-кудурети–анын акыйкатты айтканында, али туюмга аян боло элек жаңылыкты жар салгандыгында. Курчап турган дүйнөнүн кооздугун, тирүүлүк өмүрдүн кереметтерин сезимге дагын да тереңдеп алып кирүү, муну менен адамдын жарыкчылык дүйнөгө болгон ашыктыгын, жашоого ынтызарлыгын күчөтүү, сезимдеги аеону, сүйүүнү, ыйман–ыйбааны өстүрүү, жашоодогу сабыр анан шүгүр делинген топуктуу дүйнөнү жаратуу–ырдын негизги касыети. Ырдын ыйык жолу мына ушунда. Ырдагы акыйкат, андагы туйгулар, акыл–эстеги стихия көпчүлүктүн көңүлүнө жетпесе андагы асылдык көмүскө калып, качан бир кезеги келгенге чейин ачылбай калган кенч сыяктуу кала берери анык. Өз убагында өз ордун таппаган зарылдык өсүп–өнүгүүнү кийинкиге тартат. Акын–даанышман. Анда дүйнөнү чарк айланган рух бар.Эгер адам акын сөзүн укпаса, акылмандан акыл чыкпай, даанышмандан сабыр кетет, адам түркөй жанга айланат, өкүмдарлар кыйкымчыл болуп, балдар наадан өсөт, ал тургай дарак да морт болуп мөмөсү азаят, дүйнөнүн ажары өчөт, турмуштун куну кетет.Ошондуктан, акынга эшик ачуу керек, анын адамга арнаган асыл сөзүн, максатын угуу керек. Аны сезип, туюу керек. Антпесе адам адамдыктан кетет. Чыныгы акындык бейнеге карата баа сөз–ушулар.

Ыр жолун улап, асылдык жараткан акындардын ачылыштары элге жетиши керек. Бул жолдо жаңы табылгаларды таап,аны калайык–калкка тартуулап келаткан Алтын бешик журтунун албан акындарынын бири Абдилаат Дооров. Ал «жел менен суунун ырын тыңшап, чөптүн ташка айткан сырын уккан, өсүмдүгүн өспүрүмдөй алпештеп, аянбай билек түрүп жайдар мүнөз дыйканга окшоп–түн уйкусун он бөлүп ыр узанып, ыр токуган»[28] акын. «...Поэзия–акын духунун кереметтүү абалын, анын бийик интеллектуалдык жана эмоционалдык чыңалуусунун жемиши. Анда жаңы каражаттар, жаңы ой, жаңы үн, жаңы форма, жаңы интонация болот жана бир мүнөт тынч алып, канааттанууну

[28] А.Дооров.Миё тамыр.Б.,1998,3-б.

билбеген адам акылынын өжөр деми, замандын жүрөк кагышы камтылат.»[29] Акын А.Дооровдун поэзиясы дал ошол критерияларга көп жагынан жооп берет. Акын турмуштук кубулуштардын, окуялардын, кон-фликтердин мазмунун,адамдардын ички ой–дүйнөсүндө жүрүп жаткан процесстердин, санаркоолордун жаңы жактарын издеп, иргеп, кадыресе адам аңдабаган кырларын ачып, аларды талдап терең ойлуу поэзия жаратат, окурмандарын улам ошол туюмдарга, жаңы дүйнөгө жетелейт.

«Алаканым такырдыгы кыйнады,
айрымдардын бакылдыгы кыйнады.
Дүңү менен жаратылган чындыктуу,
дүйнө жасап алгым келет бир жаңы»[30] – деген ыр саптарын акындын биринчи жолу жарык көргөн «Миң тамыр» жыйнагынын биринчи бетинен жолуктурабыз. Жыйнакка эпиграф катары келген бул төрт сап ыр акындын адамдык, акындык тагдырынан, бүт максат мүдөөлөрүнөн кабар берип тургансыйт. Акынды журт–чулукка акын катары тааныткан ушул «Миң тамыр» ырлар жыйнагы болду. Аты айтып тургандай «Миң тамырдагы» ырлар акындын тамыр–тамырларынан жүрөк–жүлүндү аралап, сызылып чыккан ырлар. Алар ийине жеткире, жеткилең иштелген. Ар бир сөзүнө ой уютуп,ар бир лирикалык боёгуна маани берип, образ менен сүрөт тартканда аны «кол менен кармагандай жандуу, элестүү кылып, ага өзүнүн дүйнө туюмун, турмушка болгон азада, тунук мамилесин туйдура тарткан»[31] акын бул жыйнагы менен мурдатан машыгып, даярданып келген мыкты дараметин көрсөтө алган. «Миң тамырдын» тематикалык диапозону кеңири. Акын алынын жетишинче чабыттай алган. Андан акындын көөдөн жарып чыккан күчтүү деми, стихиялык пафосу, өзүнчө жүрөк жаңырыгы угулат. Орустун улуу сынчысы В.Г.Белинскийдин: «...Поэзия–ал бардыгын кучагыма сыйдырсам жана бириктирсем деп дайыма эңсөө; ал жүрөгүбүздү бүткүл аалам менен бирге соктурар

[29] К.Даутов.Уникалдуу феномен//Ала-Тоо-Ф.,1989.№9,151-154-б.р.
[30] А.Дооров.Миё тамыр.Б.,1998,3-б
[31] Ошол китепте:4-б.

кудуреттүү пафос»[32]–деп айтканындай, жыйнак–тагы ырлардын умтулуулары, табияты ышкылуу, арзуулуу.

«Акындын ар бир жазган ырында, эгерде ал чындап эле дээринде акын болсо ар бир сөз, ар бир сабында өзүнүн кулк–мүнөзү, ошондой эле туулуп–өскөн жеринин турпат–көрүнүшү даана чагылып, даана көрүнүп турушу абзел,»[33] акын туулуп–өскөн жеринин кайталангыс кооздугун, бөтөнчө өзгөчөлүгүн:

«Лейлек жергем–куш ысымдуу, куш сымбат,
кучагына уялаган жан сырым.
Чачы агарып кала берди бөкчөйүп,
канатынын желпүүрүндө сан кылым»
(Лейлек жергем)

же: «Ырыс–дөөлөт, ыр ышкына ширелткен,
ушул күндүн кымбаттыгын туюндум.
Баарыбызды кучагына сыйдырган,
бал аарынын уюгундай Кулундум»
(Тууган жерге)

–деп өзүнчө ыкмада, күтүлбөгөндө жарк эте түшкөн көркөм каражаттар менен жүрөк жылытып, жылдыздуу маанайда сүрөттөп берет.

Ата журтунун кут очогу болгон айтылуу Лейлек жергесинин ажайып ажары, ай чапчып аккан Козу–Баглан, өрүкзар айылдар, асман тиреген тоолор, мелтиреген буудайзар даркан талаалар, андагы эли–журт, тирүүлүк–көрүнүштөрү–бөтөнчө көркөмдүк менен көзгө тартылат:

«Сен көөдөндү ээлеп алган жүрөксүң,
дүкүлдө, сок, созолонт үн, дабышта.
Куш учурган асманыңдын шуудурун,
кулак төшөп угуп турсун абышка.

Күмүш нурлар күлө багыт мейкинден–
чар тарапка Күндөн аккан алп дайра.
Сагынычка толо мээр, сүйүүм–
сага карай менден аккан ак дайра»

---

[32]В.Г.Белинский Собр.соч.в трех.томах.Т.3.-М.1948.387-б.
[33] А.Дооров.Миё тамыр.Б.,1998,4-б

(Туулган жер)

***

«Фергананын өрөөнүнүн койнунда,
гүл шай көйнөк өңдөнөсүң түрлөнүп.
Аптап сиңген кыска түндө уктабай,
арык бойлоп атам жүрөт күймөнүп.

Ырыс, дөөлөт, ыр ышкыга ширелген,
ушул күндүн кымбаттыгын туюндум.
Баарыбызды кучагына сыйдырган,
бал аарынын уясындай Кулундум!»

(Кулундум)

«...Ар бир адамдын киндик кан тамган Ата журту бар. Ошо жер ага өтө ыйык, ааламдын борбору болуп сезилиши керек. Эгерде акындын туулган жеринен тамыры үзүлүп калса, анда ал толук кандуу эмес, анткени акынды акын кылып турган эң улуу күчтөрдүн бири–тууган жер, анын топурагы. Эгерде Пум деген айыл болбосо, менин ырларымдын тамыры жок болуп калмак»[34] – деп белгилүү акын Эгемберди Эрматов айткандай, акындын чыгарма-чылык тамыры ошол жерден көктөп, өнүп–өсүп чыккан, акын аны айтпай да коё албайт. Ошону менен бирге тууган жер күчү–кубаты, азыгы анын бүткүл чыгармачылыгын коштоп жүрүп отурат. Акындын киндик кан тамган кут очогу–Лейлек. Акын ага төмөнкүдөй сезимдерин арнайт:

«Лейлек жергем–куш ысымдуу, куш сымбат,
кучагына уялаган жан сырым.
Чачы агарып кала берди бөкчөйүп,
канатынын желпүүрүндө сан кылым.

Лейлек жергем–Жаңгактынын жошосу,
жаш ингендин жайдаңдаган ботосу.
Үлпүлдөгөн чачыларын жаңы ачкан,
жүгөрүнүн сүткө толо сотосу.

Лейлек жергем–Жашыл–Көлдүн ирими,
жайрап оттоп, жүрөт сүзүп күлүгү.

---

[34] К.Пакыров.Акын Э.Эрматовдун поэзиясы.Ош.2007,15-б.

Жомокто эмес, турмуштагы жолунан,
жолуктурар кыздын жоодур үрүнү.

Лейлек жергем–Козу–Баглан ак дайра,
Козуке, Баян баткан ышкы сайранга.
Көз мончоктой жердин жубар соорусу,
көргөндөр да, көрбөгөндөр арманда»

(Лейлек жергем)

«Миң тамыр» ыр жыйнагына баш сөз жазган белгилүү акын Анатай Өмүрканов: «...Ал баарыдан мурда балкабынан чыккан добушка магдырап, андан тоодой топук алып, эртеден кечке эрикпей күнүнкү ишин күнүн бүтүрүп күлүңдөп турган зергерге, жел менен суунун ырын тыңшап, чөптүн ташка айткан сырын уккан, өсүмдүгүн өспүрүмдөй алпештеп, аянбай билек түрүп жайдар мүнөз дыйканга окшоп ыр токуган акын,»[35]–деп акындын чыгармачылык өнөрканасына карата өзүнүн устаттык адилет оюн айтыптыр. Жыйнактагы ырларга үңүлүп отуруп бул ойго кошулбай коё албайсың.

«...Бүтүн аалам, бардык гүл, боөк менен үндөр, табият менен турмуштун бардык көрүнүштөрү–поэзия дүйнөсү, ошол кубулуштардагы купуя күч, алардын тири-чилик, жашоо өмүрүнүн берээр сыры–поэзиянын каражаты жана жаны»[36]–деп улуу сынчы В.Г.Белинский айткандай, акын чыгармачылык фонунда табият–мезгил–маал, өмүр, тиричилик, өсүмдүктөр, айбанаттар, адамдык сапаттар, сүйүү, эмгек, достук, ынтымактуулук, адептүүлүк, ыйман-дуулук, мээр–акыбет сыяктуу көрүнүштөрдү күүгө салат, жана да булардын ички кубулуштарын өзүнө мүнөздүү болгон талант–жөндөмү менен ачып берүүгө далалат жасайт. Акындын форма жаратуу шыгы өзгөчө–идеялык–тематикалык көркөмдүк берүүдө күтүлбөгөн жактан келип окурман оюна жылт эткен жаңылык–жарыктык тартуулайт. Бул ошол көрүнүштөрдүн кубулуштарындагы купуя күчтү акындык–поэтикалык эргүү менен айкалыштыруудан келип чыккан ийгилик деп айтса туура келет. Бул бөтөнчө метафора.

---

[35] А.Дооров.Миё тамыр.Б.,1998,3-б.
[36] Белинский В.Г.Собр.соч.в трех томах.Т.3.-М.1948,387-б.

Мисалга, «Борошодо карды малтап,
кубалашып ойнодук,
кызыл шыйрак болуп алып!

Фуфайкасын күйдүрдү да,
меш жанында уктап калып
сокку жеди мурунга!
Күзгү айдоонун күч кезинде
бир күн кечки бешимде
Дейдиленип кеткен үчүн,
тепки жеди көчүккө.

Бара–бара талант өзүн,
урматтоону үйрөнүп
Тарам–тарам бороз салды–
талаа чачын майда өрүп.

Керек кезде өтөөрү анык,
кечүү кечип дайрадан.
Жүрөт турмуш очогунда
оргу–баргы кайнаган»

(Талант жөнүндө )

Ырда образдык ойлоонун вертикаль жана горизонтал багыттары боюнча бирдиктүү бир көркөм идеялык жагдай иштелип чыккан. Маселен, оюнкарак бала, бой жеткен жигит, талант–булар турмуш көрүнүштөрү. Акын алардын абалын сүрөттөп жатат. Мында катмардуу ой, параллель коюлган ассоциативдүү образ бар, б.а. «мурунга сокку, көчүккө тепки жеген»–бул адамдагы талант касыетинин телчигиши, өнүгүп–өсүш стадиялары. Ошол эле учурда баягы бала, жигит, талант акындын өзү. Өзүнүн өмүр жолу. «...акындыкты көксөгөн адам башкалардан айырмаланган үнгө, сезимдердин өзгөчө гаммасына, боөктордун бай палитрасына ээ болушу милдет эмеспи»[37] –деп айткан А.Эркебаевдин сөзү акындарга карата айтылган ак сөз. Акын А.Дооровдун чыгармаларында сынчынын эреже катары

[37] А.Эркебаев.Азыркы учур жана кыргыз поэзиясы.Ф.,1980,131-б.

айткан талаптуу критерияларына жооп болуп түшкөн касыеттер арбын.

Мисалга, «Эри кетип, кан казаттан кайтпаган,
энелердей теше тиктейм алысты.
Сезимдерин эңсөө эзе баштаган,
сел килердей теше тиктейм алысты.

Терезеден термилчүмүн кызыгып,
тек туралбай чак түштөбү, кечинде.
Чоң көчөнүн үстүн сызып кештелеп,
«чоң сүрөтчү» атанганым эсимде.
Теп–тегерек же кетилген май токоч,
түспөлдөнүп көрүнүүчү ай мага.
таппай калган ак чөлмөктөй жок издеп,
танданчумун табыяттык саймага.

Эми мага адат болуп баратат,
эмнегедир теше тиктөө алысты.
Алп асмандын көөдөнүнөн Ай жылып,
жылдар учту, жылдыз учту, куш учту.

Туйгуларым чиеленген жибек жип,
тулкумдагы тарам–тарам тамырдай.
Жүрөктөгү ыр–станок таптакыр,
жүрбөй кыйнайт бир тетиги табылбай

Табам го..., деп ак чөлмөктөй аны да,
таңда түтүп, түндө түтүп күймөлөм.
Мына ушул кичинекей терезе,
микроскоп сыяктанып дүйнөгө

(«Эмнегедир теше тиктейм алысты»)

Ырда башкаларга окшобогон өзүнчө үн, сезимдердин ичкерттен шынаарлашып көңүл жарыткан көрөңгөлөрү көрүнөт. «Алыс» деген сөздүн өзү канчалык лирикалуу..! А.Дооров– сезимтал, ой жүгүртүүсү күчтүү, образга бай, тилдик казынадан чебердик менен пайдаланган акын. Акындын поэзиясындагы образдуулук, ички эмоционал–дуулук–ыр саптарындагы салыштыруулар сезимге терең таасир калтырат, жаңы ойго, жаңы

элестерге жетелейт. Жогоруда мисалга тартылган ырдын биринчи куплетинде «эри кетип, кан казаттан кайтпаган энелердей», «сезим–дерин эңсөө эзе баштаган селкилердей» алысты теше тиктеген автордун өзү, анын ыр дүйнөгө чабытташы. Өмүрлүк жары казаттан кайтпай, жаш балдары менен жесир калган эненин абалын, бой жетип сезимдерин эңсөө эзген селкинин абалын жүрөк сыдыргасынан өткөрүп, ага ичкерттен акындык дүйнөнү көксөгөн абалын салыштыра көркөмдүк жаратылышы, табылгалуу, таасирдүү. Ырдагы «Теп–тегерек же кетилген май токоч ай», «туйгулар чие-ленген жибек жип, тулкудагы тарам–тарам тамырдай», «жүрөктөгү ыр–станок», «микроскоп терезе» деген салыш-тыруулар идеялык–тематикалык мазмунду берүүдө жара-шыктуу боёк болуп берет. Акындын ырларына шаңдуулук, шайдоот–шайыр табият мүнөздүү. Буга жыйынтыктардын чечкиндүүлүгү, ишенимдүүлүгү шайкеш келип турат.

«Жүрөгү ооруп тоо жүдөйт,
оргуп–оргуп акпаса
Карегиндей наристенин,
кандай мөлтүр,таптаза!

Сыбызгый үнү чопо чоор–
сыяктуу жаз, кыш, коңур күз.
Чубалжыйт ылдый агышы,
чачындай кыздын өрүүсүз

Аңдаганга жакшыраак:
аягы жеңил жаш улак.
Жер которуп баратат,
жез коңгуроо «шыңгырап».

...Кетти имерип койнуна,
күркүрөк дайра атасы
Кучагын жайып күтүүдө–
алыскы Океан апасы»

(Булак)

Ырдагы салыштыруулар, жандуу метафора – жаңы, көркөм табылгалар. «Ырда чагылып жаткан предмет бардык кырында,

байланышында көрүнүп отурбайт, анын даана жактары гана алынып, ал аркылуу калган жагы көмүскө түрдө туюлуп турат. Сөз аз, маани көп. Бир кичинекей штрих же деталь көп нерсени айтып ташташы мүмкүн. Ырдын композициялык курулушу канчалык көп ширелишип турса, чачкын сөздүүлүк ошончо азайып, поэтикалык речтин элестүүлүгү арбыйт»[38]–деген А.Медетбековдун аныктамасына таянганда, бул «Булак» деген ыр идеялык–көркөмдүк жагынан да, эстетикалык көркөмдүк жагынан да мыкты ырлардын бири. Акындын чыгармачылык репертуарындагы дээрлик бардык ырларынан өзүнүн үнү угулуп, акындык жүзү көрүнүп турат, жалган сезимден жаралганы жок деп айтсак жаңылышпайбыз. Ал сезим дүйнөсүн ыр куруунун түрдүү формасында ыргакка сала алат. Муун өлчөмү сакталбаган бей уйкаш ак ыр, жети–сегиз муундуу эркин ыр, традициялык ырлар түркүмүндө эркин чабыттаганы, ошол эле учурда дүйнөлүк поэзиянын акыл–аздегин, форма-ларын улуттук поэзияга кыйыштыруу, аргындаштыруу аркылуу өзүнчөлүк жаратканы да байкалбай койбойт. Ырларда заманбап форма–мазмун: «ар бир адам жана адамзат коому сөзсүз туш келип урунуп, тагдырлары оңго же солго чечилип турчу түбөлүк чектер жөнүндө бүгүнкү күндүн муктаждык жана гуманисттик позициясынан туруп ой жүгүртүү; ...жалпыга бирдей тие-шелүү жарык менен караңгынын, өмүр менен өлүмдүн, түбөлүктүүлүк менен утурумдуулуктун, жашоо кумары менен жан азабынын татаал, күрөшчүл контрасттарын салыштырып чечмелеген жандуу философиянын»[39] маңызы жашайт.

Акындын чыгармачылык репертуарында эки эле ыр жыйнагы бар. Жогоруда сөз кылып келаткандай экөөндө тен акындын турмуштук тажрыйбасынын жетиштүүлүгү, поэтикалык көз караштарынын ыраатуулугунун калыптан-гандыгы, поэзияга болгон мамилелеринин аныкталгандыгы көрүнөт. Экөөндө тең тематикалык горизонт кең. Турмуш-тун көп кырдуу жактарын, курчап турган дүйнө сырларын чечмелөөгө алган багыттар ага жараша аракеттер бар. Акындын башкы темалары–жаратылыш–табият, адам өмүрү, тирүүлүк–тиричилик, сүйүү–махабат.

[38]А.Медетбеков.Асылдык проблемалары.Ф:,Кыргызстан,1978,91-б.
[39] К.Даутов.Уникалдуу феномен//Ала-Тоо//Ф.,1989,№9;151-154-б.б.

Өмүр, тирүүлүк–жаратылыш–табият менен символи-калык таризде параллель коюлуп, алар сүйүү–махабат концепциясы менен чечмеленет. Албетте, жогору жакта айтып келе жатканыбыздай бардык темалар акындын сезгирлиги, сөз тапкычтыгы, чеберчилиги менен образдуу ачылып барат.

Жыйнактагы бардык ырлар кемчилдиги жок, телегейи тегиз эмес, бардыгында эле кезигүүчү оңунан чыкпай калган алешем саптар бул жыйнактардан да орун алган.

Мисалга: «Жер астыга түштүм да шахтерлордун,
турмушуна кабылдым каармандык!
Кайратына алардын курсант болдум,
казыларын түшүндүм көмүр кантип.

Көк тиреген туш келип имаратка,
көөр төгүлгөн уста кол учураттым.
Далысына жабышып суу көйнөгү,
тер куюлуп жүзүнөн ылдый акты...»

(Эркин элим)

Бул ырда даяр рецепт боюнча курулган декларация-лык курулуш көрүнөт, жандуу ой, жандуу сезим эмес, жөн эле сүйлөмдөрдүн тизмегиндей туюлат. Ушундай эле көрүнүш төмөнкү ырларда да кайталанат:

«Турмуш тамга күргүштөнгөн акак дайра,
саймаланып гүлдөгөн макмал талаа.
Адамдар жазууда аны билек менен,
акыл–эс, эрк, ыйманы, жүрөк менен.

Турмуш тамга–күн сыңары батып калбайт,
ай сыңары бөксөрүп же кетилбейт.
Саратанда салкындык демин үйлөйт,
кыш чилденин багында бүрдөп, гүлдөйт.

Турмуш тамга–өсүп чыккан ак үйлөр,
учу–кыйырсыз Ата–Журттун өндүрүнөн.
Ар бири абдан көркөм, татынакай,
таңында чарт жарылат ак пахтадай»[40]

[40] Ошол китепте:15-б.

(Турмуш тамга)

Күн батып, күүгүм чалса алаканы,
седептеп жылдыз көктү саймалады.
Сергитип кыштак ичин тоонун жели,
Көңүлдүн бөксө жерин жаймалады.

Аздан соң жедеп көргөн адатындай,
жаркырап жарыктыкка толду жайнай.
Сөөлөттүү анын салкын көчөсүндө,
жаш жигит келе жатты кызды жандай»[41]

(Кыштак чеги)

Мисалга алынган ырлардын биринчисинде («Эркин элим») поэтикалык–синтаксистик курулуш орунсуз бузул–ган. Мындагы «...Турмушуна кабылдым каармандык», «Казыларын тушундум көмүр кантип», «көөр төгүлгөн уста кол учураттым» деген саптардагы сөздөрдүн зордоп орун алмаштыруусунан ырдагы маани тайыздап, көркөмдүк өчкөн. Экинчи ырдагы («Турмуш тамга») куплеттик жана куплеттер аралык үндөшүп туруучу сингармониялык маани алыстаган. О.э. «...Саратанда салкындык демин үйлөйт», «Ар бири абдан көркөм, татынакай» деген саптарда эч кандай көркөмдүк көрүнбөйт, жандуулук, элестүүлүк жок. Ушул эле ырдын биринчи куплетиндеги «саймалады, жаймалады» деген уйкаштыктар да кунарсыз, кала берсе «жаймалады» деген сөздүн өзү түшүнүксүз. Албетте, мындай мааниси супсак, курулушу алешем ырлар акын-дын ыр жыйнактарында сейрек кездешет, ошентсе да, ар бир сөзүнө маани берип, ырларына тыкан мамиле кылган автордун чыгармачылык байлыгына карата «кой аксагы менен миң» дей албайбыз.

Акын чыгармачылык арсеналында сүрөттөө обьекти-син ар тараптуу ачып, ойду кеңири берүү менен өзүнө мүнөздүү поэтикалык циклдерди жарата алган. Жалпы поэзиясындагы темалардын фонунан алып караганда ар бири өзүнчө тематикалык багыттардагы «сегиз саптар», «үчилтик саптар», «дил чырак саптар», «арноолор», «миң тамыр» ыр цикли, «гүл–гүл(миң гүл) ырлар цикли жана котормолор деген бөлүмдөр орун алган. Анын

---

[41] А.Дооров.Миё тамыр.Б.,1998,20-б.

«сегиз саптар»түрмөгүндө айыл, элет ажары, андагы турмуш, адамдар пейили ар тараптуу сүрөттөлүп келип бирдиктүү бир образды берет. Ал эми «үч илтик ырлар» деп аталган түрмөктөр улуттук поэтикалык форманы Япон поэзия-сынын Хайку, хокку формасындагы үч саптуу, беш саптуу ыр формасы менен жуурулуштуруууга болгон аракеттерди көрсөтөт. Мында акын «Миң гүл»ыр жыйнагын жазуудан алдын өзүн сынап көргөн сыяктуу. Кантсе да бул циклдеги ыр түрмөктөрү улуттук поэзия формасына жуурулуша алган.

Мисалга: «Алкынган жаш, азоо коделек,
али жашсың, сөөгүң чемирчек.
азуудан тиш, мурдуңдан курт түшөлек.
***
Жубарымбек ушак, куйтулук,
жүзүң кара экенин билип туруп,
жүрөбүз сага кол сунуп.
***
Аң салып бир караңар,
ак баракта сыя тамгалар–
айдында ала каргалар.»[42] ж.б.

Айрыкча «дил чырак саптар» ыр түркүмүнүн түзү-лүшү өзгөчө стилде, аны поэзиядагы экспромт же натюморт, бир ирмемде дилди жарытып кетүүчү жылт эткен жарыктык берген саптар деп айтса туура болчудай. Аларга чыгармачыл сезимдин, акыл–эс, туюмдун ичкерт-тен жанган динамикасы мүнөздүү, логикалуу метафора-лардын жандуу, образдуу көрүнүшү. (Эгер темасы жандырмагы коюлуп айтылбаса, аларды жаңыдан жаралган заманбап табышмактар системасы деп айтса болор эле.) Мисалдардан байкап көрөлү:

«1.Бала
Көмөкөйдө мөөрү бар,
көз мончок же бой тумар.
2.Жаштык
Тар капчыгай койнунда аккан,
кечүү бербес күү дайра.

---

[42] А.Дооров г\л-г\л(миё г\л)Б.,2010,164,170-б-р.

3.Түш
Аралатып ажайып дүйнө–төрдү,
сыр ачкычы деп колго–түймө берди.
4.Үй
Үйүп келем толтуралбай ичинди,
какмай болдуң отуз эки тишимди.»[43] ж.б.
(Дил чырак саптар)

Акындын «Арноо ырларынын» да башкаларга окшо-богон өзүнчөлүгү бар. Алар куттуктоо, мактоо иретинде эмес, акындын жүрөгүнө жакын, сагынычтуусу, аздектеп жүргөн адамдарына болгон арноосу. Ошондуктан арноо саптары лирикалуу, образдуу чыгат.

Мисалдар келтирели:

«Узун–кыска сабындай акындардын,
сен узарып келесиң, мен кыскарып.
Биз басабыз биргелеш чак түштөбү,
же кылтылдап батарда күн кызарып

Жазда барсак айлыңа эки–үч киши,
жан шактарын теректин жатты кыйып.
Сүлкүлдөгөн боюндай чыбыктарды.
сүйрөп–ойноп жаш балдар ат кылышып.

Алтын өмүр кыйылып чырпыксыңар,
андан бери кыйла жыл бөктөрүлдү.
Маалынан кечигип биз өткөргөн,
максат зуулдап, ата көрү!»

...Опол тоодой жоготуунун ээсимин,
ой жемирсе көкүрөктү түн узун.
Күмүш шыңгыр үнү менен жылаажын,
ким Ырыспай боло алат мен үчүн?[44]
(Ырыспайга)

«Козу–Баглан бүгүн не ыйлап агат

[43] А.Дооров. Миё тамыр.Б.,1998,59-б.
[44] А.Дооров.Миё тамыр.Б.,1998,50-б.

чопколонуп түтөгөн, киргилденген.
Көкүрөгүн ташка уруп туталанат,
көңүл эзген кайгысын ким билди экен?...

Өйүп күйүт, үшкүрүк өзөгүндө,
өрүкзарлар сумсаят жалбырактуу.
Кум ойноптур нур булак көздөрүн
дайра байкуш ичинен онтойт дарттуу.

...Барып–барып, шор жаш кургай топтойт ый,
унутулат зор жоготуу кайгысы.
Көр үстүнөн тешип–оюп, кар, жамгыр
көкүрөгүнө жаай берет жаз–кышы»[45]

(Акын Курбанаалы Сабыровго)

Акындын «Миң тамыр» ыр цикли поэтикалык ойду өзгөчө жол менен туюндурган чыгарма. Ал бири–биринен айырмаланып турган ыр курулуштарынын түрдүү форма–ларынан туруп, контрастуу, ар кайсы мейкиндиктерди, мезгилдерди камтып бири–бирине ширелишкен бүтүндөй бир поэтикалык концепцияны берүү үчүн ажырагыс идея-лык–эстетикалык бүтүндүктү түзөт. Чыгарма эки саптан турган ыр формасынан тарта, төрт саптан турган куплет-тик, көп саптуу газал формасындагы ырлардан түзүлүп, түрдүү муун өлчөмдөрдө, уйкаштыктын салттуу, эркин ыр, ак ыр жана алардын бири–бирине үндөшүп келүүлөрүнөн турат. Мындай формалар бир кылкалуулуктун жана бир ыргактуулуктун чегинен чыгып жаңы сингармонияны, көп түрдүүлүктү жаратат. Ыр түрмөктүн ар бир бөлүмүндө лирикалык каармандык курчап турган дүйнөгө болгон ички мамилеси, көз караштары түркүн түстө ачылып, түрмөктөгү ойлор, образдар улам өрчүп, тереңдеп отурат. Чыгарма-дагы автордук башкы идея–аалам таануу, адам таануу, турмушту таануу, адам жана анын өмүрү курчап турган дүйнө менен киндиктеш, тамырлаш экендигин жар салуу, ал түшүнүктөрдү дагын да жаңыртуу. Ыр жыйнактын «Миң тамыр» аталышы да идеялык–тематикалык жактан бап келген. «Атына заты»дегендей,

[45] Ошол китепте:52-б.

«Миң тамыр» ыр циклинин өзөктүк, борбордук мааниси бул жүктү көтөрө алат.

«...Аралдар–жаш көчөттөр,
астейдил күн көрүшкө умтулушкан.
Аларга тутандырып турмуш отун,
Прометей жүрөгүнөн сызылып кан.
Жер–дарак–
Океандын кыртыштарын жарып өнгөн
кайрадан тамыр жайсын жашоого деп,
Мен ага:
Тун уулум,чоң атамдын сөөгүн көмгөм...

(Жер)

«...Хиросима, Нагасаки,
окшойт азиз кош көзүнө.
Узун түндө уктай албай,
сордуң ыштуу түтүндү.
Көздөрүңдөн тынбай аккан
шоролуу жаш үчүнбү?
Жабыркапсың, өңдөн азып,
Жаак эттериң шылынып
кыйын болуп баратабы
кудай урган тиричилик?
Жашың жүзгө таяр чакта
жаза баспа. Аңдагын.
XX кылым менин–
киндиктешим,айдайым»

(XX кылым)

«Жылаңач ай киринет–аруу дене,
жылдыздар жандоочусу кырк кыз сыңар.
Этегин чыгаралбай көйнөгүнүн,
айласыз асман күлүп, ичтен сыздаар»

(Дайра)

«Кыдыр куш илек–илек,
айлыма өтүү түнөп.

Шул дайра жүрөгүндө
жүргөндүр канат күүлөп»

(Эңсөө)

«Сыртына меридиандар сызыктары,
континенттен континентке жол кеткен.
Как ортосун ээлеген экватор.
Турмуш кайнап өзөгүндө эң өжөр:
тынчыбаган, түк уйкусуз, кужүрмөн»

(Жаңгак дарагы)

Циклдеги ырлар автордун поэтикалык дареметинин жогорулагандыгын, дүйнөгө көз караштарынын кеңири алкакка чыга алгандыгын далилдейт. Түрмөктөгү ырлар–дын идеялык–тематикалык мазмунунда, пафосунда: «...Ар бир адам жана адамзат коому сөзсүз туш келип урунуп, тагдырлары оңго же солго чечилип турчу түбөлүк чектер жөнүндө бүгүнкү күндүн муктаждык жана гуманисттик позициясынан туруп ой жүгүртүү;

...Жалпыга бирдей тиешелүү жарык менен караңгы-нын, өмүр менен өлүмдүн, түбөлүктүүлүк менен утурум-дуулуктун, жашоо кумары менен жан азабынын татаал, күрөшчүл контрасттарын салыштырып чечмелеген жандуу философия»[46]– жатат. Чыгармачыл адам жашы өйдөлөгөн сайын өзүнө–өзү сын көз менен карап, талантын курчутат, колунан келсе оңой жолдон, жеңил–желпи жазмакерлик-тен качат, чыгармалары сандан сапатка өтүп, жөндөм–шыгын терең табит, эстетикалык маданият, чымырканган мээнет менен айкалыштырууга аракет кылат. Акын «Гүл–гүл» («Миң гүл») ыр жыйнагын алтымыштын астаанасында жазды. Жогоруда айтылгандай, бул жыйнактан акындын талантын курчутуп, аны терең табит, чымырканган мээнет менен айкалыштырууга жетишкенин көрөбүз. «Миң гүл» ыр цикли– «Миң тамыр» ыр жыйнагындагы «Миң тамыр» ыр циклинин кеңири алкакка чыккан көрүнүшү. Акын бул чыгармасы менен улуттук поэзияны дүйнөлүк поэзиянын мыкты үлгүлөрү менен жуурулуштуруп, улуттук адабияты-быздын мазмундук–формалык жактан өнүгүп–өсүүсүнө салым кошту деп айтсак жаңылышпайбыз. Аз сөз менен көп ойду берүүнүн улуттук

[46] К.Даутов.Уникалдуу феномен//Ала-Тоо//Ф.,1989,№9,151-154-б-р.

поэзиядагы жолун изденүү менен таап, аны өз поэзиясында жеткилең практикалады. Поэзияда сөз менен иштөө, б.а. аз сөз менен терең ойлорду берүү ыкмасына Япон поэзиясынын классиктери Басө, Сайге, Еса Бусондор үлгү боло алары белгилүү. XV–XVII кылымдарда жаралган Япон поэзиясындагы Хайку, (хокку) таңка жанрлары дүйнөлүк поэзиянын өнүгүүсүндөгү чоң секириктердин бири болгон. XVII кылымда бул формага дүйнөлүк поэзиянын билимдүү акындарынын дээрлик бардыгы кайрылышкан. Хайку формасы үч саптан туруу менен бирге окурманды кеңири дүйнө–туюмга жетелөөсү менен өзгөчөлөнөт.

Мисалга: «...Өкүнөөрлүк жыпар жыт...
кайноолунун гүлдүү шагы,
бырыш баскан колдордо.
***
Ай жарыгы батып кетти,
а гүлдөрдүн көлөкөсү
барат Чыгыш тарапка.
***
Салмактуу коңгуроонун
чекесинде ак көпөлөк,
Үргүлөп уйку–соодо»

(Еса Бусон)

Бул саптардагы ырлар окуманга бир гана сүрөттү, б.а. бир гана дүйнө туюмду элестетет. Акыркы үч саптыкта буткананын (чиркөөнүн) жанында жаткан эски коңгуроо, жайдын ысык мезгили, күнгө көмүлүп жаткан көпөлөк. Мында, негизгиси, жепжеңил көпөлөк менен салмактуу коңгуроонун салыштырылуусу, мындай карама–каршы–лыктуу салыштыруу окурманды турмуштун көп кырдуу көрүнүштөрү менен ойго жетелейт. Поэзиядагы мындай формага айрым кыргыз акындары да кайрылышкан. Бирок алардын көпчүлүгү ийгиликтүү чыкпаган.

Мисалга: «...Толгоо тартып тердеп жаткан энелер,
Бул дүйнөдө табылбастыр ыйык тер,
Эч силердин териңерге теңелер
***

Кимдер гана жер эмгегин аз көрөт,
Аака–шалка терге жуунуп жыл сайын,
Ал адамга берип турса жаз тарап»

Бул саптар кыргыз элинин белгилүү акыны С.Жусуевге тиешелүү. Акын үч саптык форма менен көп маанини берүүгө аракет жасаган менен окурманды кеңири ойго жетелей албай, салттык поэзиянын формасын бузуу менен чектелген.

Акын А.Рыскуловдун төмөнкү саптары да ийгиликтүү чыкпай калган:

«...Калемим бузбай келет текиреңин,
О, бирок тездикти эңсейт көкүрөгүм.
Каякка баратабыз, поэзиям?

***

Катарлаш басуучу эле эки курбу,
Катарлаш качып турчу жүрөктөрү
Катарлаш калат эли сүрөттөрү»

Акын А.Дооров бул формага чыгармачылык изденүү, чымырканган эмгек, терең табит менен мамиле жасап, кыргыз поэзиясына жуурулуштура алды, миң түркүмдөн турган өзүнчө бир бүтүндөй поэтикалык циклди жаратты. Бул, албетте, кубанарлык көрүнүш. Чыгармадагы үч саптуу Хайку формасы кыргыз рухун, табиятын эркин, терең ойлуу ыргактайт.

Мисалга: «...Лимон гүлүн алакандан сыласам,
тикенеги урунду.
...Баканга суу көтөрүп барат зайып.

***

Талаанын бетин кар каптап, аппапак.
Таш муштум дөө карт жаңгак.

***

Дарегиңди таппай көп жылдар,
келем кападар, мустар.
Каеримдедир муз бар.

***

Кош жаздыкта, кош тагдыр,
кош сүйүү, кош пикир,
а төшөк бир

Жатамын жалгыз үйүмдө,

гүүлдөйт дайра түнүндө.
Жылдыз курт күйөт өйүздө» ж.б.

Ыр саптарында татаал, катмардуу ойлор камтылган. Ушул үч сап, үч сүйлөм–бири–бири менен органикалык байланышта, катмардуу табышмак, ал окурманды ойго жетелейт, ойлонгон сайын кеңири алкактан көрүнгөн жышааналар акылга жаңы табылга сыңары таасир берет.

Чубалжыган узун ыр, көп сөздүүлүктөн көрө кыска, терең логикалуу ойлорду камтыган Хайку формасы акыл–эстин, ойломдун өсүшүнө таасир этет, окурман зерикпейт, тескерисинче, ойго жетеленет, өзү ойлойт. Мындай үчтүк саптардын идеялуулугу, кескин жыйынтыктуулугу–биздеги учкул сөз, накыл, макал сөз маанилерине да жакын турат. Ички дүйнөнү арттырууда, туюп–аңдоонун чегинин кеңейи-шинде ыр түркүмдөрүнүн бул түрү маанилүү орун ээлейт.

XXI кылымдагы кыргыз жазма поэзиясы дүйнөлүк акыл–эс аздеги менен жуурулушууга бурулду. Муну заман-даш жана жаш акындарыбыздын чыгармаларынан даана байкап жатабыз. Бул,албетте,замандын, учурдун талабы да болуп калды. Акын А.Дооров өзүнүн ой ааламын традициялык формалар менен да элге жеткире алат болчу. Анын кымбат учурларын ыр куруунун бул түркүмүнө коротуп, көшөрө эмгектенгендигинин негизги себеби–улуттук аң–сезимди, маданиятты өнүктүрүүгө салым кошуу деп түшүнөбүз.

Акын Абдилаат Дооров–сергек сезимдүү, ою албан, орошон акын. Көп окуп, көптү көрүп, каныккан, билимдүү акын. Ал ыр курууда үлгү болуп, жаңылыктарды жаратып, поэзия мейкиндигинде эркин кулач таштап бара берерине ишенсек боло берет.

# ӨРҮШТҮҮ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК

Адамзат турмушун, анын өмүр–тагдырларын көркөм образдар аркылуу чагылткан адабият илиминин табияты көп кырдуу, функциялары да ар түрдүү. Анын дүйнө таанытуучулук, адеп–ахлах, тарбия берүүчүлүк, аң–сезим, акыл–эс өстүрүүчүлүк сыяктуу синтездүү табияты жарык дүйнөдөгү эң негизги нерсе болгон жашоонун өзүн үйрө-төт, жашоо үчүн зарыл болгон нерселерди ойлоп табууга жана аны ишке ашырууга башат болуп берет. Ошондуктан көркөм адабият жаратмандарынын өз доор тушундагы озуйпасы өтө олуттуу болуп келген. Ал эл тагдырын, келечегин ар тараптуу терең ой, көрөгөч көз менен кароо-го, ал үчүн тынымсыз изденип, таланты, чеберчилиги менен элге жеткирип турууга милдеткер болгон.

Көркөм адабияттын жана анын жаратмандарынын мындай функционалдуулугу бүгүнкү күндө да өз күчүндө, ал мындан ары да «башталыштардын башталыштары» катары кызмат өтөй берет. Дүйнөлүк адабияттын бир бутагы болгон кыргыз улуттук адабияты да көөнө доорлор-дон бери өзүнүн аң–сезим, акыл–эс өстүрүүчү заманбап озуйпасынан тайган жок, ал кадимден келаткан тарыхый жолунда нечендеген даанышмандарды, таланттарды, көркөм сөз алптарын өстүрүп келди. Ошолордун акыл дүйнөсү, өчпөс сөздөрү бизди улут эл катары сактап, улам кийинки замандарга өмүр улап турганын тануууга болбойт. Сагымбай, Саякбай, Токтогул, Тоголок Молдо, Жеңижок, Барпы, Молдо Кылыч, Молдо Нияз өңдүү улуулардын, Аалы, Алыкул, Мукай, Түгөлбай, Чынгыз сыяктуу залкар-лардын талантынын, даанышмандыгынын, ар намыс, акыйкатынын улут эл келечеги үчүн угуту түгөнбөс, учугу үзүлбөс көрүнүш.

Кылымдарды артка таштап, улам алдыга, улам жаңы, туюм, жаңылыктарга, ачылыштарга умтулуп келе жаткан өзгөрүлмө замандардын бүгүнкү күндөгү мүнөзү дагы жаңыча, көркөм сөз өнөр өкүлдөрүнүн түйшүгү, изденүү-лөрү, жаратмандык касыеттери да ошого жараша. Жазуучу Нууман Сайдуллаевдин 2008-жылы жарык көргөн «Кызыл» аттуу романында дал ошол бүгүнкү күндөгү көркөм сөз сүрөткерлеринин изденүү жолундагы

заманбап мүнөзгө умтулуудан жаралган чыгарма катары эсептөөгө болот.

Романдагы идеялык–тематикалык багыт улут элибиз-дин эртеңки келечеги, ата–бабалардан калган ыйык мурастарды ар намыстуулук, абийирдүүлүк менен кийинки муундарга өткөрүп баруу, патриоттук духту даңазалоо, аны ойготуу. Бул багытта чыгармада чагылдырылган көрүнүштөрдөн автордун эл тагдыры, тарыхы үчүн болгон патриотттук духу, учурду жаземдебей баамдап, келечекти боолготкон сезимтал дүйнөсү көрүнбөй койбойт. Совет мамлекети ыдырап, өз алдынча мамлекет болгон текteш улут элдердин өз тарыхын, каада–салт, маданий–рухий байлыгын тереңдеп изилдеп, аны кайрадан өзүмдүк кылып келечекке биротоло калыптоого умтулуп жаткан учурда мындай ишке чамасы жетпей турган улут элибиздин бүгүнкү тушунда бул чыгарманын окурман колуна тийишин учурдун талабы катары кабылдашыбыз керек.

«Тарыхый болбой, эл болбойт»,–деген, улуттук касыетти, анын кадимий нарк–насилин, рухий дөөлөттөрүн сактап, келечек жашоону кийинки урпактарга бекем табыштап, дилине сиңирип баруу зарыл. Бул багытта Т.Касымбековдун «Сынган кылыч», «Кел–кел», роман-дары, К.Осмоналиевдин «Көчмөндөр кагылышы», «Муң», «Эзелки кек», К.Бакиевдин «Дарыялар жайыкта кошулушат», Музапар Үсөндүн «Сакылар жери» сыяктуу чыгармалары элибиздин калың катмарын сүймөнчүк менен аралагандыгын билебиз. Демек, улут элибиздин көпчүлүк катмары өз тарыхын жандуу аңдоого муктаж. Ар кандай акыл–эстүү адамдын жашоосундагы бирден–бир бактысы–элин, жерин сүйүп жашоосу, мунун ичинде анын жан дүйнөсүндөгү арзуу–үмүттөрү, максат–мүдөөлөрү, көөдөнүн өйдө көтөргөн сыймык сезими, бүтүндөй өмүрү-нүн маңыз–мазмуну жатат. Дегеле, жаратылыштагы бүт барлыктын, жандуу заттын жашоосундагы мыйзам ченем-дүүлүк–артына урук таштоо, өзүнө мүнөздүү касыет калтыруу үчүн күрөш жүргүзгөндүгү. Ал эми бул мыйзам–дүйнөнү сактап турган улуу жана ыйык мыйзам. Өз өмүрүндө ушул улуулукту туу тутуп, бекем сактап жашоо–чыныгы бакыт, жарык дүйнөгө келгандеги эң негизги мазмун жана озуйпа.

Өз эл, өз жерин чындап сүйүү үчүн анын өтмүшүн, каада–салт, үрп–адатын, рухий кенч–дөөлөттөрүн, узак замандар бою келе жаткан тагдыр–жазмышын, тарыхын үйрөнүү, аңдоо зарыл. Сан жагынан аз болсо да дүйнө элдеринин бири катары жашап келе жаткан улут элибиздин тарых башаттары узактан экенин айрыкча көркөм сөз дүйнөсүндөгү «Манас» баш болгон «Семетей», «Сейтек», «Эр Төштүк», «Кожожаш», «Эр Табылды», «Курманбек», «Жаныш–Байыш», «Жаңыл Мырза», «Олжобай менен Кишимжан», «Жоодарбешим», «Сейит-бек», «Саринжи Бөкөй», «Эр Солтоной», «Кедейкан» өңдүү эпостор, «Ак Саткын менен Кулмырза», «Ак Мөөр», «Ак Мактым», «Гүлгаакы», «Эр Эшим», «Карач–Көкүл баяны», «Карагул ботом», «Жалайир жалгыз» сыяктуу поэмалар далилдеп турат. Булар, албетте, кыялдан токуп чыгарылган эмес,ар биринин тарыхый негизи бар, кадимден келе жаткан улуттук турмушту жандуу чагыл-дырган чыгармалар экендигин эстен чыгарбашыбыз керек.

Эгемендүүлүк замандын келиши азыркы адабияты-бызга өзгөчө жүк артты десек болот. Анткени көз карандысыз өз алдынча мамлекет болуп түбөлүктүү өмүр сүрүш үчүн такталган тарых, маданий–рухий мурас, буларга негизделген улуттук мамлекеттик идеология болуш керек. Булардын калыптанышы, түбөлүктүү түз багыт алышы үчүн көркөм адабият бардык функциялары боюнча активдүү оперативдүү иш алып барышы зарыл. Көркөм сөз өнөр өкүлү кайсы формада, кайсы стилде чыгарма жаратпасын ага бүгүнкү күндүн талабына жараша изденүү, эл турмушунун өткөнүн, учурун жана келечегин мезгилдик мейкиндик байланыш карым–катышында жандуу чагылдыруу, улуттук адабияттык табылгаларды дүйнөлүк адабий жетишкендиктер менен айкалыштыруу сыяктуу проблемалык–актуалдык жагдайдар пайда болду.

Биз сөз кызматчы болгон «Кызыл» романы жогоруда айтылып келе жаткан ой багыттарына дал келе турган чыгармалардын бири. Автор мында айрым тарыхый божомолдорго жана негизинен элдик уламыш, легенда-ларга таянып улут эл тарыхын өтө узактан кылып көрсөтүүгө аракет жасайт. Чыгармадагы окуялар, образ-дар сүрөткердик ой жүгүртүү (автордук вымысел) менен жаратылып, алар бирдиктүү

максатка ылайыкташтырылуу менен тарыхты жандуу чагылдырууда негизги ролду ойнойт. Бул чыгарманы жаратканга чейин автордун бир топ такшалып, мазмундук–формалык, стилдик изденүү-лөрүнүн жанрдык ылайык багыт таап калгандыгын чыгарманын идеялык–эстетикалык көркөм курулушунан байкай алабыз. Көп кылымдардын нары жагында калган карт тарыхты, андагы жашоо–турмушту образдуу, жандуу чагылдыруу, аны бүгүнкү күндөгү идеялык–эстетикалык мазмунга бириктирүү үчүн чоң сүрөткердик чеберчилик талап кылынаары түшүнүктүү.

Ошол көп кылымдардын (сексен, токсон кылым) нары жагындагы өтмүштү, ошол көрүнүштөрдү бүгүнкү күнгө жандуу картина кылып тартып берген сүрөткердин ички дүйнөсү, турмушка мамилеси, сезим угуту, дүйнө караш-тары, билими окурманды ыраазы кылбай койбойт.

Чыгармадан айрым тарыхый божомолдордун, элдик уламыш, легендалардын кургак байланышы эмес, жазуучунун типтүү, динамикалуу турмуш материалдарын көркөм изилдөөгө алышы, чыгармачылык элегинен өткөрүп, чыгармачыл фантазиясынан, эмоционалдык мамилелеринен жаралган көркөм чындык көрүнөт. Адатта көркөм чыгарманын темасы–адамзат турмушунун, анын жашап жаткан заманынын актуал маселеси. Көркөм чыгармадагы заманбаптык маселеси ошол актуалдуу проблемалардын көтөрүлүшүндө турат. Тагдыр тартуу-лаган эгемендүүлүк заманындагы эң актуал маселе–улут тарыхын тактоо, анын кадимий маданиятын, рухий кенч–дөөлөттөрүн кайрадан тикелөө. Жазуучу Нууман Сайдуллаевдин тарыхый темага кайрылышын–заман талабы, учурдун урунтуктуу маселеси катары кароо керек. «...Азыркы адабий–көркөм аң–сезим бүтүндөй коом тагдырын козгогон ар кандай драмалуу жагдайларды жана алардан агып чыккан зор философиялык, гуманисттик, рухий–ыймандык маселелердин актуалдуу аспектилерин «адам, дүйнө, тарых, табият, келечек, муундар байланы–шы, урпактар алдындагы жоопкерчилик» туурасындагы универсал ой–санаалардын тутумунда аңдоо»[47]–чыгарма-нын көркөм концепциясын түзөт. Чыгарма мазмундук–формалык

---

[47] Карымшаков С.Сын д\йнъ жана къркъм нарк Б.,2002.33-бб.

жактан роман жанрынын көркөм структуралык талабына толук жооп берет. Романдын композициялык–формалык түзүлүшүндө моделдүүлүктүн, схематизмдин белгилери жок эмес, (буга кийинчерээк токтолобуз) ошондой болсо да чыгарманын жалпы архитектоникасын-дагы стилдик өзгөчөлүк мазмунду ачууда негизги компонент катары көрүнө алат. Чыгарманын сюжеттик линиясы татаал эмес, баштан–аяк бирин–бири негиздеген окуялар көркөм–эстетикалык жактан эриш–аркак, бир дем менен окулат. Образдардын ачылышында, идея берүүдө интенсивдүү, шарттуу көрүнүштөр жок, жөнөкөй кадимки турмуш чындыгы чындыктай ирети менен көркөм чагылып келет. Мунун өзү чыгарманын каармандарынын,алар жашаган замандардын мүнөзүнө дал келип, чыныгы эстетикалык чындыкты жаратып тургансыйт. Китепти окуганда жөн эле санжыра окуп жаткандай кызыгуубуз артпастан, элибиздин башынан өткөргөн тарых–тагдыр-лар, кыйын кезеңдерде эли–журтка баш–көз болгон акылмандар, калкка калканч болгон баатырлар көз алдыга тартылбай койбойт. Чыгармадагы «Алгы сөз», «Чылк башат» аттуу бөлүмдөрдөн тартып, сюжеттик линияны жетектеп келген XXI бапка чейинки окуялар, андагы каармандардын элеси күнү бүгүнкүдөй жандуу чагылат.

Сүрөттөлүп жаткан доор, анын адамдары, окуялары тууралуу тарыхый–архивдик даректери, жазма маалымат-тары жок туруп элдик санжыра–легендаларга, ырларга, уламыштарга таянылып жазылган бул чыгарма автордон көп жактуу түйшүктү талап кылганы көрүнүп турат. Өтө узак өтмүштөгү тарыхый атмосфераны түзүп, тарыхый адамдардын образдарын реалисттик жагдайда сүрөттөөдө автордун аздыр–көптүр ийгиликке жетишкендигин айта кеткенибиз оң.

Орус философу А.В.Гулыганын «Искусстводогу тарыхый жанр фольклордук аңызда пайда болуп, элдик уламыштардын калдыктарын сактап калат»[48]–деп айт-канындай, чыгармадагы элдик ырлар, санжыра, уламыш-тар чыгарманын тулкусуна табигый түрдө, автордук кыял менен эриш–аркак жуурулушуп келген жерлери бар. Албетте, алар ченеми менен образдардын ишенимдүү ачылышына көмөк көрсөткөн мүнөздө келет.

[48] А.Гулыга.Искусство истории.М.,Современник,1980,201-бет.

Мисалга, чыгарманын баш жагында келген Асман улуктун керээзи. Керээздеги жети санынын касыеттүүлүгү: «Биринчиси–өз тегиңди бил, унутпа, кудай тааланын барлыгына, бирлиги-не ишен, ата–энеңди, эли–журтуңду сыйла; Экинчиси–кутман туулган жер, киндик каның тамган бабаларың өсүп–өнгөн мекениңди сакта, душманга тебелетпе; Үчүнчүсү–касыеттүү Кыз тилиңер (кыргыз тили) Аркай тилин көз карегиңердей сактагыла, асырагыла, өстүргүлө. Түпкү ата Адам ата, Ной ата, Турук ата сүйлөгөн бул тилди кордогон өзү кор болот; төртүнчүсү–журт башы, төр ээсин сыйла, урматта. Мындай зоболону ага кудай таала берген, таазим кылгыла; бешинчиси–зубаласы улук, адамзаттын аруу башаты, булагы болгон аялзатын сыйлоо, кемсинтпөө, аны коргоо; алтынчысы–күлүк ат, кыраан бүркүт, кыраакы ит, асыралган төрт түлүк мал, булар–кубатыңар, азыгыңар, канатыңар. Буларды асырагыла; жетинчиси–бири–бириңди сыйла, урматта, ынтымак бол». Китептеги «Алгы сөз» аттуу бөлүмдөгү бул керээз оозеки чыгармачылык-тагы санжыра–баян болгону менен чыгармадагы тарыхый адамдын образын ачууда маанилүү роль ойноп, ошону менен бирге чыгармадагы идеялык–тематикалык, концеп-туалдык борборду да түзүп турат. Элдик санжыра, легендалар, уламыштар чыгармада адамдык, турмуштун көркөм концепциясын жаратуу үчүн идеялдуу негиз катары кызмат өтөйт, андагы нускалуу үрп–адаттар, тунук–салт-тар, накыл кептер даанышмандык жосундар бүгүнкү туюм–түшүнүк менен тарыхый–реалисттик жагдайда байла-нышып, реалисттик адабияттын тарыхыйлуулук прицибин жетекчиликке алат.

Макалабыздын алды жагында айтып кеткенибиздей, элдик–фольклордук чыгармалардагы санжыра, легенда–лар, эпос, дастандар, уламыштар баштан–аяк ойдон, кыялый–фантазиялардан жаралган эмес. Алардын да түпкү жаралуу негизи–адамзат турмушу, тагдырлары. Алар кайсы доор, кайсы мезгилде жаралбасын эл башынан өткөргөн тарыхый көрүнүш, ошол доордун продукциясы, турмуш чындыгы. Маселен, аалам жана анын жаратуучусу, ээси кудай таала, алты кабат асман, жети кабат жер, Адам Ата,Обо Эне, Топон суу, Кыямат кайым, Нух пайгамбар туурасындагы айтылып келгендердин негизи жок деп

эч кайсы илим айта албаган сыяктуу кыргыздардын Нух (ной) пайгамбардын үч уулунун бири Жапастан тараганын, Жапас Турук улуктун (Түрк) жетинчи атасы, Турук Асман атанын жетинчи атасы, ал эми Уузум–кызыл (Кызыл–уул) урууларынын жаралышы, алардын чыгышы Байкөл (Байкал) түндүгү Муз мухит, (Түндүк муз океаны) Тым дайрасына такалып, Энесай Сым куймасын бойлоп, күн жүрүш тарабы Ара Тоодон өтүп, Алтай, Урал тоолорунун айлана–тегерегине таралып жашап келишин эч кайсы тарыхчы жокко чыгара албайт. Бул багытта жазуучунун тартынбай, өзүнө–өзү ишенимдүү түрдө бел байлап, тарыхый роман жаратууга жасаган аракетинде негиз бар. Белгилүү адабий сынчыларыбыздын бири Санарбек Карымшаков: «Жазуучу деген–ал ар дайым жаңы кубулуш-тарды жаратып жарыкка чыгарган новатор. Жаңы түшүнүк-төрдүн, жаңыча сүрөттөөлөрдүн, жаңы манеранын ээси. Коомдун, мезгилдин алдыңкы акыл–оюнун авангардында турган сергек чалгынчы. Ай–тайманбас экспериментатор. Демилгени тушаган духовный императивдердин чектөө-лөрүнөн бошонуп, эскирген канондордун алкагын бузуп, өз алдынча оригиналдуу чыгармачылыктын кеңири мейки-нине чыккан, дүйнөгө өзүнүн жекече «көрүү бурчун» иштеп чыккан философ»[49]–деп белгилейт. Бул сөздү улут элибиздин учуру, келечеги үчүн атуулдук күчтүү сезим, талант–илхам дареметинен жаралган «Насыр китептин» («Кызылдын») авторуна ыйгарсак да болчудай.

Автордун чыгармага «Насыр китеп» деп кошумча ат беришинин да жөнү бар сыяктанат, анткени чыгармада кыргыз улутунун улут эл болуп жалпы түрк тайпасынан бөлүнүп чыгышы, акын эл болуп калыптанышынын башат тарыхы кийинкилерге нуска–тарых катары, көркөм үлгү, насыят катары калышы көздөлгөндүгү туюлуп турат.

Чыгарманын ички көркөм структуралык жагына үңүлгөндө салыштырмалуу бир топ тыкан, сюжети бирдик-түү бир үзүлбөгөн байланыштуу линияда, композициялык түзүлүшүндө өзгөчөлөнгөн жагы да, кемчилдиги да жок, бир караганда бардыгы жайында, автодук концепциялар баштан–аяк ылайык–ырааттуу, ары жарашыктуу көркөм–эстетикалык образдуулук

---

[49] Карымшаков С.Сын д\йнъ жана къркъм нарк.Б.,2002,51-бб.

менен дааналанып барат. Романдагы окуялардын жүрүшү, каармандардын кыймыл–аракеттери, мүнөздөрү өзүнүн элестүүлүгү, таасирдүүлүгү менен окурманды кайдыгер калтырбайт. Бул,албетте, жал-пылап алганда, жазуучунун ийгилиги, талант–даремети-нин, жөндөмүнүн жемиши. Бирок чыгарманын формалык–композициялык ички түзүмүнө адабий–теориялык–сын көз караш менен караганда автордун али көркөм бүтүндүк жаратууда эски канондордун чегинен чыга албагандыгын, чыгарманы көркөм пландаштырууда моделдүүлүккө, схематизмге жол бергендигин көрөбүз. Чыгарма жанрдык тиби боюнча тарыхый–роман, темасы азыркы күндө актуалдуу. Андагы көтөрүлгөн теманы учурдагы интеллек-туалдык кабылдоого ылайык перспективдүү чечмелеп берүү үчүн жалаң таланттын өзү, андагы жөндөм, сөз байлыгы сыяктуулардын жетишсиздик кылары түшүнүк-түү. Ырас, автордун талант–дареметине, тилинин байлы-гына, образдуулугуна талаш жок, бул жагдайды анын жетишкен жагы катары баалоого болот, чыгарманы жаратуу үчүн автор алдын–ала жетише алган маалымат–материалдарды топтогон, аларды ой–кыялында интуиция-лык изилдөөлөрүнөн өткөрүп, окуяларды, каармандарды модерн–дештирген, образдуу тил менен (айрыкча диалек-тилик сөздөрдү кеңири пайдалануу менен) жандуу чагылдырып берүүгө жетишкен. Бул–маселенин бир жагы. Биз айтмакчы болгон нерсе–романдын көркөм–эстетикалык, композициялык түзүлүшүндөгү жайгаштыруу-лардын схемалуулугу, моделдүүлүгү, автордун өзүнүн почеркинен гана жаралган өзүнчөлүктүн ички түзүмдө ашкере көрүнө албагандыгы. Чыгармадагы VII бапка чейинки сүрөттөөлөр, сюжеттик түзүм ынанымдуу, окурманды ичтен чыйралтып, алдыдагы болочок окуяларга зор кызыгуу менен кароого жетелеп келет. Айрыкча кумандиндер менен болгон согушта Асман ажонун кыраакылыгы душмандын арамзалыгы, көчмөн жоокер элдин духу, согуш картинасы автор тарабынан чоң чеберчилик менен берилгендигин белгилеп кетишибиз керек. Чыгармадагы кошмо сюжеттер ордо бөгөлдөрүнүн артынан түшкөн кайгуул окуяларынан башталат да, баштан келаткан бир топ конкреттүү, биримдүү сюжеттик алкакты ыксыз чое баштайт. Маселен Боргут

шердин аялынын толгоосу, андагы ырым–жырымдар, Алдаң басырыкчы, Айым булак киндик эне жөнүндөгү эпизод, Борguttун төрөлгөн уулу Жылдыз нурга төлөө, жентек той өткөрүшү жана андагы оюн–зооктордун атайлап кыстыры-лып жатышы байкалбай койбойт.

Зайыптын толгоосу, төрөшү, төрөлгөн балага жентек той, андагы ыр, оюндар ошол кездеги кыргыз болуп калыптанууга бет алган элдин каада–салттары катары көрсөтүүгө жасалган аракет реалисттик ыргакта келе жаткан сюжеттик өзөккө стилдик жактан чебер кынаптал-баган. Мындан элдик жомоктордогу, эпостордогу жана фольклордук–салттык формадан арыла албаган айрым повесть, романдардын схемасын интеллектуалдуу окур-ман дароо эле сезет.

XI баптагы Шамер бийдин кызыл–кыргыздын жыйырма бир уруусу (абат, аргын, нойгут, саруу, найман, тейит, төөлөс, чапкол, черик, мундуз, кыпчак, дуулат, бостон, каракесек, каңды, алтай, коңурат, катаган, эштек, саяк, жедигер) жөнүндөгү санжырасы жана Зарина аттуу баатыр кыз баяны;

XII, XIII баптардагы Шамер бийдин Уузым менен Кокууздун ашыглык баяны, алардын парсыларга качып барып туруп калышы, Хурам шаанын кысымы, Торутай күлүктүн шарапаты менен алардын Алтайга келиши;

XIV, XVII баптардагы Көсөм сара мусат жөнүндөгү жана «танамайрам» (баш кошкон аял) жөнүндөгү ыр–бир караганда негизги окуяларга байланышы бардай сезил-гени менен чындыгында, алардын ар бири өзүнчө аңгеме экени сезилип турат. Булар автордун каалоосу, зарыл деп эсептөөсү боюнча кийирилгендей түр берет.

Албетте, жогоруда айтып кеткенибиздей, элдик ыр, жомок, уламыш, легендаларда айтылгандардан башка эч кандай маалыматы жок өтө илгерки замандагы социал-дык–тарыхый шартты, турмушту бүгүнкү күнгө жандуу чагылдыруу үчүн ар түрдүү аңгеме, баяндарды, уламыш, легендаларды бириктирип идеялык–эстетикалык бүтүндүк түзүүдөн башка жол да жок. Мындай жол тарыхый роман жанрында мурдатан эле тажрыйбаланып келген. Бул туурасында белгилүү адабиятчы–сынчы А.Эркебаев: «...аңгемелерден турган романды танып

жаткан эч ким жок. Тескерисинче, мындай роман поэтикалык изденүүнүн көрүнүшү катары бааланууга тийиш»[50]–деп белгилейт. Бул багытта жаралган чыгармаларга молдаван Друценин «Талаа балладалары», армиян Матевосяндын «Тоолор жана тоолуктар», ору Беловдун «Көнүмүш иш», тажик Ф.Мухаммадиевдин «Тигил дүйнөгө саякат» аттуу ж.б. чыгармаларын көрсөтүүгө болот. Мындай чыгармалардын сюжеттик–композициялык структурасы идеялык–эстетика-лык бүтүндүктү түзүп, сюжеттик линиялардын динамика-сына, окуялардын концентрациясына, мүнөздөр менен кырдаалдардын психологиялык контрастына, искусство-догу локанизмге негизденет.

«...Турмуштук көптөгөн көрүнүштөрдү, көптөгөн каармандарды тарыхтын өнүгүшүнө тикеден–тике байла–ныштырып сүрөттөгөн стилдик агымдын (Ю.Суровцев муну «чоң эпос» деп атайт жана «традициялык агымга кийирет) каармандардын фигураларын өзгөчө көркөм жалпылоодо, типтүүлүктө, концентрацияда көрсөткөн стилдик агымдын («очерктик китептер» же «новеллистик агым») жана нравалык драматизмди көрсөтүүгө бет алган лирикалык стилдин бар экени»[51] жана новеллистик стилдик агымдын өз өнүгүүсүндө көптөгөн кызыктуу типтерди жана жанрдык формаларды бергендиги дүйнөлүк адабиятта белгилүү. Бул багытта караганда биз сөз кылып жаткан «Кызыл» романында «новеллисттик стилдеги» чыгарма деп атоого болор эле. Бирок мында концентрациялуулук, кыска табияттуулук, мүнөздөр менен кырдаалдардын психоло-гиялык контрасттары, лаконизм сыяктуу негиздер жок. Романдагы ар түрдүү аңгеме–баяндардын бириктири-лүүсүндөгү биз көздө туткан схематизм–улуттук адабияты-быздагы орун алып келе жаткан узак баяндоолор, окуялардын бутактанып, кыстырма сюжеттүүлүктүн көбөйүшү, ойдон токулган жасалма кырдаалдары арбын болгон схема. Албетте, ийгилик бар жерде кемчилдик да бар, кантсе да Нууман Сайдуллаевдин (Нууман Саадинин) «Кызыл» романын окурман

[50] Эркебаев А.Кыргыз прозасынын контрасттары.Ф.,Кыргызстан,1983.23-бб.
[51] Эркебаев А.Кыргыз прозасынын контрасттары Ф.,Кыргызстан.1989,76-бб.

журтчулугу жакшы маанай менен кабыл алды. Бул жазуучунун тер төккөн эмгегинин текке кетпегенинин белгиси.

Нууман Сайдуллаевдин чыгармачылыгы өрүштүү. Ал көркөм сөз өнөрүнүн бардык тектери боюнча ар кандай формадагы чыгармаларды жарата алды жана ал чыгарма-лар колдон–колго өтүп, эл аралады. Анын «Коломто», «Жылдын он эки ирмеми», «Күн баш бакты», «Назым шиңгилдери» сыяктуу ыр, аңгеме жыйнактары, «Ашык баян», «Хан Шырдак», «Өр–ылдыйыш», «Кызыл» өңдүү повест романдары, «Ый» аттуу драмасы автордун изденгич табиятынан, эмгекчилдигинен, өрүштүү өнөр-каналуулугунан кабар берет.

# САЛТТУУ ПОЭЗИЯНЫН ЖАҢЫ ӨРҮШҮ

Өлөң ырлары түрк тилдүү элдердин поэзиясында кадимден жашап келе жаткан поэтикалык чоң салаа. Өзүнчө специарикалык өзгөчөлүккө, көркөм курулушка ээ болгон бул жанрда көпчүлүк түрк тилдүү элдердин рухий дүйнөсүн байланыштырып турган поэтикалык касыет бар экендигине карабастан улуттук адабиятыбыздын тарыхый өнүгүү процессинен сыртта калып келе жатат.

«Өлөң» – түпкү түшүнүгүндө ыр, ырчылар чыгарма-чылыгындагы төкмөлүк–импровизациялык өнөрдүн жеми-ши. Аларда элдин илгерттен берки тарых–тагдыры, үрп–адат, каада–салты жана кубанычы, кайгысы, сүйүүсү, бүтүндөй дүйнө көз караштары, муун улап келе жаткан жашоо–турмушу чагылат. Өлөңдөрдүн мындай темати-калуулугу аны элдик поэзиядагы жанрдык бир түр катары гана эмес, поэтикалык–тектик мүнөзгө ээ болгон салаа катары кароого да милдеттендирет. Буга негиз катары өлөң ырларындагы сатира–юмордук табият, калк духунун тереңинен чыккан таасын сөздүүлүк, санат–насият, каада–салт, арман, сүйүү, үйлөнүү той, айтыш, мезгил–маал, балдар ыры сыяктуу жанрларды өз табиятына камтып туруусун айтууга болот. Муун өлчөмү 9–10; 11–12 муундан турган ыр саптарындагы ыргактуулук, поэтикасындагы ассонанс, аллитерация кубулуштарынын арбындыгы, редифтүүлүк, анафоралык–эпифоралык кайталоолордун, ыргактык–синтаксисттик, интонациялык параллелизмдер-дин молдугу–өлөң ырларына мүнөздүү болгон касыеттер. Поэтикалык бул өзгөчөлүктөр сезимдин эмоционалдуу-лугун арттырат, ыр саптарында сүрөттөлүп жаткан предмет, кыймыл–көрүнүштөр, мамилелер сезимдин эмоционалдуу ыргагы менен айкалышып музыкалуулук жаралат да айтылчу ой таасын, курч, таасирдүү деңгээлге чыгат. Мындай касыеттер өлөң ырларынын эл ичинде өнүгүп–өсүүсүн шарттаган, өлөңдөрдүн поэтикалык курулушундагы салттуу мотив аны тез жаттап алууга жана андан ары кошуп импровизациялап улантып ырдоого ыңгайлуулук түзгөн. Бул жагдай өлөң ырларынын тема-тикалык жактан байышы менен бирге элдин жашоо– турмушундагы

активдүүлүгүн көтөргөн, өлөңдөр аш–тойлордо, оюн–зооктордо жеке өлөңчү тарабынан жана көпчүлүк аткарчу хор формасында ырдалып, өзүнүн функционалдык милдетин кеңейткен.

Өлөң ырларынын кулачынын кеңдигине баа берип казактын улуу акыны Абай: «Өлөң–ырдын падышасы» – деген экен. Албетте, бул баа–өлөңдөрдү жеке казак элдик поэзиясынын чегинде эмес, өлөңдөрдүн көпчүлүк түрк элдеринин поэзиясында учуроочу салаа экендигин этибар-га алуу менен берилгендигин туура түшүнүшүбүз керек. Улуттук адабиятыбыздагы өлөң ырлар жанры адабий стилден, колдонуудан чыгып калган жок, тескерисинче ал эл турмушу менен ажырагыс байланышта экендигин далилдеп келүүдө.

Буга анын азыркы күндө да оюн–зоок кечелерде, үйлөнүү тойлорунда, айтыштарда, каада–салт, жөрөлгө–лөрдө салттуу түрдө ырдалып келе жаткандыгы далил боло алат. Ошону менен бирге өлөң ырларынын салттык жолун, өзгөчө стиль–манераларын сактоо менен аны учурдун духунда өнүктүргөн элдик жана жеке автордук жаңы өлөңдөрдүн пайда болуп жатышын да белгилебей коё албайбыз. Айрыкча акын Нууман Сайдуллаевдин 2005–жылы жарык көргөн «Миң өлөң» аттуу ыр жыйнагы кадимден айтылып келген өлөң ыр салаасына жаңы өмүр багыштады деп айтсак болот. Элдик өлөңдөрдүн табиятындагы боёктуулук, кулпуруп, кубулуп турган бөтөнчөлүк, бирде ойлонтуп, кээде жылмайтып, кээде боор оорутуп, кээде күйдүргү сын айткан элдик терең духту акын чебердик менен заманбап таризде өнүктүргөн, бүгүнкү кыргыздардын дүйнө туюму, сулуулукту кабылдоосу, өмүр менен өлүм,жек көрүү менен сүйүү сыяктуу философиялык ой толгоолорун, анын–жашоо турмушу, адеп–ахлахы, каада–салты, дили, дини, тилинин абалын «Миң өлөң» аркылуу таасын жана таасирдүү чагылдырып бере алган. Элдик өлөңдөрдөгү классикалык жөнөкөйлүк, нукура улуттук колорит, улуттук тилдин стихиясы, «Миң өлөңдө» жакшы өнүктүрүлгөн. Акын салттуу поэзияга заманбап табият берген, аны жаңы ийкем, жаңы түс, жаңы ыргак менен байытып, оозеки жана жазма адабияттын жуурулушунан мезгил талабына ылайык табылга жаратууга жетишкен. Өлөң саптарынан акындын сергек туюму, ойчулдук жөрөлгөсү дааналанып, сүрөткердик

даремети, өзүнчөлүк стили айкын көрүнөт. Өз оюн, идеяларын чагылдырууда элдик өлөңдөрдү негиз кылып алып, алардын обон–ыргагын бүгүнкү күндүн мүнөзүнө жуурулуштуруп, өзгөчө ыргак жаратышы – «Миң өлөңдөгү» идеялык–эстетикалык ийгилик. Муну акындын чыгармачылык изденүүсүнүн жемиши, элибизге рухий азык болуучу учурдагы утук катары баалоого болот. «Миң өлөң» ыр түрмөктөрүндө акындык дүйнөдөн көз жарган асыл ойлор көзгө урунбай койбойт, акындын аларды кандай күндө, кандай шартта болгон учурда да эл алдына алып чыгышы керектиги сезилип турат. Акын өлөңдөрдүн салттык жолун сактоо менен бүгүнкү доор мүнөзүн чагылдырууга аракет жасайт. Өзү сезип турган көйгөйлүү проблемалар, көрүнүштөр чыгарманын негизги темалары болуп эсептелет. Өлөң саптарындагы акын кынаптаган сөздөр өзгөчө табылгалуу,алардын маанилик, көркөмдүк жактан ширелишип келиши–чыныгы поэтикалык табиятты берет.

Акын тапкан табылгалар–калк турмушунун тажрый-баларынан жаралган курч, учкул бүтүмдөр, асыл ойлор. Эскирип, колдонуудан чыгып бараткан жандуу, элестүү сөздөрдү акын чебердик менен бүгүнкү туюмга ылайык кынаптайт:

«Тайманбастык нускасы – өктөмдүктө,
таш балбандын нускасы – өтөм бүктөө.
Жагалдануу ымдаты – шайырдыкта,
жай алмашат жадырап – көктөм бүтсө

Жалкоолуктун нышааны – кийин болот,
жасакердин ымдаты – кийим болот.
Сурамчынын ымдаты – сүтак мисал,
сүткорлуктун ымдаты – тыйын болот

Өжөрлүктүн шааниси – талбастыкта,
өлбөстүктүн мааниси – калбас унутта.
Өнөрлүүнүн нускасы – талантында,
өчөшкөндүн ымдаты – калбастыкта»

Ыр саптарындагы «таш балбан», «ымдаты», «өтөм бүктөө» деген сөздөрдүн түпкү маанисин элибиздин кийинки мууну чечмелеп бере албастыгы анык. Бул сөздөр ыр саптарында тарыхый–лексикалык маанисин жаңылайт, стилистикалык–интонациялык көркөм формага түшүп, ойчул бүтүм чыгарган поэтикага айланат. Элдик өлөң-дөрдөгү боёктуулук, кулпуруп, кубулуп турган бөтөнчөлүк, «бирде ойлонтуп, кээде жылмайтып, кээде боор оорутуп, кээде сынга алган ачуу сарказм, астырттан жылжып келип анан жан дүйнөңдү жаркыратып, күтпөгөн жерден күлдүрүп, күлбөстүн тишин ырсайткан юморлуулук, калк духунун тереңинен келген афоризмдер–акын жараткан өлөңдөрдө мурдатан нук бузбай агып келаткан агын суунун суу жете элек жерлерге бурулуп чыгып, эл–жерге жаңы өмүр берип акканы сыңары таасир берет. Ыр саптарындагы көңүлгө күлкү, жылмаюу ыроологон көркөм юмор, турмуштагы терс көрүнүштөрдү сынга алган ачуу сарказм – бүгүнкү күндөгү турмуштун накта өзүнөн, аларда ашыкча эч нерсе жок, нукура дүйнө бар:

«Өрүк гүлүн көңүлгө – түйүп алып,
өрүк жегин шагынан – ийип алып.
Ушул кезде качты уят – ургаачыдан,
уландардын буюмун – кийип алып.

***

Бул заманда эмне көп – акындар көп,

экс болгон эки айда – акимдер көп.
Бу заманда эмне көп – соодагер көп,
бу заманда бузулган – катындар көп.

***

Кыргыз ырын куп тыңшайт – кыргыз талаа,
кыргыз ырын жек көрөт – «киргиз» бала.
Кыргыздардын энеси – Кыргыз Эне,
«киргиздердин энеси – Кирус Мама»

Поэзия–доордун үнү, жаңырыгы, анын жаратманы эли–журтунун күйүп–жанган күймөкүсү, ал адатта «жазыш үчүн жазбай, жазбай коё албагандыгы үчүн» жазат. «Миң өлөңдөгү» ыр саптарынан акындын эли–жери үчүн күйүп турган патриоттук духу көрүнөт. Өлөң түрмөктөрүндөгү негизги тема–мекен, анын эртеңи. Эл ичиндеги эр азамат, уул–кыздардын иш издеп ар кайсы жактарга кетип жатышы, бийлик, байлыкка нысапсыз умтулуунун арбышы, улут тагдырына кайдыгерлик, патриоттук духтун жоктугу, адеп–ыйман, абийир, куттун кетип бара жатышы сыяктуу көрүнүштөрдү акын ата–бабалардан бери келаткан өлөң ыр ыргагы менен окурмандын дилинен орун табарлык даражада чагылдырып бере алган десек жаңылышпайбыз. Өлөң ырларындагы кадимки нукту–сатира, юмор боёк-торун чебердик менен пайдаланып, бүгүнкү замандын оош–кыйыштарын, кемчиликтерин дилди кейитпей, жылмаюу аралаш ачуу чындыкка ынандырган таасир–акындын өлөңдөрүнүн мазмуну, көркөм формасы. Муну менен акын өзүнүн акындык–инсандык бейнесин да ачып барат:

«Керней тапсам печкеме – чыканак жок,
кейип турсам көөдөнүм – чычала чок.

Кээ бирөө бар кенебес, бети калың,–
кейисең да, күйсө да эч чара жок.
***
Бутка тапсам башка жок – учур келди,
башка тапсам ашка жок – учур келди.
Айланайын арыраак тур – суроо белги,
айланайын берираак тур – үтүр белги!
***
Айлык алдым бүгүн оов, айлык алдым,
аялымды кубанткан байлык алдым.
Байлыгыма мактанып бара жатып,
байлык тапчы бутумду кайрып алдым»

«Миң өлөңдүн» идеялык–эстетикалык ажарын ачып, ыр түрмөктөрүнүн жалпы фонунда өзгөчө боёк катары келген тема– махабат сезимин ыроологон сүйүү темасы. Андагы ышкы– махабаттын жүрөктү «жыз» эттирген кайталангыс ирмемдери окурман көңүлүнө жаштыктын эң кызык, эң таттуу жерлерин сүртүп өтөт,ууз учурдун жыпар жыты, ойноок, өрттүү койну, көңүлгө чок салаар ашыглык ааламынын кумарлуу демдери көз алдыга тартылбай койбойт:

«Көөнүм түшүп өзүңө байланамын,
көзүң түшүп көзүмө айланамын.
Жалт тиктеген карегиңди алып кетчи,
жанып кетип баратам айланайын.
***
Жамалыңды күн–түнү сүйүп–сүйүп,
жаман эрип баратам күйүп–күйүп.
Секин кеттик өрүкзар чарбагыңа,
сени аңдыган жеңеңди күйүктүрүп.

«Миң өлөңдүн» тематикасы бай, алардын ар бири актуалдуу турмуш көрүнүштөрү. Ата журт, анын адамдары, алардын турмушу, пейили, шаар жана шаардыктар, адеп–ахлах, бүгүнкү заман, эртеңки келечек, сүйүү, достук, өмүр, өлүм сыяктуу көрүнүштөр ишенимдүү, ынанымдуу чечме-ленип, сергек, ойчул бүтүмдөр берилет. Өлөң саптарынан жашоонун ары кызыктуу, ары татаал карама–каршылыктуу жактарын

чагылдыруу менен жарык дүйнөнүн маани–маңызын, адамдыктын чыныгы нарк–насилин дагын да тереңден туюндуруп, өмүрдү тунук, мазмундуу жана ырахаттуу жашап өтүүгө чакырып тургансыйт. Турмуш казанында кайнап, дүйнөгө сергек, ойчул көз менен караган автордун жашоонун чындыктуу философиясын айтмакчы болгон акындык дареметине ыраазы болбой коё албайсың. Анын дареметти–бүгүнкү илимий–техникалуу, өтө инфляциялуу заманда барган сайын муздап бара жаткан адамдардын рухий дүйнөсүнө жарык куюуга, жылуулук берүүгө салым кошууга болгон аракети.

«Миң өлөңдөгү» өлөң ырлар баштан–аяк телегейи тегиз, адамды тамшандыра турган деп айтууга болбойт. Бул автордун алгачкы поэтикалык чыгармасы болгондук-тан (мындан мурун бир нече прозалык чыгармалары жарыкка чыккан) ыр саптарында али поэтикалык супсак, ашкере эмоциалуулары учурайт. Бирок булар аз, алар өлөң ырлар жыйнагынын идеялык–эстетикалык салмагын төмөндөтө албайт.

Поэзиянын табияты дайыма жаңылык, «Миң өлөңдүн» саптары кадимки салттуу форма менен жаңы мазмунду берет, муну менен ал нукура улуттук колоритти, улуттук мазмунду тереңдетип,элибиздин эртеңки келечеги үчүн кызмат кыла алат деп ойлойбуз.

Нууман Саадинин «Миң өлөңгө» удаалаш 2006–жылы жарык көргөн «Ашыкбаян» – аттуу чыгармасы элдик рухий кенчтен тамырына азык алып, өнүгүп–өсүп келе жаткан чыгармачыл табиятын дагын да айкындап, умтулууларынын, изденүүлөрүнүн келечектеги акыбеттүү жактарынан жышаан берет. Чыгарма элдик легендага негизделип, кара сөз менен ырдын айкалышынан турган эпикалык–салттык формада жазылган. Негизги сюжет элдик чыгарманын нугу менен берилип, идеялык–тематикалык мазмунунда сүйүүнүн улуулугун даңазалоо жатат. Чыгарманын композициялык курулушунан автордун элдик чыгарманы бүгүнкү күндүн эстетикалык табитине ылайыктап чагылдырып берүүгө жасаган аракети байка-лат. Бирок табиттүү окурманды андагы интеграциялык синтез канааттандырбайт, анткени чыгарманы бүгүнкү эстетикалык–интеллектуалдык табит дагын да башкача өңүттөн, маселен, ал

күтпөгөн, кадимки эл турмушундагы аң–сезимдин акциологиялык маңызын бүгүнкү туюм–түшүнүккө жуурулуштура чагылдыруудагы чыгармачыл өзгөчөлүк, өзүнчөлүктөн күтүшү анык.

Элдик бул легенданын көркөм–идеялык маңызына баа жеткис, аны Лейлектен Бишкекке чейинки сапардагы жүргүнчүлөрдүн зерикпей кетиши үчүн айтылган аңгеме–баяны катары эмес, бүгүнкү жашоо–турмушубуздун глобалдуу маселелерин козгогон чыгармага өзөк кылып алса боло тургандай. (Автор бул чыгармасын повесть–дастан деп атаптыр, чындыгында ал аңгеме–баян деңгээлинде калып калган) Ушул ойго байланыштуу атактуу акын Давид Кугультиновдун: «Фольклор жазуучуга али белгисиз, бирок бүткүл адамзат үчүн кызыктуу нерселер жөнүндө ал жактан өз көргөн–билгендерин адамдарга айтып берүүчү окуялардын эшигин ача турган ачкычты тартуулайт. Фольклор баарыдан мурда жазуучу-нун чыгармачылыгы үчүн дем берет» – деген сөзүн эске түшүрүү орундуу болуп турат. Жазуучу Нууман Саадинин чыгармачыл азыбас азыкты, өзгөчө демди элдик фольклордон издегени колдоого аларлык көрүнүш (Бул анын бардык чыгармаларынан көрүнөт) бирок ага заманбап көрк берип, маани–маңызын тереңдетип өнүктүрүү жагындагы изденүүлөрүнүн али иштиктүү жолго түшө электиги–азырынча ага атак–даңк алып келүүчү чыгармаларынын жаралышына тоскоол болуп турган көрүнүш экендигине да ынанууга болот.

Жогоруда айтылып келе жаткан оюбуздун төркүнү окурманга түшүнүктүүрөк болсун үчүн чыгарманын сюжеттик–композициялык курулушуна кайрылалы.

Анын баштапкы сюжети бүгүнкү реалдуу турмуштан алынып, анда Лейлектин Катыраң деген айылынан Россияга акча таап келүү үчүн иш издеп жөнөгөн ушул айыл мектебинин кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими Марлен аттуу жигиттин (бул көбүрөөк автордун өзүнө окшоп кетет) Бишкекке адам ташыган таксист классташы Айдараалы менен кошо чыгышы, жолдо баратышып, калган орунга келин–кыздардан болуп калса Бишкекке чейин ырдап, алардын көңүлүн өзүнө оодара алышын Марлен айтып, эгер ушундай кыла алса Бишкекке

баргандан кийин кыздар менен кошуп эң кымбат ресторандардын биринде мейман кылаарын Айдараалы айтат. Эгер Бишкекке чейин ырдап бара албаса Марлен өзүнүн Россияга деген жол каржысын ресторанда сарптап, мейман кылаарын айтышып мелдешишет. Болжошкондой калган орунга Гүлзина деген көлдүк журналист кыз жана Баткендик Акбермет аттуу соодагер келин (бир тажик жигитти кошпогондо) чыгышат. Ошко чейин жол катар таанышып, Оштон чыккандан кийин Марлендин «Ашык баяны» башталат. Ал Бишкекке чейин айтылып келип, Марлендин жеңиши менен аяктайт. Айдараалы сөзүндө туруп буларды ресторанда сыйлашы менен биринчи сюжет аяктайт.

Чыгармадагы реалдуу турмушту сүрөттөгөн баштап-кы сюжет менен чыгарманын аты берилген экинчи сюжеттин ортосундагы байланыш жашоодогу орчундуу ойду берүүдө терең органикалык биримдик даражасына көтөрүлө албаган, элдик чыгарма обочо, коштонду сюжет катары кызмат аткарып калган.

Бул жерден биз айтмакчы болгон пикир–эгер автор шашылбай, элдик легенданы бүгүнкү турмуштун пробле-малуу кайсы бир жактары менен терең байланыштырып издегенде, мүмкүн, атактуу жазуучу Ч.Айтматовдун «Ак кемесиндеги» Бугу Эне, «Кылым карытар бир күнүндөгү» Найман Эне, Раймалы менен Бегимай сыяктуу реалдуу турмушка терең ширелиштирилген таасири күчтүү образ-дар жаралмак... Бул жагдайдан караганда «Ашык баянында» чыгармачылык алдыга карай өсүү көрүнбөйт, тескерисинче, профессионал адабиятыбыздын башатын-дагы А.Токомбаевдин «Күүнүн сыры», К.Баялиновдун «Курман жылга» сыяктуу чыгармаларынын таасиринде жаралып, идеялык–эстетикалык көркөм турпаты жагынан бүгүнкү XXI кылымдын интеллектуалдуу окурманынын талап–табитин толо канааттандыра албайт.

Искусстводо табият тартуулаган таланттын, жөндөм-дүн өзү эле жетишсиздик кылары, мыкты чыгарма жаратуу үчүн көп жактуу изденүү, машакаттуу эмгек талап кылынаары белгилүү. Изденүү жолунда шашылып кетүү, тобокелге салуу же даай албоо сыяктуу өйдө–төмөн абалдардын болушу табыгый.

Тажрыйбадан улам бир эле автордун жарык көргөн чыгармаларынын ичинен мыктылары, ортозаарлары жана

мазмундук–формалык жактан супсак жаралып калгандык-тарын байкап келебиз. Бул, албетте, жогоруда айтыл-гандай, чыгармачыл изденүүнүн натыйжасы гана болушу мүмкүн. «Ашыкбаяндын» жарык көрүшүндө автордун шашылгандыгын байкоо кыйын эмес, чыгарманын башын-дагы «Нур болот тоолук жана Гүлбаян ханыша тууралуу аңыз–месел, же Козуке–Баян ашыктар жөнүндө ыр аралаш шыр баян» – деп эпиграф катары берилген сөздүн өзү эле чыгарманын фундаменталдуу курулушун али ийине жете элек экендигин кабар берип тургансыйт. Анткени «шыр баян» деген сөз эч нерсеге такалбай, токтолбой тез деген мааниде кабыл алынат. Автор чыгармасынын али чийки бойдон уядан учурулуп жатканын өзү да сезип турса керек, эпиграф–эскертме катары жазылган бул сөздүн төркүнү ошол жакта экендиги сезилип турат. Ушул эле сүйлөмдөгү «аңыз–месел же ашыктар жөнүндө баян» деген эки ача аныктаманын кереги барбы? Анан дагы, «Ашык баян» деген теманын астында «повест–дастан» деген түшүндүрмө термин да түшүнүктү чаташтырат, «аңыз–масели» эмне, «баяны» кайсы? повести кайсы, дастаны кайсы? деген ой саресептүү окурмандын чыгармага болгон көз карашын бүдөмүктөнтүүдөн башка кызмат аткарбайт.

Чыгармадагы окурманды өзүнө тарткан бирден–бир жагы–андагы сөз байлыгы. Сөз байлыгы жок жазуучунун өзү жок деңизчи, бирок мындагы сөз байлыгынын өзгөчө жагы бар. Ал–ичкилик диалектисинин адабий тил менен жуурулушуп келип, бөтөнчө маанай жаратышы. Диалек-тилик сөздөрдүн берген мааниси сүрөттөлүп жаткан абалга кошумча маани кийирет, туюм–таануу чегин кеңейтет, алардагы салыштырууларды, эпитеттерди, метафораларды, метонимияларды «ичкилик метафора–лары» деп атаса болчудай. Тексттен мисал келтирели: «Назик гүлдөй көңүлүңүздү аргөй мүшкүл гурбаты дайым алагды, дилкишам кылган, гөр тириликтин миң гыям газабынан оолак кылган» Мындагы «аргөй мүшкүл гурбаты», «дилкишам кылган», «гөр тириликтин миң кыям азыбынан» деген сөздөр изилдей келгенде көп түстүүлүктү, өзгөчө көрктү, кыймыл ыргагына үндөшүп кеткен жандуулукту пайда кылат. Алардын синтаксисттик обороттордон улам келип чыгышы, бүтүндөй

фразео-логиялык ширешме, фразелогиялык айкаш, идиома түрүндө келиши жана макал–лакап формасындагылары автордун мындан башка чыгармаларында да чебердик менен колдонулгандыгын белгилеп кетүүгө болот.

Бул маанини автордун жалпы чыгармачылыгынын фонунан туруп айтканыбызда да жеке « Ашык баянга» бул маани бир аз ашыкчылык кылат, анткени мында автор «чебердик менен колдонуунун» чегинен чыгат, аларды карандай сөз бороонуна тизип буюктурат. Мындай дегенибиздин себеби чыгармада автор өзү айткан «шыр баянды» жамынып алып, тил коoздугуна азгырылат да, тил эмизме дүйнөгө кирип кетет. Тексттен мисал келтирели:

«... Оо, атаганат, бу дайранын болуп–толуп күргүчтөп бараалына жеткен маалы жылына бир келет. Ал ошондо албууттанып–апчып, күргүчтөп–күркүрөп, көбүрүп–чапчып, жээгиндегини кайсыратып–ойсуратып, жапырып, жыластап–шыпырып, шарактап–шапшып, агызып агат. Ошондогу дайранын түрү айбаттуу арыстандай дооругуп, сүрү жер сүзүп улуп–уңшуган көк букадай оолугуп, эт–жүрөктөй эпкини тоорулуп, дит аптыгып коорунуп, үштү алган капсалаңдуу кейипке келет» же «... балдай таттуу, оттой таптуу, суудай тунук, кыздай сылык, нандай куттуу, гүлдөй жыттуу, шинне–ширеси эчен асирлар бою бөксөрүп түгөнбөгөн ашык баян меселин андешелүү асемде баштайт» Мындай саптарды уланта берсек китепти бүтүндөй көчүрүп чыгууга туура келет. Бул сыяктуу кочураган бир өңчөй мүчөлөр окурмандын табитин кайтарат, зериктирет. Кээ бир диалогдордогу ыксыз жалы-нып–жалбаруулар, алардагы эпитеттер каармандардын портретин бүдөмүктөнтөт, аларга болгон ишеним, көз караштарды төмөндөтүп жиберет. Мисалы: «–Садага болгон менин улуу талантым!–деди. Кыз да эңкейип жигиттин көзүнөн сүйдү да:–(Кыз эңкейип өпкөн болсо, анын жигиттен бою узун экен да!) Жакшы барың, Нурум, жакшы барың менин кадырлуу Козукем! «....менин Баяным, менин эч соолбос гүлүм, саябаным!» «....Эми жөнөң, шерим, ак жол, таабым, ак жол, Козукем», «....Жакшы туруң, айымым, Гүлбурагым, жакшы туруң менин Гулбаяным» ж.б. Буларды «прозадагы ырлар»же «проза–ыр» деп түшүнгөн күндө да андагы

бул аталышка ылайык эстетикалык көркөмдүктүн солгундугу, чыныгы поэтика-лык–психологиялык табияттын жоктугу, карандай сөз күчүн короткон кур эмоция чыгарманын идеялык–эстетикалык баалуулугун жогорулата албайт.

«Ашыкбаян» жөнүндө мынчалык сөз болгон соң, китептин баш жагынан орун берилген «Энем жөнүндө этюддар» аттуу чыгармага да ой айтып коюу абзел. Бул чыгармадан улам автордун кантсе да прозага караганда поэзияга жакын экендигин байкоого болот. Чыгарма ар кандай адамды (окурманды) ойго салып, жан дүйнөсүнө ичкерттен таасир этпей койбойт. Анткени эне–ар бир адамдын эң жакын, эң ыйык заты. Автор мында өз башынан өткөндү, жан биргеси энеси менен бирге болгон ыйык демдерди бүт адамдыгы, инсандык касыети менен ар бир адамдын сезимин аралап өтөрлүк даражада чагылдырып өтөт. «Аккан суунун кадыры жок» – дегендей, күндөлүк турмушта байкалбаган эненин кыймылдары, мамилелери, сүйүүсү сыяктуу эң назик, эң сүйкүм жактары чебер ачылып, эненин ыйык жана бийик образы дааналанат. Бул чыгарма–эң зарыл чыгарма. Ал өз авторунун туйгулуу, сезимтал дүйнөсүн өзүнүн ирмемдери аркылуу туйдуруп турат. Чыгармадан ашыкчалыкты же айтарлык кемчиликти көрө албадык. Негизгиси–чыгарма табитке ылайык.

Улуу жазуучулардын бири Александр Дюма: «Бир чыгарма жаратуу бир бала төрөгөн менен барабар» – деп айткан экен. Калганы түшүнүктүү. Төрөлгөн баланын келечеги үчүн албетте, кам көрүү зарыл. Акын–жазуучу катары журтчулугубузга таанылып келе жаткан Нууман Саадинин таланты, көшөрүп өжөрлөнгөн эмгекчил пейили көптү үмүттөндүрөт. Ар бир доордун өзүнө мүнөздүү кыйынчылыгы бар экени белгилүү, анын эркинин, талантынын, ичкиликтин тили менен айтканда, «зардасинин» күчү тунгуюктуктарды жарып өтүп, өз нугун тапкысы бардыр.

# СЫНЧЫЛАРДЫН КӨЗҮ МЕНЕН

«Энекем колуң гүл» болсун деп,
айылда эң чебер аялга,
оозума түкүртүп ырымдап,
Килемди, шырытса же шырдак
жалчылуу мен ага кызыкпай,
сепеңдеп оюнга кетчүмүн.
Соолушат гүлдөр да кеч күздө –
кызыгып миң кыял суроого,
дилимден жооп берчүмүн.
Бир күнү кокустан кеч күүгүм
асмандан жаңыдан төрөлгөн,
ыр жазгам жылдыздар жөнүндө.
Ким келип оозума түкүргөн,
Ыр пирби, же Көкө Теңирби,
мен үчүн дагы эле белгисиз
ыр жазам ар түндө ...»[52]

Бул ыр – алдыда акындык чыгармачылыгы боюнча сөзгө алына турган Айнагүл Базарбаевага таандык. Ыр анын «Үмүт» аттуу тунгуч ыр жыйнагынын башкы беттеринен орун алып, акын–автордун чыгармалык башаты жана бүгүнкү күнгө чейин ыр түйшүгүн тартып келе жаткан чыгармачылык жолу жөнүндө айтып тургансыйт. Ошону менен кошо автордун жаратмандык пейили, ырга болгон мамилеси, алдыда эмнелерди айтаары, ырга салаары жөнүндө да кабар бергендей.

«Жүрөгүмдөгүнү айттым, жүрөгүмдөгүнү жаздым. Кыйла жылдардан бери ушул тырнактай китебимди чыгаруу кыйынга турду. Басмага берүүдөн да башка ойлор кыйнап жүрдү. Чыныгы акындык сапка кошула аламбы деген ой жүрөктү өйүдү. Дагы эле коркуп турам. Эртең китебим жаңы туулган наристедей жарык көрсө, ал жөнүндө өз балам сыңары, албетте, жакшы сөз күткүм келет да. Анткени, баланы төрөп, багып тарбиялагандай эле бул ырларды тарбияладым да»[53]– дейт, автор жыйнагынын баш жагындагы окурмандарына жолдонмо сөзүндө. Бул сөздөрдүн

---

[52] А.Базарбаева. /м\т.Б.,2006, 6-б.
[53] Ошол китепте:4-б.

ашык–кеми жөнүндө айтпаганда да, туура жери–автордун чын дилдүүлүгү, арзуу, умтулуу–лары менен кошо дареметин сезип, төш какпаган сыпайылыгы баамдалат. Акындык жол–азаптуу, күрөшчүл жол, ошону менен бирге бийикке карай кеткен даңктуу да жол. Автордун: «Чыныгы акындык сапка кошула аламбы», «... дагы эле коркуп турам»–деген сарсанаасы да туура. Батыштын улуу калемгерлеринин бири Александр Дюма: «...Чыгарма жаратуу– бала төрөгөн менен барабар» – дептир. «Үмүттүн» автору А.Базарбаеванын «...баланы төрөп, багып тарбиялагандай эле бул ырларды тарбия-ладым да»–дегени жөндүү. Бирок, баланын төрөлүшү табыгый, анын тарбиясы канчалык...? –деген суроо жатат. Акындык–жаратмандык ары азаптуу, ары даңктуу жолдо бекемдик, өжөрлүк, эмгектүүлүк, эрктүүлүк сыяктуу сапаттар керектиги маалым. Акындын «...албетте, жакшы сөз күткүм келет»– деген үмүтү да колдоого аларлык, анткен менен ырларынын канат кагып, эл аралап учуп кетүүсүнө канчалык кам көрдү, канчалык тарбия берди, кеп ошондо.

«...Биздин жаш поэзиябызда, өзгөчө туңгуч жыйнагын чыгарган автолордо, адегенде өзүн окурмандарга тааныштыруу, анан поэзияга эмне үчүн келип, эмне иш жасап берерин ачыктан ачык жарыялоо «поэтикалык ант берүү» программалык чакырык таштоо мотивине жеткирген көрүнүш бар. Экинчи бир тааныш тема–мотив–өзүнүн патриоттук сезимдерин: кыргыз улутун, Ата журттун, Ала–тоону сүйөрүн үчүнчүсү–туулган айыл–кыштагын көкөлөтө мактоо»[54]–деп сынчы А.Эркебаев белгилегендей, А.Базарбаеванын бул туңгуч жыйнагы да ушул салтты жолдойт.

«Кыз насиби аргытылган таш дешет,
билбейт качан, кайсыл жерге түшөрүн.
Алыс кетсе сагынышып түнөгүн,
туулган жердин топурагын эңсешет.

Деген сөздү эчен угуп жүргөмүн,
маанисине бирок чыны жетпегем.
Башка журтка, бөлөк элге бүлөлүү,
болгонумда мен өзгөчө сезгенмин.

[54] А.Эркебаев. Азыркы учур жана кыргыз поэзиясы.Ф.,1980,126-б.

Ата журтун кыз бөтөчө сүйөрүн,
алыс жүрсө көкүрөккө тагылган,
ак тумардай ыйык сактап жүрөрүн

Жылуу үчүн адамдардын өңдөрү,
жылуу мага Ата журттун кышы да.
Кыр–кырларда кекиликтер көбөйүп,
жакын барсаң жайнап көккө«пырр» учат»[55]

(«Ата журтка арзуу»)

«Ажайып туптунук көк асман,
эл, туулуп–өскөн жер,
алыс–бол, жетүүгө татаал бол,
баари бир силерди сагынам»[56]

(«Тартылып узакка жол сапар»)

Бул сыяктуу ырлар Ата журт, тууган эл жөнүндө. Ал эми поэзиясы тууралуу:

«Ак кагаз – жайнамазым,
ырларым ыйык теспем.
Азандап, бешим,куптан,
окуймун угуп кетсең.

Калбасын намаздигер,
дил төшө окурманым,
Бүгүн ыр намаз жума ...»[57]–деп ырларын ыйык тутаарын билдирет. Жаш акындын чыгармалары жөнүндө адабий чөйрөдө али сөз боло элек. Адатта жаш акындардын баштапкы жыйнактарынын алгачкы беттерин–де тушоо кести сыңарында айтылган устат акын же адабиятчылардын сөзү орун алчу эле, жыйнактардын биринен да мындай сөздөрдү жолуктурбадык. Кантсе да «акындык сапка» кошууга үмүт байлап, «жүрөгүндөгүсүн айтып, жүрөгүндөгүн жазган» талапкердин эки ыр жыйнагы эл аралап калды, белгилүү сынчы Кадыркул Даутовдун: «...Жазмакер ким, чыныгы жазуучу, табиятынан акын

[55] А.Базарбаева. /м\т.Б.2006,7-б
[56] А.Базарбаева. Ж\ръг\мд\н ээсине.Б.,2009.6-7-б-р.
[57] А.Базарбаева.\м\т,Б.,2006,6-б.

ким, ыр уйкаштырууга ышкыбоз ким, ар бирин өз–өз ордуна коюп, өз убагында таанып да, калайык журтка тааныттып да жүрүү–баарыбыздын адабиятчылык да, адамдык да парзыбыз болууга тийиш»[58]–дегендей, ыр жыйнактарга, андагы ырларга карата ой–пикирлер айтып коюу кажет.

«Шоктугуң ай шоктугуңа жок ченем,
шоктугуңдан, чоктугуңдан от денем!
Бул ааламда теңдеши жок көрүнүп,
сенден ашкан мырза жигит жок белем»–деген саптар

«кыз жүрөгү, ыр түнөгү» дегенчелик, ыр илебинен аялзаттын жароокер деми, анын кумарлуу кучагы, сүйүктүү сезими туюлат:

«Жаздын гүлү наристедей таптаза,
жайнап турсаң жүрөгүмдүн ээси сен!
Таңкы торгой сайрап үнү башкача,
делбиреткен жүрөгүмдүн ээси сен!

Балам турса энелигим сездирген,
балкып дүйнөм жүрөгүмдүн ээси сен!
Ыйык дүйнөм, ата–энем, жерим кең,
алмаштыргыс жүрөгүмдүн ээси сен!

...Табияттын миң сан кыры керемет,
ой–кыялын чексиз берген пенденин.
Касыеттүү жана эч бир теңдешсиз,
оо, Кудайым, жүрөгүмдүн ээси сен!»[59]

Ыр саптарынан автордун дили, курчап турган дүйнөнү кучагына сыйдырган сезими, бардыгер дүйнөсү жышааналанат. Классикалык–традициялык уйкаш, ыргагы көңүлүңдү сылап өткөн нукура поэзия.

Бирок, атаганат, жыйнактарындагы көпчүлүк ырлар ушундай эмес экендиги өкүндүрөт. Уйкаштыгы сингар–монмиялуу, муун өлчөмү так, ою жыйынтыктуу, түшүнүктүү, ылайык ыргактуу, ойкуштаган ойку–кайкылыгы жок, жөнө-көй табит, табыгый мүнөздө жазылган бул ырлар форма-сынан жаш

[58] К.Даутов.Талант.Таанылбай койбойт.Б.,1986.ж.
[59] А.Базарбаева.Ж\ръг\мд\н ээсине.Б.,2009,16-б.

талапкер акындын качышы–аны жыйнактардан орун алган ырларды жаратууда айтарлык ийгиликке алып келе алган эмес.

Азыркы кыргыз поэзиясында традициялык уйкаштуу ырлар да, бей–уйкаш эркин ырлар бирдей эле жаралып жашап жатат. Традициялык ырлар табиятында турмуштун өзүндөйлүгүнө умтулат жана көпчүлүккө түшүнүктүү көнүмүш обьектилерди, деталдарды тандайт, ырааттулук–ка, табыгыйлуукка, композициядагы тышкы логикалуулук–ка, сөздүн жандуулугуна умтулуп, образды жасалма күчөтүүнүн ар кандай каражаттарын:тропторду, татаал ыргактарды кооштурбайт. Поэзиянын бул тибинде ыр куруу–өз кезегинде бир топ түйшүктү–уйкаш, муун, ыргак өлчөмдөрүн иретке салып, бирдиктүү композициялык форма түзүүнү талап кылат. Ал эми азыркы поэзиянын эркин ыр тибинин табиятында деталдардын сүрөттөмө–чүлдүгү, композициялык контрсттар жана бурулуштар, субьективдүү тропторду күчөшү, ритмика менен фоника-нын туюмдуу күчүнө умтулуу басымдуулук кылат. Албетте, эркин ыр формасы азыркы ыр турмушун адекваттуу чагылта алчуу ылайыктуу форма катары кабыл алынат. Азыркы дүйнөнүн татаалдыгы, окуялар менен процесстер-дин масштабдуулугу сөзсүз түрдө өзүнө ылайык татаал, мүмкүнчүлүктөрү кең, көп кырдуу форманы талап кылаары түшүнүктүү. Эркин ыр формасынын мүмкүнчүлүгү кең, географиялык чеги жок. Кыргыз акындарынын адабий–көркөм кругозорунун бара–бара кеңейишинин натыйжа-сында ыр куруунун бул тиби поэзиябыздан биротоло орун–очок алууга бет алды.

Акын–сөз зергери, ой зергери. Ар бир сөздү ойго кынаптап, бүтүн бир дүйнөнү жаратуу үчүн ага чыгармачыл өнөркана керек. Ал ошол өнөрканасында зергер устадай узанат. Традициялык формабы, эркин ыр формасыбы–аны заманбап мазмунда, көпчүлүктүн көөнүнө төп келе турган кылып жаратуусу зарыл болот.

Традициялык ыр формасы өз чөйрөсүндө биротоло калыптанып, бай тажрыйбага ээ болгон көрүнүш. Ушундан улам ыр жазууга талапкер болгон адам алгач салттуу форманын эрежелерин, принциптерин толо өздөштүрүп, аны менен өзүнө

поэтикалык жол таап, белгилүү бир мерчемдерге чыгышы–талапка ылайык. Биздин оюбузча, учурда эркин ыр менен чабыттаган белгилүү акындары–быздын көпчүлүгү ушул жолду басып өтүшкөн.

Сөзгө алынып жаткан талапкер акын А.Базарбаева–нын ыр жыйнактарындагы ырлар автордун ырга болгон ышкысын, шыгын, арзуу, эңсөөлөрү менен кошо белгилүү бир деңгээлде лирикалык каармандын образын ачып берүүгө жетишкен. Бирок жыйнактардагы көпчүлүк ырлар редакциялоого муктаж. Чыгармачылык өнөрканадан ийине жеткирилбей, чийки жаралып калган.

Мисалга: «Ыппысык, шыбак талаа,
мээ кайнайт күн күйгүзгөн.

Адырлар такыр чөп жок,
баштардай күйгүзүлгөн

Чырылдап чегирткелер,
жоолордой беттеп келип
Чөптөргө кыргын түшкөн,
кызыгаар эчтеке жок.

Саргаят сар жыландар,
суурлар бир–биринен.
Ийинден–ийиндерге,
чуркашып жүрөт ылдам

Эх кандай,кандай сонун
күнөстүү мекеним сен,
Кең талаам таштабайбыз!
күн сүйгөн кескелдирик
күн өткөн ташта байкуш»[60]. Бул ыр толугу менен мисалга келтирилди. Биринчи төрт сапты бир караганда уйкашы бар, жаратылыш көрүнүшүн чагыл–дырган маани жатат деп эсептегенде да, андагы сөздөрдүн көркөмдүк байланышына саресеп салсак: «Ыппысык» деген сөз–өтө ысык эмес, жылуу деген мааниде, ал эми «мээ кайнайт күн күйгүзгөн» деген сөз «ыппысыкка» анчалык коошпойт, ошондой эле адырлар–дын «күйгүзгөн баштардай» деп сүрөттөлүшү ыксыз. «Чөптөргө кыргын түшкөн, кызыгаар эчтеке жок», «саргаят сар жыландар» деп көрүмсүз, кунары жок көрүнүштү айтып келип: «Эх кандай, кандай сонун, күнөстүү мекеним сен»–дейт. Кийинки саптардагы: «кең талаам таштабайбыз! Күн сүйгөн кескелдирик күн өткөн ташта байкуш» деген сөздөрдөн эмнени түшүнүүгө болот? Эркин ыр формасындагы бул ырдан биз туйбаган дагы кандай терең маани бар? Айтарыбыз, мында автор өзүнөн алдыңкы эркин ыр жазгандардын таасири менен ашкере эмоцияда сөздөрдүн альхимиясына өткөн, айтайын дегенин чаташ–тырып, көрүмсүз, жагымсыз саптарга айландырып алган.

---

[60] А.Базарбаева. /м\т.Б.,2006.8-9-б.

Дагы: «Же бир сыйкыр молдо эмесмин,
же бир сага олжо эмесмин.
Арасат ай, жүрө берген,
жанымды айтсаң олдо эссиз

Чайналамын, кыйналамын
тегирменге түшкөн буудай–
өңдөнөмүн, өңдөнөмүн
Билбей жүрөм кай максатта,
кай тарапка көздөгөнүм...»[61].

Ыр саптарындагы «Кете албаймын, кете албаймын», «Молдо эмесмин», «олжо эмесмин», «өңдөнөмүн, өңдөнө–мүн» деген орунсуз кайталоолор эми гана калем кармап, ыр жазууга отурган мектеп окуучусунунун ырын элестетет. Ошол эле төрт саптыктагы: «Арасат ай, жүрө берген, жанымды айтсаң олдо эссиз» деген саптардан кандай ой, кандай маанилерди кабылдайбыз? Мындай алешем чийки ырлар автордун ыр жыйнактарында арбын экендигин жогоруда айтып өткөнбүз. Алардан нравалык маданият–тын, социалдык–эстетикалык кругозордун төмөндүгү, интеллектуалдык чийкиликтер даана көрүнүп турат.

«...Жыйнак деген жыйнак, ар бирине өзүнө ылайык талап коюлат, ошого жараша баасын алат. Жыйнак чыгарыш үчүн бир жакшы жыйнак чыгаргандай деңгээлге көтөрүлүш керек. Ал үчүн турмуштук тажрыйбанын жетиштүүлүгү менен катар поэтикалык көз караштын ырааттуулугу калыптангандай абалга жетиши, поэзияга карата мамиленин аныкталгандыгы керек»[62]–дейт белгилүү сынчы А.Эркебаев, «...баарыдан мурда авторлорго талапты күчөтүү керек. Бир–биринен айырмачылыгы жок ортосаар жыйнактардын жолун бөгөй турган–коомдук пикир керек. Поэтикалык китептерди чыгаруудагы башкы критерий кайсы? Чыгармалары коомчулук алдында апробация болбогон, эч жерде жарыяланбаган автор кантип үч–төрт оңунан чыккан ырына кошуп туруп саман–топону аралаш жыйнак чыгарат? А чыккан китептер жөнүндө сын–дооматтарды жарыя айтыш адабий

[61] А.Базарбаева.Ж\ръг\мд\н ээсине.Б.,2009,29-б.
[62] А.Эркебаев.Азыркы учур жана кыргыз поэзиясы.Ф.,1980,126-б.

сындын коом алдындагы, журтчулук алдындагы ыйык милдети» – деп белгилейт дагы бир белгилүү адабиятчы–сынчы О.Ибраимов.

Бул адабий сын жаатында төбөсү көрүнгөн эки чыгаан сынчынын таасын айткан сөздөрүнө таянуу менен өзүбүз обьектиге алган талапкер–акынга аза–булак айтылган сын–пикирди туура кабылдап, мындан кийинки чыгармаларына мээрбан жана кашкөй эне турпатында мамиле кылуусун сунуштайбыз.

# АДАБИЙ СЫНДЫН КРИТЕРИЯЛАРЫН КӨТӨРӨ АЛА ТУРГАН ЧЫГАРМАЛАР ЖАРЫК КӨРСҮН

Поэзияда өзгөчө көрк берип, жалпынын жан дүйнөсү менен жашоо ышкына жагымдуу маанай жараткан негизги темалардын бири–махабат лирикасы. Бул тема дээрлик бардык акындардын чыгармачылыгын коштоп жүрүп отурат. Чындыгында да, махабат адамдын бардык кубаныч бактысына, жаркын мүдөө, жандуу аракет, жашоо кумарына ортоктош жашайт, ага жаңы дем берип шыктандырат, көмүскөдө жаткан башталмаларын өнүк–түрүп, кээде өзүн да жаратып салат.

Өткөн кылымдын 70–80–жылдарындагы кыргыз поэзиясынын тематикалык жиктелишине кайрылып,сынчы К.Ботояров: «...Эгерде биз учурдагы поэтикалык (лирикалык) продукциянын тематикалык жагдайына көңүл бурсак, сан жагынан алганда сүйүү ырлары биринчи орунда турат. Ага удаалаш ар бир жазган адамдын туулган жери, ошол жердин айлана–чөйрөсүндөгү топонимдерге жалпы эле тоого арналган ырлар кирет. Сан жагынан гегемондук орунда турганы менен жогоруда айтылган эки тематикага бириккен ырлардын сапаты алымсындыр–байт»[63],–деп жазган эле. Сынчынын пикири орундуу, тематикалык диапозон кеңири болгон менен сапаттык жагы терең эмес, башкача айтканда, акындар бир темага үңүлүп кирип, анын жеткилең образын түзүү багытында изденбей жатышкандыгы чыгармачылык репертуарлардан көрүнүп турат. Адатта тема–багыт, идея–ачылыш. Бир эле багытта көп кырлуу ачылыштар, жаңылыктар болушу мүмкүн. Мында акын жаңы ачылыштарды, жаңылыктарды жараткан феномен болуп көрүнөт. Албетте, биздин акындарыбыздын ичинен да тандаган темасына тереңдеп кирип, аны ар тараптуу изилдеп, бир бүтүн тыянактагы образ жаратууга жетишкендери жок эмес. Мындай жетишкендиктер акындык сапардагы өзүнүн поэтикалык жаңы «материгин» ачкан, поэзиянын кеңири дүйнөсүнө баш баккан эсептелүү гана акындар (азыркыдагы) – С.Эралиев, С.Жусуев,

[63] К.Ботояров.Поэзиябыздагы кээ бир маселелер.//Ала-Тоо.1976.,№6.154-б.

С.Акматбекова, Э.Эрматов, А.Өмүрканов, О.Султанов сыяктуулардын чыгармачылы–гынан көрүнөт. Булардын чыгармачылык өнөрканасындагы түрмөктүк, циклдик формалар идеялык–тематикалык жактан белгилүү бир деңгээлде ийгиликтүү иштелип чыккан деп айтсак жаңылышпайбыз. Бул сыяктуу төбөсү көрүнгөн акындарыбыздын жолун жолдоп, аларга таасирленип, белгилүү бир теманы тандап, ошол багытта өзүн сынап көргүсү келген жаш талапкер акындарыбыз да жок эмес экен. Ошолордун бири мисалында Баткендик акын–талапкер Тургунбай Жумабаевдин сүйүү темасын тандап анын, образын дагын да тереңдеп ачмакчы болгон далалатына аза–булак саресеп салып көрөлү:

«Ыр башаты – ырчы мөл булак,
күүсүн чертип мөлтүр башаттын.
Шунча өмүрдү ырсыз коротуп,
дил булакты муунтуп жашапмын.

Ыр дүйнөсү чексиз мухиттей,
тамчысымын мен бир булактын.
Элден алып күүсүн канаттын,
окурманым сага бир сыр ачтым.

Ыр дүйнөсү түпсүз ааламдай,
күүсүн угуп тунук башаттын.
Ырга айлантып аппак сүйүүнү,
мен силерди келет жашарткым»[64], –дейт автор 2004–жарык көргөн «Сен бар үчүн» ыр жыйнагынын баш жагында келген «Окурманга» деген ырында. Жыйнактагы ырлардын бет ачаары катары келген бул ырдын автордун чыгармачылык жолун,анын башатынан тарта учурдагы дареметинен кабар берип, мындан ары эмнени айтаарын, анысы менен алдыдагы максат–мүдөөлөрүн кошо чагылдырып тургансыйт. «Ырга айлантып аппак сүйүү, мен силерди келет жашарткым» деген саптардан поэзиядагы сүйүү темасынын чечмеленишинин дагын бир көркөм дүйнөсүн ачмакчы болгон акындык дымак көрүнөт.

[64] Т.Жумаев.Сен бар \ч\н.Б.,2004,8-б.

«... Чын–чынына келгенде сүйүү ырларын жазууга эч ким каршы чыкпайт. А түгүл, тарыхта өз чыгармачылыгын жалаң ушул темага дээрлик бүт бойдон арнап койгон залкар акындар бар. Бирок алар махабат лирикасынын теңдешсиз үлгүлөрүн жаратып кетишиптир. Адатта мындай акындар деп Данте менен Петрарканы, Катулл менен Махмудду атайбыз. Эгерде Катулл аны сүйүп калып жалгыз ошого арнап махабат ырларынын көптөгөн мыкты үлгүрөрүн жаратпаса, анда биз мындан эки миң жыл мурда жашап өтүп кеткен эселек бир Лесбия аттуу кыз жөнүндө эмнени билер элек. Дантенин Биатричеси, Петрорканын Лаурасы, Махмуддун Мариямы жөнүндө да ушундай эле ойду айтууга болот. О, ал учурда махабатка карата башкачараак болгон окшойбу! Кийинки эле Ромео менен Олжобайлар,Тахир менен Саринжилер, Тристандар менен Кулмырзалар азыр азайып кеттиби деп турам. Анткениме себеп, учурубуздагы ар бир акындын railминде ондон ашык «Лаурасы», андан да ашыгыраак «Лесбиясы», «Биатричеси» бар. Ар башка жыйнактарын аңтарыштырып отурганда да, бир эле китебинде кеминде он чакты кыз–келиндин атына арналган ырлардын ар биринде «сенден башка периште жок мен үчүн» деп онуна тең өпкө–жүрөгүн чаап буркурап, «күйүп–сүйүп» жүргөн акындарыбыз көп».[65]–деген белгилүү сынчы К.Ботояровдун учурубуздагы ырларга болгон көз карашына кошулганыбызда, чыныгы сүйүүнүн образынын ачылышы үчүн акындын өзү махабатка, махабаты ырына айланып, өлөр–өлгүчө аздектеп, жашоосунун мазмунун ошого байланыштырып күүгө салыш керек.

Биз сөзгө алып жаткан автор ушул сөздүн маани-синде чындап эле аракетке түшкөн адам. Бул анын жарыкчылыка кумар–ышкыны, көңүл көксөп, жүрөк эңсеген туйгуларды аздектеп, сыр жашырбай төгүлгөн ыр саптарынан көрүнөт:

«Көз күйөт. Сылайм кыялда кара чачыңдан,
кадырың шунча – калкымда сендей табылбас.
Өзүңө жетпей өзөгүм күйөт жалындап,
бу тагдыр,билбейм,мынчалык неге мага кас?

...Сагынчым күчөп,сарсанаам такыр арылбай,

[65]К.Ботояров.Поэзиябыздагы кээ бир маселелер.//Ала-Тоо,1976,№6,154-б.

арзуудан тапкан жараатым өйүйт күч алып.
Менчелик эч ким баркыңды билбес деп жүрөм,
пайсалга салып,парваана кылба мынчалык»[66].

Сулуулукту көрө билүү, анын көңүл көксөткөн көркүнө жүрөктөн баа берип, ага кумарлана, суктана билүү–адамдагы арзуулуу, үмүттүү дүйнөнү жаратат. Мунун өзү–сүйүү, жашоого, өмүргө болгон ынтызарлык. Жогорудагы ыр саптарында лирикалык каармандын «көзү күйүп» сулуулука суктанышы, кыялда сулуунун капкара кундуз чачынан сылап, бирок жетпей өзөгү күйүп жалындашы, «сагынычы, сарсанаасы, арзуулары–анын» жан дүйнөсү, жашоого болгон ышк–кумары. Муну менен лирикалык каармандын сулуулукту көрө билген ойгок сезими, аны кадырлап,кастарлап жашай турган турпаты жышаанала–нат.

«Арзуу деген өкүмү күч,өрт сезим,
байрак болуп келет алга жетелеп,

[66] Т.Жумаев Сен бар \ч\н.Б.,2004,9-б.

Бир өмүргө жетер,билсен,бир сүйүү,
максат үчүн күндөй жанып күй демек»[67]

же: «Сен бар үчүн кыялдарым тазарып,
бир сени деп бүт жан дүйнөм мүшкүлдө.
Сен бар үчүн улам артып кызыгы,
дүрт өрттөнүп кетпей жүрөт бул дүйнө»[68]

Талапкер акындын бүгүнкү күнгө чейин «Кумар көз», (2002–ж) «Сен бар үчүн», (2004–ж) «О, сүйүү», (2009–ж) аттуу үч ыр жыйнагы жарык көрүп, эл аралады. Жыйнактардын аталышы айтып тургандай, алардагы ырлардын дээрлик бардыгы сүйүү жөнүндө.

Автордун бүт чыгармачылыгында жалаң гана сүйүүнү күүгө салып, анын жаркын образынын өзү туйган дагы башкача кырларын ачмакчы болгон аракетине эч ким каршы болбостугу анык. Бирок аракет канчалык деңгээлде ишке ашты, жыйнактагы ырлар поэзиянын таламдарына жооп берип, алган багыты боюнча чымырканган чыгар–мачыл изденүүлөрдүн натыйжасында жарала алганбы, кеп ошондо. Мындан аркы сөзүбүздү ушул суроонун тегерегинде улантууга туура келет. Удаалаш жарык көргөн ыр жыйнактарынын ар бирине өзүнчө токтолуп отурбай, сөзүбүздү бул үч жыйнактын жалпы жонунан жүргүзсөк деле болчудай, анткени жыйнактан–жыйнакка көркөм формалык өзгөрүүлөр, поэтикалык бурулуштар жок, бардыгы бир фондо, бир тондо, сапаттык, стилдик айыр-мачылыктар көрүнбөйт, жыйнактардын жалпы фонунда өз алдынчалыкка–жаңы ой, жаңы формага умтулган аздыр–көптүр аракет да байкалбайт. Жыйнактан–жыйнакка тек гана карандай акыл күчүнө салып, бир эле фигураны бирдей темпте боёмолой берүүдөн ырлардын саны көбөйүп, поэтикалык көркөмдүктүн өңү өчүп бараткандай таасир калтырат. Бирин–бири кайталаган ырлар, саптар, образдар, примитивдүү сентенциялар арбын. Ыгы келсе да, келбесе да, жанды сабап кагылып–согулуп: «жамгыр-дай төгүлгүм бар», «мойнуңа маржан болуп өрүлгүм бар», «кызгалдагым», «жалжал көзүм», «жоодурак көз тунугум», «периштем» дегендей дежур

[67] Т.Жумаев О,с\й\\.Ош-2009.7-б.
[68] Т.Жумаев Сен бар \ч\н.Б.,2004.13-б.

сөздөр активдүү; жүрөк козгогудай ой, сезим жараткан салыштыруулар, тилекке каршы өтө сейрек. Жыйнактардагы ырлардын көпчүлүгү али ийине жетпеген, редакциялоого муктаж, адабият чыгармасы катары акыбалы арабөк, деңгээли абдан эле төмөн. Алар адабий сындын критерийлерин көтөрө албоочудай. Ыр куруу техникасы жетишпеген, караманча кара күчкө салынуудан жаралып, поэтикалык жыт–жышаанасы жок «ыр сымактардын» толтура экендиги көңүл кирдетет.

«Суу түбүндө таш болуп жалтылдайсың ,
пиялада чай болуп кылтылдайсың .
Кызыктырып назыңа жан дүйнөмдү,
оттой тартып өзүңө кырсылдайсың!

...Баштап коюп бүтө элек ырымдайсың ,
эңсеттирип, жете элек кырымдайсың .
Качан канам назыңа, наз күлкүңө,
түбү терең, купуя сырың кайсы?»[69]

«Биз эми жолуга албайт өңдөнөбүз,
өзүңө–өзүң ээ болуп кээ күндөрү.
Жашырып окууруңду ырларымды,
атымды уксаң селт этип сестең катып,
Сыр бербей жарыңа жарк күлөрүңдү
тымызын туюп,сыздап жүрөм, жаным»

«...Сени менен кошо келген дүрбөлөң,
жаз жамгыры,кеч күздөгү бурганак,

[69] Т.Жумаев.Сен бар \ч\н.Б., 2004.31-б.

жандандырат сүйүү ырынын ыргагын:
тара–тара–тара–тара–тара–там!»[70]

Мындай жалган сезимге жамынган табитсиз, ыксыз салыштырууларга оронуп алган ырлар айрыкча автордун «Сен бар үчүн» ыр жыйнагында жыш кездешет. Мындай табитсиздик чубалжыган эзилме сентенциялар, үстүрт патетика, дайынсыз кыйкырыктар менен коштолот. Автор сүйгөн кызын: «Суу түбүндө таш болуп жылтылдайсың» деп сүрөттөйт, акылга сыйбаган ыксыз салыштыруу–сулуу кыздын назиктиги, жыпар жыты эч качан суу түбүндөгү муздак ташка салыштырылбаган, анан «жылтылдайсыңга» «кылтылдайсың», «кырсылдайсың», «ырымдайсың», «кырымдайсың» сыяктуу көңүлдү кайт кылуучу дегеле мааниси жагынан дал келбеген ашмалтай уйкаштыктар улана берет. Адатта сүйүшкөндөр бири–биринин атын угушканда жүрөктөрүн жылуу сезим аралап, жүздөрү тамылжып жаркын маанай жаралса, бул лирикалык каармандын сүйгөн кызы анын атын укканда «селт этип сестеси катып» өң–алеттен кетип кумсарып калат. Ошондой эле сүйүү менен кошо дүрбөлөң келип, жаз жамгыры, күздөгү бурганак (күздө бурганак–борошо болобу, ал кезди кыш дейт ко) сүйүү сезимин жандандырып, буга жаш баладай сүйүнгөн ыр жаратуучу: «тара–тара–тара–тара–тара–там» деген ыксыз, дал келбе–ген сөздөр менен оюн аяктайт. Элирме эклектика, ыгы жок эмоционалдуулуктун айынан, бир акын жазгандай, «орто жерде сөз беймаза» болуп, сөздү кордоп, орундуу жерден да, орунсуз жерден да тебелеп–тепсеп оромпой тебе берүү–акындыкка жатпайт.

«Дайралар тоого карап акпагандай,
жылдыздар саар чыгып кеч батпагандай,
абышка жигит болуп кетпегендей,
ай күндү кууп такыр жетпегендей,

[70] Т.Жумаев Сен бар \ч\нБ.,2004.26-б.

жолугуу биздин эми болбой калды,
сүйүү балтыр эти толбой калды»
Жолугууну пландап сызып салдык,
аны биз аткарабыз кыялдарда»[71]

Бул саптарда да поэтикалык жышаан жок, тескерисинче, окшошпогон олдоксон салышыруулар туюм жаңыртпастан, ойду тумандатып кайра караңгылыкка тарткандай таасир берет

Бул жерде автордун ыр курууда сөз менен иштөөсүнүн, ырга болгон мамилесинин жоопкерчиликтүү деңгээлге али көтөрүлө электиги даана байкалып турат. Албетте, ыр куруу–ыйык өнөркана, ар бир сөздү дилде чайкап, жаңы ой жаратып, аны жүрөккө жаңырыгы менен заманбап ыргакка салуу–түмөн түйшүктү, толгонуу–толготууларды талап кыларын акынмын дегендердин баары түшүнөт. Бул чыгармачылык азапты дүйнөлүк адабияттын көрүнүктүүлөрүнүн бири А.Дюма: «...Чыгарма жаратуу бала төрөгөн менен барабар» деп образдуу айткан экен. Чындыгында айы, күнү жетип, толгоо менен төрөлгөн бала менен мезгили жете элек чала төрөлгөн баланын айырмасы болот. Ошонун сыңары али ар тараптуу бышып жете элек ырды ден–соолугуна карабай эптеп чөргөп салса, анын келечеги, өмүрү кандай болот? Автор–жаратмандын ар бир ырынын өмүр–тагдырына кам көрүп, ага боорукер эне сымал мамиле кылуусу зарыл экендигин дайыма эсте тутуу зарыл. Образдуу мисал келтиргенибиздей,жогорудагы ыр кемчилдиги көп, редак–циялоого муктаж, арабөк продукция. Бул ырды тажрый–басыз, ыр куруунун техникасын али толук өздөштүрө элек мектеп окуучусу жазса мейли деңизчи, бирок бул ыр–адабияттан сабак берген, ыр дүйнөсүнөн кабары бар адамдын калеминен жаралып отурганы өкүнүчтүү. Ыр саптарындагы: «...жолугуу биздин эми болбой калды, сүйүүнүн балтыр эти толбой калды» дегендерден сөздөрдүн зордукталып орун алмашуулары, маселен, «биздин жолугушуубуз эми болбой калды» деген сүйлөм «жолугуу биздин эми болбой калды» болуп синтаксисттик обороттун байланышсыз, ыксыз кертилген кемчиликтүү жолу менен ыр курууга далалат жасалат; жолугушуунун болбой калгандыгынан «сүйүүнүн балтыр эти толбой калды» деген жыйынтык ой

[71] Т.Жумаев Сен бар \ч\н Б.,2004.26-б.

берилет. Ыр болбосоң коё кал, таң каларлык салыштыруу–«сүйүүнүн балтыр эти» деген сөз бир күлүп, бир ыйлап турат. Булар шатыланып сабы сындырылган кара сөздөн көп айырмаланбайт. Ошондой эле «акпагандай», «батпагандай», «кетпегендей», «жет–пегендей» анан ошол эле саптардын тутумундагы «калды», «калды» деген сөздөрдүн шыдыр уйкаш форма–сында катарлаш келиши таптакыр поэтикалык көркөмдүк бере албайт, «калды», «калдылар» – дай–дөй, –дей–дейлер менен уйкашпайт, эркин ыр маанисин да бербейт. ж.б.

«Бир көргөнгө кабак ачык,ойлор түз,
бир санынан кийинки эки нөлдөйбүз»

...Өйүз–бүйүз өскөн эки талдайбыз,
дайрадагы куушуп аккан салдайбыз»[72]

«...Кең эле жол, неге эми тарып калды,
Сапарыбыз неге эрте карып калды»[73]

«...Ырым менен арбагым келип турат,
сырымды айтып жайнагым келип турат»[74]

«...Сенсиз,ырас,мен бир байкуш кокуймун,
сага арнап ырларымды окуймун»[75]

Мындай оңунан чыкпаган олдоксон саптардан мисалга ала берсек алардын саны көбөйүп кетер эле. Жогоруда айтып келе жаткан көз караштарыбызды акырында дагы бир жолу бекемдеп коюу үчүн бул саптарды атайлап куплеттерден үзүп алып, ой айтууну туура көрдүк. Биринчи экиликтеги: «...бир санынан кийинки эки нөлдөйбүз» деген салыштырууда поэтикалык табият барбы, болсо анын көркөмдүк мааниси кайсы? экинчи экиликтеги: «...Өйүз–бүйүз эки талдайбыз, дайрадагы куушуп аккан салдайбыз» деген саптарда поэтика барбы? Алар жөн эле сөздөр, чубалжыган узун сөздөр... Адатта «поэзия – көп ойду аз сөз менен берүүнүн жолу» делинет, эч кандай эргүүсү жок,

[72] Т.Жумаев О,с\й\\.Ош-2009.37-б.
[73] Т.Жумаев.О,с\й\\.Ош-2009,33-б
[74] Ошол китепте:35-б.
[75] Ошол китепте:23-б.

жадатма, зеригиштүү ой кунарын учурат, таалим–тарбия бербейт. Мындагы «талдайбыз», «салдайбыз» деген сөздөр зордук менен алып келинип, көктөшү, көктөбөшү эсепке алынбай эгип коюлган көчөттүн элесин берет. Кийинки экиликтердеги редиф катары келген «калды», «калды», «турат», «турат» деген сөздөр поэтикалык көркөм ой берүү функциясынан ажырап, олдоксон абалга түшүп калган. Акыркы экиликтеги: «кокуймун», «окуймун» деген сөздөр мурдакылардан да кыйын абалда, сөз тизмегиндеги маани, маңызы жок, ашмалтай уйкаш ролун аткарып калган.

«...Бирок, айрым авторлор баягы эле көргөн укканын ортого салган тайыз дидактиканы, желдирме литературшинаны, кубарган ырсымактарды китеп кылып чыгарып поэзия деген наам менен элге берип жатканы кимди болсо да ойлонтпой койбойт. ...Окурмандардын табитин тарбиялап, ошол ортосаар китептердин арасынан татыктууларын таап бериш, жакшыларынын да, жаман–дарынын да тегерегинде коомдук пикир түзүп,сын–дооматты бетке айтыш, китептерди дурус жана буруш жактарын ачып чыгыш адабий сындын азыркы учурдагы бирден–бир бийик вазипаси»[76] –деп белгилүү сынчы–адабиятчы О.Ибраимов белгилегендей, бул чакан ыр жыйнак китепчелердин адабий деңгээли боюнча бир топ узун сөз козголуп жаткандыгынын жүйөсү жөнүндө китепчелердин автору да китепкөйлөр да туура түшүнүшөт деп ойлойбуз.

Жыйнак деген жыйнак. Ар бирине ылайыкталып талап коюлат, ошого жараша баасын алат. Жыйнак чыгарыш үчүн бир жакшы жыйнак чыгаргандай деңгээлге көтөрүлүш керек. Ал үчүн турмуштук тажрыйбанын жетиш–түүлүгү менен катары поэтикалык көз караштын ырааттуулугу калыптангандай абалга жетиши, поэзияга карата мамиленин аныкталгандыгы керек[77]. Караманча чийки, редакциялоого муктаж, сөздөрдү алхимиктей аралаштыруудан келип чыккан, жыйнакка кирмек түгүл, такыр эле эч жерде жарык көрүүгө акысыз ырлардын китептерден орун алып жатышы өкүнөрлүк.

---

[76] О.Ибраимов.Къз караш-Ф,1985,23-б.
[77] А.Эркебаев.Азыркы учур жана кыргыз поэзиясы-Ф,1980,122-б.

«...Поэтикалык китептерди чыгарууда башкы крите–рий кайсы? Чыгармалары коомчулук алдында апробация болбогон, эч жерде жарыяланбаган автор үч–төрт оңунан чыккан ырына кошуп туруп, саман–топону аралаш жыйнак чыгарат?»[78]–деп кийинки кездердеги басмадан жайнап чыгып жаткан, окурманын кубанаарлык эмес, кейиштүү абалга салып койгон ыр жыйнактар боюнча О.Ибраимов адабий сын жаатында тынчсызданган пикирин билдирип, чыккан китептер жөнүндө сын–дооматтарды жарыя айтыш адабий сындын коом алдындагы, журтчулук алдындагы ыйык милдети экендигин баса белгилегени абдан туура. Чыгармачылыгы, чыгармалары боюнча адабий сындын обьектисине алып, көз караш айтылган сын–пикирлерибиз авторго катуу тиерин алдын ала сезсек да айтылышы керек болгон, ошонун ичинде өзүбүз баамдаган ийгилик, кемчилдиктер (кемчилдиктери көбүрөөк) боюнча азырынча аза–булак сөз жүргүздүк. Албетте, ийгилик бар жерде кемчилдик болору түшүнүктүү, айтмакчы болгонубуз, бул жыйнактардын авторунда дегеле чыгармачылык данек жок, чыгармаларынын теңинен көбү жараксыз дебейбиз, автордо талант учкуну, умтулуулары болгон үчүн ушунчалык сынга алынууга татыгандыгын да айта кетүү кажет. Теорияда чыныгы акын болуш үчүн таланттын өзү, анан арзуу–умтулуулар да жетишсиз, ал үчүн тынбай изденүү, билим, тажрыйба топтоо, анан өжөрлөнө, көшөрө артынан түшкөн эрк, пейил, маңдай тер төккөн эмгек керектиги айтылат. Бул–Акындыктын азаптуу жолун басып өткөн адам гана акын деген наамга татыктуу болот демектир.

Эң оболу жаңыдан калем шилтеген адам чыгарма–ларын адабиятчыларга, төбөсү көрүнгөн акындарга көрсөтүп, алардын кеп–кеңештерин угуусу зарыл. Экинчи тараптан жаш калемгерлердин чыгармаларын кунт менен көздөн кечирип, аларга туура багыт берүү–адабиятчы менен устат калемгерлердин да түздөн–түз милдети экенин белгилеп кетишибиз керек.

Айта кетчу нерсе, азырда «Алтын бешик аймагынын мыкты акыны», «сөздөн сүрөт тарткан лирик акын» деген сый–атактарга жетишкен Атакул Жакыпов убагында өзүнүн чыгармаларын атактуу сынчы Кадыркул Даутовго көрсө–түп, кеп–кеңеш

[78] О.Ибраимов Къз караш.-Ф.,1985,57-б.

алыптыр. Сынчы анын «Жашыл арал», «Ички кайрыктар» аттуу жыйнактарындагы ырларды сынынан өткөрүп, китеп болуп чыгышына каалоолорун айткан экен. Ошондой эле журтчулукка белгилүү акындар–С.Жусуев, Ж.Абдыкалыков, Э.Нурушевдердин ийгилик–кемчилдиктерин талдашып айтышкан сөздөрү акындын чыгармачылыгынын калыптанып, изги жолго түшүшүнө оң таасир бергендигин айта кетүү керек. Автор өзүнө устат тутуп, азыр эл акыны наамын алган Э.Эрматовдун атын ырларында бир нече жолу тилге алат. Алардын бирөөсүнөн:

«Оо, сүйүү!
Сен терметип бейгам жаткан жүрөктү,
аппак кызга ашык болуп калыпмын.
Жашыра албай жаткан сырды ичтеги,
гилас кызга, гиластай ыр жазыпмын.

Алдын– кийин дил кубатын таптабай,
кашаң атты зор байгеге салыпмын
Алдыдагы абийир сотун ойлобой,
ашыктыкка жакын болуп калыпмын.

Ыр токупмун жаштар толгон кечтерде,
айдыңымды шок кыздардан угат деп.
Аңдабапмын дээримдеги канчалык,
бул үчүн мен угарым чын шылдың кеп...

Сени даңктап жан дүйнөмдү каккылап,
ырлар жаздым кашаң аз–маз кынаптап
«Баштадыңбы, демек, эми таштаба»,
деп, дем берди ышкы акыны Эрматов»[79]

Ыр толугу менен мисалга алынды. Ал «Оо, сүйүү деп өпкө–жүрөктү жөнү жок, кунарсыз каккылоолордон турган ыр цикли сымактын 47–бетинен 68–бетине чейинки 57–бетинен орун алган. Көрүнүп тургандай, ырда поэтикалык кунар жок. «Калыпмын», «жазыпмын», «салыпмын» деген ашмалтай уйкаштыктарды, «гилас кызга гиластай ыр жазган» автордун салыштырууларын, ырдагы идеялык–көркөмдүк, маани–маанайды автор устат тутуп, урмат менен тилге алып жаткан чоң акын Э.Эрматов кантип байкабай калды экен?

Ыр саптарындагы:

«Алдың–кийин дил кубатын таптабай,

кашаң атты зор байгеге салыпмын»,

«алдыдагы абийир сотун ойлобой», «аңдабапмын дээрим деги канчалык, бул үчүн мен угаарым чын шылдың кеп...» «ырлар жаздым кашаң, аз–маз кынаптап»–деген ыр сымал сөздөр авторго

[79] Т.Жумаев.Оо,с\й\\.Ош-2009,57-б.

карата ачуу келтирет, ошол эле учурда аны аяп да кетесиң. Анткени автор али «дил кубатын таптабай», «алдыдагы абийир сотун ойлобой», жараткан ырларынын убалына калып жатканын сезип,ал гана эмес, «бул үчүн шылдың кеп» угаарын да алдын ала жашырбай ачык айтып таштаптыр. Бирок эмне үчүн китеп кылып элге таратты? Устат тутунган пири Э.Эгемберди: «жаза бер, ушундай чийки ырларды жаратып элге шылдың боло бер»–деп дем бергенби? Устаттык, кала берсе адамгерчилик жааты менен да көз жүгүртүп, кеп–кеңеш, туура багыт берүү чоң акындын парзы эмес беле? Автор «Оо, сүйүү» аттуу жыйнагынын баш жагында өз тушоосун өзү чечип: «...Сизге тартуулап жаткан бул китепче аруу сезим махабат жөнүндө, урматтуу окурман! Адам баласынын эң эле ыйыгы, эң эле тазасы болгон махабат жөнүндө кимдер жазып, кимдер ырдабаган. ...махабат–ыр, ыр–махабат, ошон ар бир сүйгөн жандын жан дүйнөсү тазарып, өз дилинде ашыктыктын акыны болуп калат»[80] ж.б. деп эбиреген сөздөрү Э.Эрматовдун «Махабат» аттуу ыр жыйнагынын бет ачарындагы: «...Бул китеп махабат жөнүндө. Бул–китеп менин жан дүйнөмдүн баяны, ...бул жалганда сүйүү гана өлбөс–өчпөс»[81]–деп, махабат жөнүндөгү ырларын окугандардан далай каттар келгенин, кээ бирөөлөрүнүн окуп алып ыйлашкандыгын билдириш-кендерин, жана да «бу китеп ыйык китеп, аны кир колуң менен кармаба, жакшылап оку» деген сыяктуу алдын ала өзүн–өзү көкөлөткөн узун баяндаманын начар кайталан-масы экендигин окурман билбей калабы? Ошондой эле автордун «Оо, сүйүүсү»– Э.Эрматовдун «Махабат саптары» ыр циклинин ашмалтай кайталанмасы болуп калгандыгы да көрүнүп турат. Бул көрүнүш «казга теңелип, карганын буту сыныптыр» деген макалды аргасыздан эске салат.

Автордун дагы бир устат калемгер деп эсептеп, көңүлү тартып кайрылган адамы–ыр, кара сөз түрүндө калемгерлик кылып жүргөн Нууман Сайдуллаев экен. Ал киши автордун «Сен бар үчүн» аттуу ыр жыйнагына баш сөз катары «Ширин шиңгилдериң мөлтүрөй берсин» деген ат менен каалоо–пикир билдирип, жаш авторду өтө көкөлөтүп, «Махабат Мажнуну» атап:

---

[80] Т.Жумаев Оо, с\й\\-Ош-2009,5-б.
[81] Э.Эрматов Махабат-Б.,1935,3-4-б-р.

«...Бир сөз менен айтканда, кыргыз поэзиясынын кыйырына бышып жетилген, тоборсугу толгон, каруусу каткан, өзүнчө үнү, шоокум дабышы бар, даргөйү кең, таланттуу акындын келгендигин», ошондой эле чыгармаларын «тамшаныл» окугандыгын, ырлардагы «жаңы салыштыруулар», «жаңы сөз айкаштары», «жаңы табылгалар» жамырап жаткан-дыгын көрөгөчтүк менен «тажрыйбалуу» устат катары айтып таштаптыр. Албетте, өзүнүн адресине мындай ооз көптүрмө баалоону уккан ар кандай эле жаш акын желдеп койгон чаначтай көөп кетери бышык. «Ширин шиңгилдериң мөлтүрөй берсиндин» авторунун жогоруда айткан сөздөрү биздин баамыбызча, биринчиден, ыр жыйнактагы ырларга ынтаа менен үңүлбөй, үстүрт, жалган сезим менен жазылганын, анын акындын ырларын «тамшаныл» окуганына ишене албайсың; Экинчи бир ой: бул устат калемгер болуп жыйнакка пикир–каалоо жазган автордун поэтикалык интеллектуалдык деңгээли «Сен бар үчүндүн» авторунан анчалык алыстабайт.

Айтылып келе жаткан сөз арасында «ыр жолу–ыйык жол»деген сөздү кыстарып өттүк элек, ошол ыйык жолдо калемдеш болуп, өсүп келе жаткан адамга көңүл коюп, кемчиликтерин айтып, туура кеңеш берүү–калемдештик да, адамгерчилик да бурч экендигин бул устат калемгер эсинен чыгарып койгон өңдүү. Дагын бир«устат», жазуучу–журналист аталган Аскар Ражабалиев жогоруда «Ширин шиңгилдериң мөлтүрөй берсин» дегенге үндөш: «Кош канатың көкөлөтүп учурсун!» деп өтө эле шаңдуу тема менен акындын чыгармачылыгы жөнүндө айтпай эле, анын «сакадай бою сары алтын»экендигин, «мактоо, сабырдуу, майин, шашпай, маани–маңызы менен сүйлөп,кулакты жибитип, муюта, ынандыра» билерин, көргөндө дайым «ака» деп «ак жуумал жүзү жарк этип турарын», каерде иштеп, каерде жүрөрү сыяктуу портреттик мактоо сүрөттөмөсүн жазыптыр.

Талапкер акын Т.Жумаевдин чыгармачылыгынан жакындан кабардар болгон эл акыны Э.Эрматов, Н.Сайдуллаев, журналист–жазуучу А.Ражабалиевдердин өз убагында авторго туура кеңеш бериши албагандыктары өкүнөрлүк көрүнүш. Ошону менен катар автордун «Сен бар үчүн» ыр жыйнагынын Курбанаалы Сабыров

атындагы сыйлыктын лауреаттыгына татыгандыгы Баткен дубандык жазуучулар бирлигинин туура баасы болду бекен..?

Автордун ыр жыйнактарындагы ырларга үңүлүп отуруп, чыны менен жүрөктөн чыккан, сезим жылытарлык, кадыресе поэзиялык деңгээлдеги ырлар да жолугаарын белгилей кетишибиз керек.

М: «... Ыр дүйнөсү чексиз мухиттей,
тамчысымын мен бир булактын.
Элден алып күүсүн канаттын,
окурманым сага сыр ачтым.

Ыр дүйнөсү түпсүз ааламдай,
күүсүн угуп тунук башаттын.
Ырга айлантып аппак сүйүүнү,
мен силерди келет жашарткым.»[82]

Көңүл көксөөсүнө ылайык, ар кандай окурмандын дилинен орун алар даремети бар ыр. Идеялык маңызы жагынан да, көркөмдүк–эстетикалык жагынан да төп келишкен поэзия деп баалоого арзырлык.

Дагы «...Балдар – менин байлыгым мол бактым,
балдар менен өткөн өмүр–гүл өмүр.
«Саламатсызбы,агай!»деген сөз үчүн,
мен мектептен кетким келбейт бир өмүр»[83]

Кандай гана жакшы ыр. Бул ырды окуп отуруп, атаганат, Эрматовду туурап бир–эки аялзатынын (Айжаркын, Айтунук) Мажнуну болбой, өмүрдүн, бүт курчап турган дүрү–дүйнөнүн Мажнуну болуп ырлар жаратса ийгиликтүү чыгар беле деген ой кетет.

...Кыргыз кесипкер жазма адабиятынын негиздөөчү–лөрүнүн бири, белгилүү романист Т.Сыдыкбеков бир кездерде акындардын алпы Алыкул Осмонов менен кошуна жашаган экен. Ошол кошуналык тушта Алыкулдун «Махабат» аттуу ыр жыйнагын магазиндерде сатыкта турган жеринен, эл колуна өтүп таралып кеткен жерлерден кайра алып, топтоп туруп өрттөп жибергенин өз көзү менен көргөнүн эскерген жери бар. Өз

[82] Т.Жумаев. Сен бар \ч\н.Б.,2004,8-б.
[83] Т.Жумаев. Сен бар \ч\н.Б.,2004, 63-б.

чыгармаларын өзү өрттөшү–албетте, акындын өжөрлүгү, кайсарлыгы эмес, балким анын бийик гумандуулугу, бул ыр жыйнактагы чыгармаларынын али чийки, тарбиялык таасири, таалими, элге жугуму жок деп иренжигенинен деп түшүнсө болор эле.

Жогоруда автордун жарык көргөн жыйнактары адабий сындын критерияларын көтөрө албастыгы жөнүндө айттык эле. Анан бул чала жан ырларды мынчалык эзмелей берүүнүн кажаты бар беле деген суроо туулушу мүмкүн. Буга дагы бир эле жооп: бул жыйнактардын мисалында поэзияга кылдат мамиле жасоо, анын ыйык жүгүн татыктуу көтөрүү, бул жолдо тынымсыз изденүү, үзгүлтүксүз окуу, үйрөнүү зарыл экендигин дагын бир жолу белгилеп кетүү.

# ТАРЫХЫЙ РЕАЛДУУЛУК МЕНЕН КӨРКӨМ РЕАЛДУУЛУКТУН КАРЫМ–КАТЫШЫ

Көркөм сөз өнөрү дүйнөнү рухий таануудагы адам-зат акыл–эсинин, аң сезиминин соолбос булагы. Ал кудум терeңдерден сызылып чыгып, жер бетиндегилерге түгөнбөс өмүр тартуулап турган тунук булак сыңары... Ал эми курчап турган дүйнөнү рухий жактан таануу, тую–адамзат жашоосунун маңыз–мааниси, бүтүндөй мазмуну. Мунсуз жашоонун зарылдыгы болбой калат. Ошондуктан кадимден бери көркөм сөз өнөрүн аралап, аны өстүрүп–өнүктүрүп келаткан доор таланттары акылман, ойчул–даанышман саналып, элдин терең урматында жашап келет. Алардын байкоолору, сезген–туйгандары тажрый-балары, ар бир айткандары өз тушунун, өз доорунун жашоочуларынын калың катмарына таралып, аң–сезим ойготууда, акыл–эс дүйнөсүнүн улам муун улап өнүгүп улам жакшы жашоого багыт алышына негиз болуп келүүдө. Көркөм сөз өнөрүн «искусствонун» бир түрү деп атоо да бир жактуу болуп калар эле, эгерде тереңирээк ой жүгүртүп караганыбызда, анын бардык илимдердин башаты экендигине, анда бардык жаралуулардын жаткан-дыгына ынанбай коё албайбыз. Бул багытта ой жүгүрт-көнүбүздө көркөм сөздүн чексиз кудуретине таазим этүү менен бирге көркөм сөз өнөр өкүлдөрүнүн талантына, түйшүгүнө, ааламды чарк айланып адамзат үчүн күйүп–бышкан оттуу–чоктуу жүрөгүнө, сезим–туюмуна, чыгарма-чыл тагдырына кайыл келбей коюуга болбойт. Албетте, алардын талант– даремети, элге чачкан рухий жарыгы бирдей эмес, бири чоң, бири кичине дегендей. Өз кезегинде булардын талант–жөндөмү эрк–кайраты учу–кыйыры жок океан мухитинен жаңы «материк» ачууга бел байлап сапарга чыккан саяктын элесин берет. Баш–аягы чексиз мухит сапарда мүмкүн, ал кемеси кыйрап толкундар арасында калгандыр, мүмкүн багытын аныктай албай, бир баскан жолун кайталап, алыстарга кеталбай, сапары ийгиликсиз болуп, аты өчүп калар, айрымдарынын тагдыры оңдуу болуп, нечен туңгуюктарды жарып өтүп, өзү эңсеген жаңы «материгин» ачар да андагы жашоону, турмушту баштап берер...

Адамзат жашап, тагдыр жолдору уланып келаткан ар бир доордун өзүнө жараша кыйын кырдаалдары, олуттуу көйгөйлөрү болуп келген. Буларды акыйкаттап, жакшылык жагына, багыттап чечүүдө көркөм сөз өнөр өкүлдөрүнүн эмгеги эбегейсиз болуп, алардын ар биринин мойнунда өз доор тушунун жана келечегинин оор жүгү турган.

Буга элдик оозеки чыгармачылыкты, ырчылар чыгармачылыгын айтпаганда да XX кылымдын баш жагынан башталган жазма адабиятыбыздын өкүлдөрү– Сыдык Карачев, Касым Тыныстанов, Аалы Токомбаев, Касымаалы Баялинов, Мукай Элебаев, Касымалы Жантөшев сыяктуу акын–жазуучуларыбыз өз деңгээли менен доордун рухий жүгүн аркалашканы, элүүнчү жылдардан адабий аренага чыккан чыгаан сүрөткер Чынгыз Айтматов баш болгон акын–жазуучулар келип доор проблемаларын чагылдырууда, элибиздин рухий потен–циалын көтөрүүдө ылайык озуйпа аткарып келишкени мисал боло алат. Албетте, булардан бардыгы өз үлүшүнө туш келген чыгармачылык–инсандык ар кыл тагдырда туруп өз идеяларын беришти, буга ылайык жол табышты. Кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн поэзиялык, прозалык, драматургиялык салааларында дүйнөлүк элдердин эч кимисинен кем калбаган даражадагы чыгармаларды жарата алды деп айта берсек болот.

Эгемендүүлүккө ээ болгон туштан бери көркөм сөз өнөр өкүлдөрүнүн милдеткерлик озуйпасы дагын да жогорулады, рухий аркалай турган жүгү оорлошту, б.а., тереңден тереңге карай изденүү, айрыкча бүгүнкү «таң кала турган нерселер да таң калтырбай» калган замандан эртеңки келечек доорлорду көрө алуу үчүн ылайык жол табуу сыяктуу кыйын кырдаал туулду. Бул тушта да кыргыз жазмакерлери туңгуюкка кептелип, өткөөл доордун торунан чыгуунун жолдорун билбей дымып калышкан жок, сынчы К.Асаналиев айткандай, «...Китепке кызыгуу баягыдай болбой, массалык маданият туташ үстөмдүк кылып турган учурда, ансыз да ориентациясын, багытын таппай жоготуп турган көркөм адабияттын кайра жанданып өркүндөй башташы, бул чыны менен таң каларлыктай көрүнүш»[84] болуп, элге таанымал калемгерлер менен катар адабиятка мурда белгисиз

[84] К.Абакиров.Жаёы кылымдагы кыргыз адабияты//жаёы Ала-Тоо.№3,март,2012,217-б.

авторлордун чечкиндүү аралашып, акын–жазуучулардын саны көбөйүү менен түрдүү жанрлардагы чыгарма–китептердин пайма–пай жарык көрүп жатышы–оюбузга далил.

Көркөм сөз өнөр майданындагы мурдакы жана кийинки калемгерлер, алардын эгемендүү заман тушун–дагы чыгармачылыгы, чыгармаларынын заманбаптык – сапаттык жагдайлары боюнча адабий сын – пикирлердин өтө зарылдыгы сезилүүдө. Биздин мындан аркы улана турган сөзүбүз мына ушул багытта болмокчу.

Кылым тогошкон туштагы кыргыз прозасына мура жазуучу катары аты чыга элек, өзүнөн мурдакылардай атайын «жазуучулук окуудан» өтпөгөн бирок сүрөткерлик дымагы күчтүү, адабиятыбызга эшик чертей «кирип келген калемгерлердин бири–Музапар Үсөнов. Өзү жазгандай, «...Болгону окуу жайды сырттан бүткөн, элдик универ-ситеттин ачуу–таттуусу менен такшалган, дүйнөнү кара кылды көк жарган калыстыгым менен карап жашаган сизге окшош окурманмын. Көкүрөктө туу туткан идеям– казак акыны Олжас Сулеймановдун «Элим эмнеге муктаж болуп турса, мен ошол болуп берем» деген, ата – бабалардын каны – денинде кайнап, муундан–муунга жуушуп келаткан атуулдук сөз»[85]. Калемгерди адабий журтчулукка жазуучу катары тааныткан «Сакылар жери» аттуу тарыхый романы болду. Буга чейин бир нече аңгеме, көркөм публицис–тикалык чыгармаларды жаратып, өзүнүн чыгармачылык дареметин апробациялагандан кийин гана көркөм сүрөткерлик өрүшүнө бел байлагандыгы аталган чыгарманын идеялык–эстетикалык мазмунунан көрүнүп турат. Чыгарманын идеялык–көркөмдүк турпатынан автордун коомдук–философиялык, нравалык кругозорунун кеңдиги, эстетикалык көз караштардын толумдуулугу, мезгилдин социалдык жана рухий таламдарын сергек баамдаган сезимтал дүйнөсү байкалбай койбойт.

Тарыхы болбой, эл болбойт. Тарых–элдин жер тереңинен азык алган тамыры, тамыры куруган дарак көктөбөй калган сыңары, тарыхы жок элдин элчилик турпаты өчөт, бара – бара жок болот. Бабалар баскан жол, алардын–руху дөөлөтү

---

[85] М./сън. Улуу талаа баяндары – Ош,2005,3-б.

кийинкилерге түгөнбөс азык болуп турганда гана эл элчилик өмүр улайт, көгөрүп–көктөп бара берет. Ар бир акыл – эстүү адам тарых–тамырын билүүгө ынтызар, мунун өзү тунуктук, өмүрдөгү мазмун, эл –жерди сүйүү, патриоттук дух. Адамдагы ар–намыс, абийир, арзуу–үмүт сыяктуу теңдешсиз касыеттер мына ушул, жерге бекем орногон жандуу тамыр аркылуу келери акыл– эске дайым аян болуп турмагы лазым. Даанышман ата–бабалар «жети атаңды бил» деп бекеринен айтпаган. Биз өнүп – өсүп, бактылуу жашап жаткан жер, мекен мурдакы–лардын урпактарыма деген үмүттөрүнөн, кезеги келгенде жан аябаган кандуу күрөштөрүнөн, маңдай тер төккөн эмгектеринен улам бизге түбөлүк мурасталып келгендигин, нечен коогалаң, капсалаңдуу каар – каат мезгилдерди баштан кечиришкендиктерин аңдабай жашоо алаңазарлык болуп каларын айтуу – биз сөзгө алып жаткан «Сакылар жери» романынын идеялык – тематикалык мазмуну деп түшүнсөк туура болот. Кыргызстандын түштүк–батыш чөлкөмү– тескей тарабынан асман тиреген ак мөңгүлүү Ала – Тоо, күңгөй тарабынан чөл менен туташып кеткен Катыраң тоо өңүрүндө кызыл уул ичкилик уруулары жашаган Алтын бешик аймагы– азыркы Лейлек, Баткен, Кадамжай райондору болуп эсептелет.

Азырда Алтынбешик аймагы он уул ичкиликтин уюткулуу ордосу болуп турат десек жаңылышпайбыз. Тээ баскынчылык, жоокерчилик алгоо–далгоо замандарда чабылып–чачылып, арысы Энесай, Алтай, Шибер тарапта, бериси чадалаш Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Кытай чегинде калып кетип, ошол оомалуу–төкмөлүү катаал туштарда өздүгүн, бир атадан таркаган үйүрүн жоготпой, кадимден кыргыз уругу өнүп–өскөн Алтын бешикти байырлаган он уул ичкиликтин бардык урууларынан бул аймакта болушу жогорудагы оюбузга далил боло алат. Албетте, бул уруу элдеринин кадим замандардан бери баскан жолу, тарыхы, тагдырлары бар. Кыпчак, нойгут, найман, төөлөс, бостон, каңды, тейит, жоокесек, абаат сыяктуу уруулардын аттары тарыхта өзбек, казак, тажик, татар ж.б. этностордон да мурда аталарын айтышып келишет. Ошол көөнө замандардан бери жашап келе жаткан ата–бабалар тарыхын, алар жашаган доорлордун бей–бешенесин, мезгилдин желесине басылып, көмүскөдө калып кеткен көрүнүштөрдүн бүгүнкү күнгө тартып

келип, муун алдында озуйпа өтөөгө далалат кылган автордун бул эмгеги алкоого, ары колдоого аларлык көрүнүш.

Автор «Сакылар жерин» үч бөлүмгө: биринчиси –«Алыс жол», экинчиси – «Алтын өрөөн», үчүнсүсү – «Президент Сакылар жеринде» деп бөлүп, бул жергилик элдин тээ алыскы замандардан (окуялардын башталышы 1395–жыл эсебинен экендиги да так белгилениптир) кечээки Акаевдин заманына чейинки басып өткөн жолун, (600 жыл) турмушун бир линияга салып, ырааттуу сүрөттөп берүүгө аракет жасаган. Романдын биринчи бөлүмүндө XIII – XIV кылымдардагы Амир Темирдин Орто Азиядагы гегемон бийлигинин тушундагы тоо таянган кыргыз элинин анын бийлигине анча баш ийе бербей журт которгон көчмөн турмушу, катаал кездерди баштан кечириши, ошо кезде элге–журтка баш болуп, элди асырап кыйын кезеңдерден кыраандык менен чыгып кеткен акылман, ары баатыр бабалардын изи иликтенип, алар-дын легендардуу турпаттары жандуу чагылат. Чыгарма-дагы Сакы бийдин Кашкар бийлигине каяша кылып, баш бербей, элин ээрчитип жер кезиши, акырында асман тиреген улуу тоолор койну, кадимден бабалар жердеген Алтын бешик аймагына алып келип биротоло журттуу кылып, анан кайтыш болгон кезине чейинки эпизоддор ишенимдүү, жандуу образдар аркылуу таасирдүү чекке жеткен деп айтууга болот. Мындагы каармандар–Сакы, Бакы, Макаш, Бүбүнур, Тайчабар сыяктуулардын аңыздан алынып, автордук ойлом, кыялый элестерден жаралган адамдар болгону менен алардын пейил–мүнөзү, турмушу өз заманына мунасып, бүгүнкү туюмга реалдуу көрүнүштөр катары кабыл алынат. Айрыкча Сакы бийдин образы–мекен мааниси, ага болгон сүйүү, арзуу туюмдарын ичкерттен козгой аларлык деңгээлде ачылган десек аша чапкандык болбойт.

Романдын экинчи бөлүмү деп аталган «Алтын өрөөндө» Сакибийлер заманыдан 350–400 жыл кийинки ошол Сакылар жериндеги окуялар сүрөттөлөт. Мындай цифралар менен айтып жатканыбыздын себеби, бул экинчи бөлүмдүн баш жагында автор адаттагысындай эле, «1875–жыл. Хауст айынын баш жагы. Кокон хандыгынын бийлиги өз таасирин жоготуп, ордонун тынчы кеткен учур» деп, окуялар боло турган тушту маалыматтуу түрдө

белгилеп баштайт. Бул бөлүмдө орус падышачылыгынын Кокон хандыгын ээлеп кол астыга өткөрүшү, ушул туштарга жакын Кудаяр хандын качып Зардалыга келиши, Сакылар тукумунан болгон Ашыр датканын бир күндүк хан болушу, катуу шылдың болгон датка кийин Зардалыга келген орус төрөсүн өлтүртүп элдин ак паашанын каарына калган кездери сүрөттөлөт. Ошону менен совет бийлиги келип, андагы эл турмушу, басмачылар менен күрөш, ага удаалаш 1941–1945–жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштун тушу, Сакылар жериндеги элдин тылдагы колхозчулук кужүрмөн турмушу сыяктуу көрүнүштөр чагылып өтөт. Мында романдын биринчи бөлүмүндөгү каармандардын бири да жок, биринчи бөлүм менен сюжеттик жактан байланыш да жок. Бөлүмдүн баш жагында айтылган: «... Сакы бийдин баскан жерлери, таш кудугу, териге жазылган санжырасы калды, өзү жок. Көзү кыйбай жүрүп өткөн Калкөкүл үрөнчүнүн жери турат, өзү жок. Акматбек учкандын аскасы мелтирейт, өзү жок. Шарип ырчынын үнү жаңырат, өзү жок.» деген сөздөрдү эсепке албаганда, бул эки бөлүм башка чыгармага окшойт.

Роман деп аталган бул чыгарманын үчүнчү бөлүмү бар болгону жети беттен турат. Бөлүмгө «Президент Сакылар жеринде» деп ат коюп, анан кандай ойдо экени бүдөмүк: « – Адамдын ушунчалык толуп турган учурун эч нерсеге салыштырып болбойт» (Сактардын териде калтырган жазуусунан экен).

«Улус пааша улуу тоого ок боз ат минип чыкты» (бул Бостондордун «Жаңы күн» деген ырынан келтирилиптир) деген эпиграфтар берилиптир. Эпиграфтын биринчиси кайсы идеяга карата айтылгандыгы түшүнүксүзүрөөк: «Кимдин толуп турган учуру? Автордун өзүнүнбү, же Акаевдинби?» Экинчиси бир аз түшүнүктүүрөөк: Акаев улус падышага теңелиптир, ал ак боз ат менен сакылар жерине чыгат экен. Анан автор өзү пландаштырган линия боюнча идеясын толук ишке ашырбай, «уландысы бар» деп чорт токтотуп чала төрөлгөн баладай таштап коюшу окурмандын шаабайын суутпайбы?

Арзууланып, бел байлап баштаган чыгарманы канчалык болсо да аягына чыгарбай туруп, аттуу – баштуу боло турган бул китепке шашылыш түрдө «Хан Манастын бейитин издеп» деген

повестин кошо чөргөп салышы, биздин оюбузча, адилетсиз болуп калган.

Роман жанры–турмуштун көп кырдуу жактарын татаал сюжеттик-композициялык формалар аркылуу терең изилдеп бере турган жанр. Андагы сүрөттөлгөн окуялар, көрүнүштөр кеңири полотнодо, каармандардын катышы, образдардын ачылышы системалуу, ошого жараша көлөмүнүн да чоң болушу белгилүү. Дүйнөлүк салттуу формада романдар көбүн эсе башкы беттеги коюлган аты менен тематикалык компонентте финалга чыгышат, б.а. чыгарманын сюжеттик тутумундагы ар бир окуяга ат коюлбайт.

Биз сөзгө алып жаткан «Сакылар жери» романынын структуралык түзүлүшүндөгү атайын бөлүмдөргө бөлүнүп коюлган темалардагы сүрөттөлгөн баяндалган окуялардын мезгилдик–мейкиндик аралыктары өтө алыс (350–400 жыл). Үч бөлүмдөгү үч тема ар бири өзүнчө, бир организмге толук бириге албаган үч башка чыгармадай туюлат. Роман деп аталган бул китептин алгачкы бешинчи бетинен «Баткен коогалаңына катышкан азаматтарга» деген теманы окуйбуз. Бул темадагы материал китептин он биринчи бетине чейин созулуп, анда ошол коогалаңга катышкан азаматтардын (айрымдары фото–сүрөттөр менен) кызматтары, аскердик чиндери, айрымдарынын туулган жери адрестүү, маалыматтуу түрдө тизмеленет. Бул документалдуу маалыматтын көркөм чыгармага кандай тиешеси бар? Кеменгер генералдардын, айкөл президенттин фото–сүрөттөрүнүн коюлушун кандай түшү-нүүгө болот? Мүмкүн, бул, «Сакылар жериндеги» чагыл-дырылган образдарга, окуяларга байланыштырылган тарыхый–документалдуу–публицистикалык стилби, же романдагы сюжеттик–композициялык түзүлүштү дүңүнөн алганда документализм менен көркөм ойдун жуурулу-шуусунан турган дүйнөлүк адабияттын жаңы стиль–усулу– «Нон фикшн» формасыбы, айтор көркөм чыгарма жаатында бири – бирине анча коошо бербеген мындай автордук «маневрлар» тартылган көркөм картинанын жалпы фонун бузгандан башка роль аткара албай калган-дыгын айтып коюшубуз кажет. Ырас, тарыхый романдын талабы көркөм чындык, б.а. тарыхый изилдөө менен ойдон жаратуунун синтезделиши, бирок ошол тарыхый

чындыкты күбөлөөчү «документтер» менен ойдон чыгарылган көркөм образдуулук жуурулуша албаса, анда бирдиктүү көркөм организм жаратуу максаты ишке ашпай калат.

Эгемендүүлүк заманынын баштапкы жылдарындагы кыргыз жазмакер адабиятынын (жаңы кыргыз адабияты–нын) өнүгүп–өсүү абалы боюнча өзүнүн көз караштарын жазган адабиятчы–илимпоз Курманбек Абакировдун: «...Чындыгында эле жарык көргөн, көркөм адабий чыгармалар деп эсептелген китептер көп.

Аксакал жана көксакал, белгилүү жана белгисиз дегендей авторлор да көп. Алардын жазгандарынын арасында «дурусу да, бурушу да» бар экендиги айгине. Эми ошол жайнаган китептер кандай, ошол кызыл – тазыл, кооз китептердин «ичинде» эмне бар, талдаганда, кызыккан киши (адистер ) жок сыяктуу. Роман деп аталып роман, повесть деп аталып повесть, поэма делип поэма боло албаган, б.а., алардын жанрдык талаптарынан алыс чыгармалар» жөнүндөгү айткан сөзүнүн биз талдоого алып жаткан чыгармага тиешеси жок деп айта албайбыз.

Роман аталган бул китептин биринчи («Алыс жол») бөлүмү, «Алтын өрөөн» деп аталган экинчи бөлүмү көркөм чыгарма деп айтарлык, бирок буларда да автор композициялык–формалык жактан мүчүлүштүктөргө жол берет. Маселен, алдыга жүрүп бара жаткан сюжеттик линиянын токтоп артка чечинүүсү б.а. каармандын алдыдагы турмушу эмес, көп убакыт мурда өткөн турмуш көрүнүштөрүн эстөөсү, көз алдыга келтирүүсү (мындай–ларды адабият теориясында кыстырма сюжеттер, селсаяк сюжеттер деп аташат) сыяктуу эпизоддор бир эмес, бир нече негизги окуяларды коштоп жүрүп отурат. Мисалга Сакы бийдин досу Манаштын бейитине куран окуп кайтып келаткандагы эстөөсү 36–беттен 39–бетке чейин Манаштын Бүбүнурга кантип үйлөнгөнү, андагы той шаанилери, оюндар монолог формасына салынып узундан – узун баяндалат. Ошондой эле Сакы бийдин жакын адамдарынын бири (үрөнчүсү) Калкөкүл жөнүндөгү ой (автор муну учуктуу ой деп атаптыр) да узундан – узун эскерме баян. Автор Калкөкүл жөнүндөгү баянды окуя азыр болуп жаткандай (учур чак менен) сүрөттөйт, а чынында окуя мурда болуп өткөн аны Сакы бий көз алдыга келтирип ат үстүндө ойлоп

келе жатат. Чубалжыган автордук баяндоолор, (автордун монологу) башкы кармаан Сакы бийдин монологу сюжеттик линияга кошумча көркөмдүк киргизбейт, тескерисинче андагы конкреттүү–лүктү, окурман күткөн жаңы айкындуулуктарды кирдетип жиберет.

Сакы бийдин Манаш, Калкөкүл тууралуу ойлоолору (монологдору) композициялык жаңы бычын эмес, ал негизги окуяга зордоп кийирилген б.а., Манаш, Калкөкүл сыяктуу каармандардын образдарын ачууга болгон жасалма аракет экендиги байкалып турат.

«... Проза кулакка угулуп, көзгө көрүнүп турганда гана сөз көркүнө чыгат. Прозаны поэтикалык көрөн – шөрөндөр менен шөкөттөө – ой жүгүртүүнүн сергек эмес, сенектигин далилдейт,» «...Ал эми узун сүйлөмдөр окурмандын кабыл алуусун кыйындатып, кандайдыр бир ыкшоо маанайга кабылтат»[86]–деп жазат кытайлык адабият устаты Лао ШЭ, чындыгында эле жогорудагыдай шөкөттөөлөр, узун сүйлөмдөр окурманды тажатып жиберери бышык.

Ушундай эле шөкөттөлгөн селсаяк сюжет чыгарманын «Алтын өрөөн» деп аталган II бөлүмүндө да узактан узак баяндалып, аны автор канчалык жылмалап, желимдесе да негизги сюжетке анчалык коошо бербей турган жери бар. Мисал келтирели :

«... – Айтып бербейсизби?

– Коркпосоң айтып берем. Эртең анан үйдө жалгыз жаталбай Карабулак кайдасың деп качып кетип жүрбө?

– Коркпоймун айта бериң? Жол арбытабыз.

– Илгери...илгери кай замандарда экен ушул көрүнгөн тоолордо...» деп Самат деген каарман шеригине өткөн замандарды баяндаган уламышты айта баштайт. Айтса айтсын дейли, бирок бул уламыш учур чакта, азыр болуп жаткан окуядай баяндалат, жолдо келе жаткан реалдуу каармандар көмүскөдө калып (унутулуп) окурман оюн уламыштагы каармандар ээлей баштайт, б.а., бул «селсаяк» сюжет негизги сюжеттик маңызга сиңип кеталбай, баягы эле Зардалыны–Сакылар жерин көкө–лөтүүгө багытталган эбиреме–жебиреме сөз катары кала берет.

---

[86] Лао Ше. Кара съз каражаттары//жаёы Ала – Тоо №11.ноябрь,2012,132-163.б-р.

«...айрыкча роман жанры, бул барып–келип жазуучунун бир гана өздүк конструкциясы. Алсак, кандайдыр бир окуялардын негизинде сюжет жаратуу, ар түркүн эпизоддордун белгилүү бир композициялык ыраатта жайгаштырылышы, ар бир персонажга өзүнчө орун бөлүштүрүү, кыскасы, чыгарманын бүтүндөй түзүлүшү, бул бир гана автордун ой–кыялынан жаралган көрүнүш»[87]–болору анык маселе, бирок элдик озеки чыгармачылыктан алынган уламыш чыгарманын тулкусуна автордук кыял менен эриш–аркак жуурулушуп келбесе идеялдуу кызмат өтөй албайт, бүгүнкү туюм–түшүнүк менен тарыхый–реалисттик жагдайда байланышып, реалисттик адабияттын тарыхыйлуулук принциби жетек-чиликке алынбай калат.

Чыгармадагы окуялар барып – келип автор «Алтын өрөөн – Зардалы» деп атаган жерге такалат, ал даңазалап көкөлөтмөкчү болгон «Нокто башы Нойгут» уруусунун 1395 – жылдан 1875–жылга, андан берки 1994–жылдарга чейинки (автор өзү айткандай, «зымырап жылдар өтүп») тагдыр–тарыхы–нойгуттар «Сакылар» болуп, Зардалы «Сакылардын жери» аталып сүрөттөлөт. Автордун нойгут уруусун башкалардан бөлүп тарыхташы–ички маңызы, жүктөлгөн темасы, идеялык багыты жергиликтүү аймактан боорун көтөрө албай, бүтүн кыргыз элинин шаанисине төп келбей жаткан жокпу, деген суроо да туулбай койбойт. Дегеле жазуучунун сүрөттөгүсү келгени, тарыхый маалы-мат издегиси келгени–кыпчактар, нойгуттар (автор өзү ушул уруулардан) автордун буларды жалпы кыргыз элинен бөлүп алып өзгөчө обьектиге алганы баамдалбай койбойт. Бул анын «Сакылар жеринен» тыш «Улуу талаанын урпактары», «Исседиондор», «Кан Манастын бейитин издеп», «Ааламдар алкагында» ж.б.у. сыяктуу чыгармаларынан системаланган багыт катары көрүнөт.

Көркөм сөз өнөр устаттарынын бири Расул Гамзатов: «... Поэзия – бул бийик аска – зоолуу тоолорго чыккан гүл, аны издеп табыш үчүн бийиктерге чыгыш керек болот, поэзия – бул калкыган ирим көлдүн эң тереңинде жаткан каухар, бермет, аны таап чыгыш үчүн ошончолук тереңге түшүп чыгууга туура келет, ал эми проза– чытырман токой» деп айткан экен. Биздин адабий

[87] К.Асаналиев.Подсоветтик доор.Адабий тагдыр//жаёы Ала – Тоо,№2-февраль,203-б.

сын жаатында айткан аза – булак сөздөрүбүз авторго катуу тиерин алдын ала сезсек да, башка жол жок , чыныгы көркөм чыгарма – маалыматтуу публицистика эмес, очерк, эссе да эмес, ал руханий дүйнөнү жарыткан образдар системасы. Образ жаратуу үчүн сөзмөрлүктүн, кала берсе таланттын өзү да жетишсиз, ал үчүн тажрыйба, билим менен чеберчилик керек болот. «Саясий–идеологиялык көзөмөлдөн кутулган кыргыз авторлорунун бир тобу тарыхка баш–оту менен кирип, бүгүнкү күндүн компьютери менен телесинин торунда турган окурмандарды көбүнчө тарыхый экзотика менен кызыктырууга азгырылып, бул жанрдын салт–жөрөлгөлөрүнө анча маани бербей, анын таламдарына жооп бербеген чыгармаларды жаратып жатышса, прозаик-тердин бир даары «публицистика, даректүү баян, көркөм– публицистикалык ой толгоо, очерк, эскерүү, повесть–эссе ж.б.» жанрдык аныктамалар менен «эмне десең, ошо де» дегендей чыгармаларды жазууга адистешип алышкан»[88]–деп адабиятчы К.Абакиров айткандай, кылым тогошуп, заман алмашкан тушта кара сөз менен сүрөттөөнү ыңгайлуурак, оңойураак жагы тарыхый темалар болуп калды окшойт. Ушул эле багытта: «... Маселенин төркүнү, ошентип, тарыхый реалдуулук менен көркөм реал-дуулуктун карым–катышы кандай деген маселеге барып такалат. Жазуучу «тарыхый» чыгарманы өз билегиндей кылып жазып салды, а биз аны кандай кабыл алдык– ынандыкпы же жокпу, суктандыкпы же иренжип калдыкпы, кыскасы, ал окурманга эмне берди, кандай сезимдерге тушуктуруп, канчалык ойлонто алды деген карапайым суроолорду адабиятчы–сынчылар, керек болсо тарыхчы–адабиятчылар, коомчулук менен биргеликте чечмелеши зарыл эле, бирок бул иш дээрлик аткарылбай турат»[89]–деген жогорудагы адабиятчынын тынчсызденуу менен айткан сөзү адилеттүү. Жазуучунун «тарыхый роман» деп аталган бул чыгармасы бул жанрдын талаптарына толук жооп берет деп айта албайбыз. Автордун романдык денгээлдеги көркөм чыгарма жаратуу үчүн азырынча даяр эмес экендигин «Сакылар жери» чыгармасы даана көрсөтө тургандыгын айтууга туура келет.

[88] К.Абакиров.Жаёы кылымдагы кыргыз адабияты.//Жаёы Ала – Тоо,№3.2012,230-б.
[89] Ошол журналда :234-б.

Өзү айткандай: «... Тарыхчы деле эмесмин. Болгону окуу жайын сырттан бүткөн элдик университеттиндин ачуу–таануусу менен такшалган, дүйнөнү кара кылды, как жарган калыстыгым менен карап жашаган сизге окшош окурманмын»

«Өзүнө – өзү баа бере алуу–дааналыктын белгиси» демекчи, бул жагына канаат кылып, канчалык деңгээлде болсо да, «сынчынын сыңар өтүгү майрык» кылбай, туура жыйынтык чыгарат деп ишенич арталы.

# «МЕНДЕГИ МЕН – ТЕРЕҢ ПСИХОЛОГИЯЛУУ ЧЫГАРМА»

**(Акын Э.Эрматовдун чыгармачылыгы боюнча)**

Адамзат жашоосунун тарыхында поэзия өткөн доорлордон цивилизациялык өнүгүүсүндө маанилүү ролду аткарып келген жана мындан ары да аң–сезимдин өнүгүп– өсүшүндө тарыхый миссиясын аткарып бара берерине шек жок. Анткени ал акыл эстеги жаңылык, аң–сезимдеги улам жаңы жаралуу катары жашайт. Ошон үчүн да поэзияга коюлган талап эч качан жеңил болгон эмес. Кайсы доор тушу болбосун өнүгүүнүн оор жүгү анын мойнунда болуп, өз тушунун бул жүгүн аркалап, чыгармачылыктын аскар белине чыгышкан чыгаан акындар бүткүл өмүрүн, эмгегин, талантын ушул жолго арнап, өтө түйшүктүү, машакаттуу жолду басып өтүшкөнү бардыгыбызга маалым.

Байыртадан бери ырды ыйык тутуп, турмушунда туу кылып жашап келген улут элибизде чыгаан акындар көп чыгышкандыгы белгилүү. Бүгүнкү заманда да кадим бабаларыбыздан келе жаткан ыйык ыр жолун улап, заманбап поэзияны жаратып жана өркүндөтүп келе жаткан муун өкүлдөрүнүн саны аз эмес. Алардын чыгармачылык-тарына коюлган бүгүнкү замандын талабы улуттук поэзияны дүйнөлүк поэзиянын асыл үлгүлөрү менен байытуу, улуттук поэзияда жалпы адамзатка тиешелүүү болгон асылдыктарды жаратуу болуп турат.

Бул багытта акын Эгемберди Эрматовдун айтарлык орду бар экенин кыргыз окурман журтчулугу жакшы билет. Бул тушта акын чыгармачылык жолунун аскар белине чыкты. Анын балалык кезден башат алган көркөм сөз өнөр шыгынын башталышын айтпаганда да 18–19 жашынан ыр жазуу өнөрүнө кырк жылга аяк басып, бул убакыт ичинде ал акындык жолдун не деген түйшүктөрүн тартты, борошо–бороондоруна, ысык–суугуна бекем турду, аны бир зумга нарылатпай, өмүр шеригине, кыйышпас жан жолдошуна айландырды, улуттук поэзиябыздын көркөм табиятын байытууда өзүнүн ылайык салымын кошту.

Акындын мындай түйшүктүү өнөр жолу, поэтикалык деремети анын «Ак дил» (1979), «Шаар жана тоолук» (1982),

«Туяктын ыры» (1984), «Өмүр издери» (1988), «Саймалуу таш» (1992), «Махабат» (1995), «Мухаммед пайгамбар» (2001), сыяктуу китептери аркылуу бизге белгилүү. «Ак дилден» «Мухаммед пайгамбарга» чейинки чыгармачылыгында акындын поэтикалык дүйнөсүнүн  жаңы чектерге көтөрүлүүсүн аңдаган болсок, кийинки мезгилде (2007) жарык көргөн «Исфайрам авазы» аттуу ыр жыйнагындагы ырлардан акындын чыгармачылык чеберчилигинин дагын да такшалып, адам психологиясына тереңдөөгө жана доорду философиялык жактан аңдап билүүгө, ойду дагы да кеңири, терең берүүгө  умтул-гандыгын көрөбүз.

Жыйнактын баш жагынан орун алган ар түрдүү темадагы ырлар жана «Мендеги мен», «Ажылык жөнүндө сөз», «Исфайрам тамчылары», «Айгүлгө ыр десте», «Шакирттериме кат», «Уулдарым Элдияр менен Эрмекке жазылган каттар», «Кызы Элмирага жазылган каттар» сыяктуу ыр түрмөктөрү бир циклде, алар лирикалык каармандын образын тереңдеп ачып берүүгө багытталган. Булардын ичинен «Мендеги мен» ыр түрмөгү өзгөчө стилде, мазмундук–формалык жактын башкалардан айырмаланып, ыр жыйнактагы идеялык– концептуалдык борборду түзүп тургандай түр берет.

Чыгарма он бир муун өлчөмүндөгү 200 куплет ырдан туруп, төрт куплеттүү элүү бөлүмгө бөлүнүп берилет. Анын негизги идеялык–тематикалык багыты–аталышы айтып тургандай, ички дүйнөнү ачуу, «лирикалык Мендин» ким экендигин чагылдыруу. Чыгармадагы өзгөчө композиция-лык көркөмдүк автордун шарттуу түрдө өзүнүн экинчи бир өзү менен диологко чыгуусу, ал аркылуу  идеяларды берүүсү болуп саналат. Бул ыкма менен автор өзүнүн айтмакчы болгондорун кененирээк жана тереңирээк айта алууга ыңгайлашат. Поэзиядагы бул форма дүйнөдөгү адабиятта мурдатан эле практикаланып келе жатканы белгилүү. Адатта лирикалык чыгармалардын каарманы анын авторунун өзү, ал кайсы темада ыр жазбасын ырларында ички сезими, мамиле, көз караштары жатаары, алардан автордун чыгармачылык жана инсандык бейнеси улам ачылып бара–берери маалым, бул жерде биздин айтайлык дегенибиз–ошол жалпы чыгармалардын фонунан атайын бөлүп алып образ жаратуу, субьектив-дүүлүктүн күчөшү, жогоруда айтылгандай, идеяларды айтуунун дагын бир

конкреттештирилиши. Акын бул чыгармасында заман мүнөзүн, учурдун конкреттүү идеяларын абстрактуу темалар аркылуу өткөрүп, көркөм жалпылоого алат, мындагы лирикалык каарман ошолор-дун бардыгынын түйүндөшкөн чегинде туруп, ошолордун бардыгына аң–сезимдүү мамилелердин башатында болуу менен, аалам сырларын, дүйнөнүн өсүп–өнүгүш кубулуштарын, бүгүнкү күндүн, мезгилдин накта турпатын жана өзүнүн турмуш жөнүндөгү бек ишенимин, жеке көз караштарын айта ала турган бийик идеялдуу адам катары көрүнөт. Чыгармада абстрактуу нерселерге конкреттүү маани кийирилет, аларга ачык поэтикалык өңү–түс берилип, бүгүнкү коомдук жана рухий өнүгүштүн реалдуу көрүнүштөрү жандуу, ары акыйкаттуу чагылдырылат.

Мисалы:

«Асан кайгы болуп калдың жөн эле,
бүт баарынан чен – өлчөмү, жолу бар», –
десем анда: «Уяты жок шерменде
заман келип, кара, кузгун жорулар

Каптап барат «кой – айыңа» карабай ...
Ушул беле арзуу кылган ак тилек?
Ыйман жерден учуп кетти шамалдай,
Оо, капырай! Биз эл белек ушундай…»
Деп жан дүйнөм кекерденип, кезенип,
Кер – мур айтып кызыл чеке болобуз.
Шалдап сөгүп, туталанып безерип,
Ыкташууга келбейт чолобуз.

Ортобузда ырк бузулуп, жарака,
Кетти терең а замандын иши жок.
Билбей калдым – баратабыз каяка?
Мойнубуздан шор куюлат шорголоп

(31 – 32 б–р)

Мындагы абстракту нерсе–автордун жан дүйнөсү, б.а. анын пенделик турпаты менен сезим – туюмдарынын, көз караштарынын, курчап турган дүйнөгө ички мамиле–ринин ортосундагы абал. Жогорудагы ыр саптарында ал конкреттүү

формага өтөт, реалдуу турмуш көрүнүшү чагылат. Андан акындын коомдук бүгүнкү түзүлүшүбүзгө, элдик мамлекттик тагдырыбызга тынчсыздануусу, ал үчүн–күйүп бышып, алекетке түшүүсү катардагы атуулдук–акындык, ошону менен бирге пенделик да маанайдагы ички дүйнөсү даана көрүнөт. Чыгарманын баштан–аяк фонунда турмуштун көп кырдуу жактары, адамдагы ички дүйнө–көз караштар, үмүт–мүдөөлөр, кайгы кубаныч, жашоо үчүн күрөш, заман, байлык – бийлик, кызганыч, кара өзгөйлүк, боорукердик, уят–сыйыттуулук сыяктуу көрүнүштөр боюнча мааниси терең, чулу ойлор козголот.

Төмөнкү ыр саптарында лирикалык «Мендин» ички дүйнөсүндөгү абал, андагы туюм–түшүнүктөрдүн өз ара кагылышуусу, анын акыйкатына жетээр жолдогу удургуу-лары акыр аягында белгилүү бир жыйынык, бүтүмгө келүү сыяктуу көрүнүштөр сыяктуу көрүнүштөр чагылат, анын бардыгер дүйнөсү эч жашырылбайт, болгону болгондой айтылат :

«Башкалардын бак – таалайын көрө албай
Кызганасың, күйүнгөнүң жакшыбы?

Бул илдеттен жүрө берсең арылбай,
Акыр бир күн жутасың өз башыңды.

Өз дегенде өрөпкүйсүң өзгөчө,
Баш – көзүңө карабайсың жиндидей.
Эгер кудай чындап жолуң түздөсө,
Ак болмоксуң ичиң чирип кирдебей...

Кайдан болдуң мынча митаам, ...?
Какшыңдаган кыялың бар кайдагы!
Жамандыкты жасап коюп көргөзбөй, –
Акмалайсың оңой олжо, пайданы.

Ар нерседен шекшип издеп жамандык
Бооруң кара такка айланып калгандай!
Кандай кесир – касыреттен жаралып,
Калдың экен аруулукка жалганбай?»

(36–бет)

Мында лирикалык каармандын ичтеги катылып жаткан терс кыялдары сынга алынды. Лирикалык каарман өзүнүн мындай сапаттарына нараазы. Ал ошол өзүнө жакпаган кыялдардын башында турган экинчи бир «өзүнүн» оркойгон кемчиликтерин көзгө сайып көрсөтүп, анын өзүн кадимки эле турмуштагы Адам катары жемелеп, жакшы жолго насааттап жатат. Бул шарттуу көркөмдүк реалдуу мүнөзгө ээ анткени ашкереленип жаткан терс көрүнүштөрдүн ээси бүгүнкү турмуштагы Адам, алардын көпчүлүгүндө ушул сапаттар бар.

Чыгармадагы ар бир бөлүмдү сүрөттөп–туюнтуунун өзүнчө салаасы, чыгарманын ички мазмундук тутумунда бири–бири менен эриш–аркак туруучу компоненттер катары кароого болот. Анткени аларда тематикалык түрдүүлүк болгону менен бирдиктүү бир идеялык багыт бар. Алар системалуу түрдө лирикалык каармандын образын конкреттештирип барат. Ыр саптарындагы маанилерден Адам өмүрү, андагы түбөлүктүүлүк жана утурумдуулук, жашоонун кумары, андагы маани–маңыз тууралуу терең философиялык ойлорду туябыз. Муну автор өзүнүн лирикалык «Менине» туюнтуп, насааттоо жолу менен

негизги максатын ишке ашырып жатат. Бул үмүт кайталанма дидактикалык саптар эмес, өзгөчө стил-деги терең мазмундуу, философиялуу жаркын маанайдагы заманбап лирика, тарбиялык таасирдүү поэзия ...

Мисалы: Эртең менен тарап кеткен тумандай,
даңк жоголот, кадыр түшөт төгүлүп.
Өмүрдү бу сезгин кызуу кумардай,
кызыгына баш от менен чөмүлүп ...

Тамаша да ийгиликтин бүт баарын,
күндөй айкөл, берешен бол, бийик бол.
Баш айлантып бир ишеним тутпагын,
жалгыз гана күндүн жолу ыйык жол.

Артта калбайт жыйнагың да тергениң,
агып кетет мезгил деген сел менен.
Өзүңдү – өзүң падышадай тейлегин ,
сендей эч ким бу дүйнөгө келбеген.

Сенден улуу болгон эмес башка жан,
күлгүн өмүр берет демиң, илебиң.
Оттон бүткөн сенин очок, астаанаң ,
караңгыны чагылгандай жиреги ...

Ыр саптарындагы сөз кыналышы, орошон ойлуу мукам ыргак кадимки күн чыгыш поэзиясынын илебин берет. Ыр түрмөктү акындын классикалык формага умтулуусунан жаралган чыгарма катары кароого болот. Чыгармада көркөм ой жүгүртүүнүн жалпы адамзаттык бийиктигине ориентир жасоо, анын көркөм дүйнөсүнөн азык алуу менен поэзияга жаңы маанай кийирилген, бул интеллектуалдуу окурман үчүн байкалбай койбойт.

«Мендеги мен» ыр түрмөгүндө акын адамдын ички дүйнөсүн дагын да ачып өзүнүн турмуш, жашоо жөнүндөгү бекем ишенимин, жеке караштарын берет. Дагы мисал келтирели:

«Көкүрөктө бүл – бүл этет бир жылчык ,
Теше тиктеп муюп улам үңүлөм:

Нечен деген катмар жатат бир жылдык,–
Жон теримден шорголоогон, төгүлгөн.

Кулчулуктун эн тамгасы басылган,
Аң – сезимден кутулууга күч үрөп,
Жарык чачкан башатыма шашылам ...
Кадам сайын буктурма жык миң бөлөк.

Түпкү башат, күч кубатың алаамат,
Сага жетсем арылам ой – мүдөөдөн.
Кудай менен сүйлөшөмүн шыбырап,
Жүрөгүмдү түнөк кылып түнөгөн.

Бүлбүлдөгөн жылчык улам жакындап ,
Көкүрөктөн күндүн табын туямын.
Ошол туюм кут даарыган асыл зат,
Чексиздигим, ишенимим, ыйманым»

Ырда чыныгы поэтикалык табиятка мүнөздүү болгон масштабдуулук, маани артынан маани ишааралаган көп катмардуулук касиеттери орун алган. Ыр саптарына тереңирээк үңүлгөндө башкы саптагы «Көкүрөктө бүл–бүл этет бир жылчык» метафорасы акын дилиндеги айныгыс бир чындыкты ата–бабаларыбыздан келе жаткан адамдык асылдыкты, арууулук, акыйкат–актыкты туюндуруп турат. Муну коштоп турган маани–ата–бабалар руху, алардын тарыхы, тагдыры, улут элибиздин учуру, келечеги жөнүндө ой толгоо, ыр саптарындагы «жарык чачкан башат», «түпкү башат», «нечендеген катмар», «кулчулуктун ээн тамгасы басылган аң – сезим», «кадам сайын буктурма жык миң бөлөк» сыяктуу троптор мына ушул идеяны берүү үчүн кызмат кылып турушат. Соңку саптарды «Кудай менен сүйлөшөмүн шыбырап», «Бүлбүлдөгөн жылчык улам жакындап» деген сөздөр рухий арууланyy, акыйкатка жакындоо маанисин туюндурса, жыйынтыктоочу саптар-дагы «кут даарыган асыл зат туюм», «чексиздигим, ишеничим, ыйманым» сөздөрү «Адам бактылуу жашап өмүр сүрүш үчүн акыйкат – актыкка умтулуп жашайт, ошол умтулуунун өзү өмүрдөгү чексиздикке, ишенимге, ыйманга ээ болгон бакыт» – деген маанини берет.

Чыгармадагы лирикалык каарман менен анын «Менинин» ортосундагы ички диалог образ ачууда терең психологиялык мааниге ээ болот, башкы кейипкердин кимдигин дагын да дааналап барат.

Мисалы: «Кимге жагат сенин ушул кылганың?
Элден, журттан уялганым уялган ...
Досторуңдай дүйнө мүлктү жыйбадың ,
Таянычың кайда сенин таянган? –

Деген сөзүң кээде мага угулат ,
жарга алпарып камаймын деп ойлойсуң.
Дүйнө – мүлктөн эгер тапсам сый урмат,
билип турам, анда деле кордойсуң»

же: «Кайдан келдиң? Маңызың не? Түбүң ким?
көктөн мөлт деп тамып түшкөн нурдайсың.
Кайдан менин көөдөнүмдө тирилдиң?
тагдырымды желе тартып чырмайсың»

«Менин ар бир кадамымды эсептеп,
шектүү карап көзөмөлүң көбөйттүң.
Буйтап өтчү буйткаларга койдуң чек,
толтосуна кирип алдың жүрөктүн»

«Альтерего» сөзү–латын тилинен алынып, «Мендеги мен» деген маанини берет. Бул сөз адабиятка адабий термин катары байыркы антикалык доордо эле келип кирген. Бул циклде чыгарма жаратууну ошол доордун чыгаан акындары Алкей, Овидий, Вергилий, Горацийлер башташканы адабият тарыхы аркылуу бизге белгилүү.

Поэзияда лирикалык «Мендин» образын ачууда Жалалидин Руми, Робендранат Тагор, Кабир, Омар Хаям жана Кулкожахмат Ясавийлерге эч кайсы акын тең келе алган эмес. Булардын поэтикалык идеяларында бүт дүйнө, аалам кучагындагы бардык ушул «Менге» келип такалат. Адамзаттын «мени» жөнүндө дүйнөнүн эң чыгаан философтору–Аристотель, Платон, Софокль, Сократ, Демосфен, Диоген, Лао Цзы, Конфуцийлерден тартып тынымсыз ой жүгүртүп келишкен. Адамдын ички табияты,

адамдын ичиндеги күрөштөр жөнүндө психологдор Пром, Фрейд, Жойстор XIX кылымда илимий изилдөө иштерине жол ачышкан.

Индиялык философтор Шри Ошо Раджнжиш, Ауробидолор адамдын «Мени» боюнча трактат жазышкан. Ошондой эле руханий–диний адабияттардын негизги маселеси да адамдын ички «Менин» жөнүндө тарыхый илимдерге таянганда–адамдагы «Мен» туюму–улуу рух, эч нерсеге салыштырып же алмаштырууга мүмкүн болбогон улуу күч, ыйык сезим, улуу насыят. Аалам чексиз сыңары адамдын «Мени» да чексиз, аалам кучагындагы табият канчалык кубулуштуу, өзгөрмөлүү болгон сыңары ал да өзгөрмөлүү, оомалуу, бир эрежеге сыйбаган, түптөлбөгөн эреже, мыйзамы жок, өнүгүп–өсүп турган, өзүнүн бүгүнкү чындыгын эртең танып турган нерсе. Мында ушундан улам ааламды тереңдеп үйрөнүү үчүн Адамдын ички дүйнөсүн–терең купуялыкта жаткан «Менин» үйрөнүү зарыл деген ой туулат.

Акын Э.Эрматовдун бул темага кайрылганы кокусу-нан эмес, аны бүгүнкү илимий–техникалык жетишкен-диктердин заманынын талабы деп туюнган оң, ал дүйнө таануунун дагын бир заманбап багыты катары өнүгүп бара берери акыйкаттан чет эмес. Акын бул 200 куплет, 50 ырдан турган чыгармасында адамдын ички табиятына изилдөө жүргүзүүгө аракет жасайт. Улуттук поэзиябызда сырткы эффектиге басым жасалып, адамдын ички дүйнөсүн изилдөөнүн аз экендигин моюнга алышыбыз керек. Ошону менен кошо поэзиядагы психологизмди ачкан илимий эмгектердин жоктугун да белгилөө зарыл. Ыр түрмөктөгү 50 ыр–адамдын ички жүзүнүн элүү түсү, аны түшүнүү, кабылдоо үчүн окурмандан интеллектуалдык деңгээл талап кылынат. Бүгүнкү күндүн адамы татаал туйгуларды чече билиши керек. Чыгармадагы негизги идея да ушул. Акындын улуттук поэзияны өнүктүрүү жолундагы мындай изденүүсү–«каза окуп, баса үйрөнгөн» мыкты акын экендигинин белгиси.

# АКЫНДЫК ЖҮРӨК – ЖАҢЫРЫКТУУ ЖҮРӨК

Ыр–адамзат акыл–эсинин бүт барлык менен үн-дөшүүсү, жарык дүйнө кереметтеринин сезимдеги ыргагы, айныгыс мукамы. Ал адамзат жаралганда анын жүрөгү менен кошо жаралган, жер жүзүндө адамзат аман экен анын күнү бүтпөйт, ал ар бир соккон жүрөктүн доошу, обону катары жашай берет. Ыр–сезимдеги тунуктук, айныгыс сулуулук, жашоого келген ар бир адамдын өмүр маңызын аңдатып турган, тирүүлүккө кумарлантып, ынтызарлантып, дем берип турган теңдешсиз улуулук. «...Компьютерсиз, ракетасыз, автомобилсиз жашоого мүмкүн,–дейт белгилүү адабиятчы, сынчы О.Ибраимов бир макаласында,–бирок поэзиясыз, адабиятсыз жашоого мүмкүн эмес, ...ар бир албан илимий ачылышта бийик поэзиянын үлүшү бар, анткени поэзия–учкул ойдун триумфу, интеллектуалдык турмуштун майрамы, көркөм сөздүн бийик салтанаты, ал эми акындар элдин жашоо демөөрү, анын турмушунун жандуу барометри...»[90] Ошон үчүн акындар ыр жаратышат. Туйгуларды тунуктап, сыдыргадан өткөрүп, жашоого жаңырык кошкон жүрөк – ал акын жүрөгү, анын касыетине, кудуретине жараткандын өзү жар болсун...

Элибиз эзелтен акындарга бай болуп, алар «асманда жылдыз канчалык көп болсо, жерге жарыгы ошончо» дегендей, «жамакчы акын», «жомокчу акын», «нускоочу акын», «алтын жаак жез таңдай ырчы» атанышып, жүрөктөн чыккан асыл булактары менен муун улап урпактарын көгөртүп, көктөтүп келишкен. Бүгүнкү өтө өнүгүп кеткен заманда да жүрөктөргө кут куюлуп, сыймыктанаар жөнүбүз–акындарга, акын болом деген–дерге бай экендигибиз. Буга көңүл түпкүрүнөн ыраазы болуу менен алардын чыгармачылык дараметтерине, аракеттерине окурмандык парзыбыз катары сын–баа айтып, жаратмандык түйшүктүү жолдорунун заманбап, изги багыттарына демөөр болуу максатында сөз кылуу кажети келип отурат.

[90] О.Ибраимов Къз караш:Сын китеби.Ф.,Кыргызстан,1985-ж.26-б.

Ар бир элдин ыры–анын руху, духу экени анык, бирок ыр жаратмандары тарабынан жаралып жаткан ырлардын руханий баалуулугу канчалык? Жазмакерлик өрчүп, жалган сезим ырлар агымы каптап бараткан жокпу?

«...Көңүлгө көк таштай тийген бей касыет ырлардын агымы адаттагыдай эле келе берсе, эгерде мындай кубулуштар улана жана сан жагынан өсө берсе, мунун баары, эгер андай боло элек болсо да, чоң кырсыкка айланары шексиз». «...Ырлардын ченемсиз көбөйүшү–биздин поэзиябыздын өсүшүн дегеле көрсөтпөйт. Бул поэзиядагы инфляция, анын баркынын төмөндөшү» («Вопросы литературы» журналында азыркы поэзия жөнүндөгү 1968–жылкы талкууну баштаган М.Исаковский-дин «Качанга чейин?» аттуу макаласындагы башкы тезистен) деп мындан жарым кылым мурда айтылган сын сөздүн мааниси улуттук адабиятыбыздагы XXI кылымдын «жаңы кыргыз адабияты» деп аталган тушуна туура келип жаткан жокпу? Айрыкча эгемендүүлүктүн чейрек кылым ашуун мезгилиндеги жазмакер поэзиянын арымы кандай болду?–деген ойлордун тегерегинде да сөз жүргүзүү–учурдун зарыл маселелеринен болуп калды. Жалпы эле кыргыз адабиятынын соңку жылдардагы абалы жөнүндө адабиятчы–окумуштуу Курманбек Абакировдун «Жаңы кылымдагы кыргыз адабияты» (Жаңы Ала–Тоо» №03(35) март, 2012–ж) деген макаласында бир топ маалыматтуу, адилеттүү мүнөздөмө берилиптир. Макаланын поэзия багытындагы маалыматында: «...Мурда белгилүү автор-лордун катарына адабий–билим деңгээли, кругозор–түшүнүгү, дегеле «ыр» аттуuга мамилеси башкача акындардын жоон тобунун келип кошулгандыгы, алардын бир даарынын бул жаатта өтө эле ыкчам иштеп, китеп артынан китеп чыгарып жатышканы, поэзиянын тематика-лык жагы кеңейип, б.а., жазууга мүмкүн болбогон тема калбай, анын идеялык–көркөмдүк жагы да мурдагыдан башкачараак түспөл алып жаткандыгы, жана соңку кыргыз адабиятында калайык–калктын бүйүрүн кызытып, колдон –колго өтүп окулган чыгарма жарала электиги, бирок ошону менен бирге адабият майданынын таланттардан куржалак калбай, эсепсиз жакшынакай ырлар, поэмалар жазылып, китеп болуп чыгып жатканы, алардын арасынан көзгө толумдуу, окумдууларынын

жок эмес, бирок алар элге–окурманга жетпей, жеткендери, мыкты делгендеринин дээрлик жок болуу абалындагы адабий сындын элегинен өтпөй калып жаткандыгы»[91] тууралуу кеңири сөз кылынат.

Албетте, бир кылымдай мезгил ичинде социализм методунда өнүгүп, калыпка түшүп калган кыргыз жазмакер адабиятынын эгемендүү заман тушунда өнүкпөй «дымып» калышы, же ориентациясын, багытын таппай жоготуп турган учурда көркөм адабияттын кайра жанданып «жазуучу», «акын» делгендердин жайнап чыга келип, китеп артынан китептердин чыгышы менен өркүндөй башташын табыгый көрүнүш катары да баалоого болот. Адабияттагы бул «табыгыйлуулукка» карата орустун белгилүү жазуучусу Михаил Пришвиндин төмөндөгүдөй бир афоризмин кыстара кетүү ашыкча болбос деп ойлойбуз:

« – Чыныгы жазуучу жок болуп калды го? – дейт, ал.

– А маршалдарчы? – деп сурадым мен. Согуш жүрүп жатканда маршалдар чыгат. Адабият деле ошондой: чыныгы жайкер турмуш башталганда көңүл эл турмушуна бурулат– жазуучулар пайда болот. Жазуучулар козу карын сыяктуу эле жагымдуу аба ырайында өсөт»

Жогоруда поэзиянын өлбөстүгү, анын адам өмүрү менен канатташ экендиги жөнүндө айтып өттүк эле. Ырас, бизнес менен саясаттан айырмаланып жыйырма жылдан ашуун мезгилде көңүл көтөрөрлүк, көзгө көрүнөрлүк канаттуу поэзия жараткан жаңы муун өкүлдөрү өсүп чыкпады. Орус элинин белгилүү адабият сынчыларынын бири Евгений Винокуровдун учурдагы орус поэзиясына карата: «... Канатсыз поэзия болбосун биздин мезгилде унутуп коюшту, акындар «канат неге жаралгандыгын» жадынан чыгарышты. Азыркы акындардын ырлары жерден боорун көтөрө албайт, турмуштун майда–бараттарынын туткунунда калган, «учалбайт», канаты кыркылган куштай кара жерде сойлоп жүрөт. А ырдын түпкү насили адам рухун көтөрмөлөп, көккө алып чыгуу эмеспи. Поэзиядагы жамакчылык небак эч кимге өөн учурап, өрөскөөл көрүнбөй калган. Ыйман ачып сыйынган, ой–санааны чалкытып, көккө көтөргөн рух канат ыр гана поэзия даарыган ыр болот. Калганын кеп кылып да

[91] К.Абакиров.Жаёы кылымдагы кыргыз адабияты//Жаёы Ала – Тоо №3 (35) март 2012-ж

кажети жок, алар кара сөздүн сары суусу. Жөндөмдүүлөр көп, бирок дух көтөрөр ыр сейрек, «талант даарыгандар бар, таңыркантып, тамшанткандар жок»[92] – деп айткандары учурдагы кыргыз жазмакер поэзиясынын абалына да тиешелүү экендигин моюнга алууга туура келет.

Белгилүү адабият сынчысы О.Ибраимов 1985–жылы жарык көргөн «Көз караш» аттуу адабий сын китебинде эле (мындан чейрек кылым мурда) «...айрым авторлор баягы эле көргөн укканын ортого салган тайыз дидакти-каны, желдирме литературщинаны, кубарган ырсымак-тарды китеп кылып чыгарып, поэзия деген наам менен элге барып жатканы кимди да болсо ойлонтпой койбойт...» – деген эле.

Адатта акын «жазыш үчүн жазбай, жазбай коё албагандыгы» үчүн жазат. Акындын дарамети канча болсо да айтайын дегенин айтканы дурус, анткени поэзиядагы түгөнбөс жана терең изгилик–али адам сезимине аян боло элек купуя сырлардын ачылышы, дүйнө таануунун чексиз мухитиндеги жаңы таанып–билүүлөрдүн–ал чоңбу, кичине-би өзүнүн жаңылыгы менен акылга салым кошуп бара бериши болот. Анан, акындын айткысы келгени, айтпаса болбой турган чекке жеткени – канткенде да духтун көрүнүшү. Ал эми автору менен табыгый мамилеге чыккан тема – курчап турган дүйнөнүн чоңубу, кичинесиби, аны «майда – барат» деп да атоого болбой турган, керек болсо кичик дүйнөдөн чоң дүйнөнү жаралышы үчүн негиз болгон көрүнүш катары чыга келерин да эсте туткан оң. Албетте, мазмун менен форманын төп келиши, чыгармачылык чеберчилик, илим–билим сыяктуу компоненттер чыгарма-чыл өнөрканадагы негизги нерселер. Жакшы ыр–жаңырык, ал мезгил менен канатташ, үндөш, бардыгын боюна сиңирип, кайсы жагы менен болсо да адам көңүлүн көкөлөтүп, жүрөккө дем, дилге рух берип, кайыптан келген күч – кудурет сыңары жашайт. Жакшы ырды акындын өзү гана эмес, анын заманы, мезгили жарататат. Акындык рухту курчутуу, окурмандык–интеллектуалдык деңгээлдерди көтөрүү–ириде адабий сын илиминин милдетинде турган-дыгы

[92] Е.Винокуров.Канатсыз поэзия болбойт.//Жаёы Ала – Тоо, №5(49)май,2013. (А.Токтомушевдин котормосу)

көз көрүнөө, айрыкча соңку мезгилдердеги адабий сын жаатына коюлуп келаткан дооматтардын бардыгы туура экендигин моюнга албай коюуга болбойт.

Бул багытта адабий сын сереп катары мамлекети-биздин эгемендүүлүк жылдарынын баш жагынан поэзия майданына келген дагы бир акын, анын жараткан чыгарма-лары боюнча сөз кылмакчыбыз.

Кош сезим кучагында жашоо барксыз,
чындыкка жоорулбастан түшкө кирген.
Тоодо өскөн, тоо торолткон өжөр калкпыз,
адамдык жупунулук–сүйгөн дүйнөм.
Экилтик ойлор кетсин алыс, алыс,
бир гана тунуктуктан күтөм турак.
Журтумдун бир уугу болгум келет,
боз үйүн көк асманга койгон улам.

Тездикти жээрибеймин, кулдук айтам,
негедир күндөр күтөм саресептүү.
Кылымдын ыры болсун бул Ылдамдык,
а бирок, Акыл андан келечектүү.

Толгонуу акыбети болгон сырлар,
туптунук сезимдерден тапсын түнөк.
Сок, соккун алп сыноолор толкунунда,
сайылган өмүр турат!? Дартикем жүрөк!...»[93]

(«Дартикем жүрөк»)

Бул ырдагы көркөм туюнтуу каражаттары жаңы, саптардагы синтаксистик оборот бузулуп, кертилип улангандай көрүнгөнү менен алардын баары бир–бирине табыгый кыналышып, ички чыңалууга толо, байланыш–тары бекем, окулушу менен угулушу жагымдуу, табыгый, жалпы дух активдүү. Ыр саптары поэзияга аң–сезимдүү мамилеси бар, өзүнчө манера жана интонацияга ээ болгон, айтарлык профессионалдык деңгээлдеги автордун калеминен жаралгандыгы байкалып турат. Андан лирика-лык каармандын жөнөкөй турпаты, бардыгер үмүт– максаты, айтпаса болбой

[93] Т.Жороев Дартикем ж\рък Б.,1997. 17-б.

турган жүрөк сыры чагылат. Мындайда көз алдыга сырдаана, санаалаш адамдын элеси келип, аны менен таанышууга, баарлашууга ниеттенбей койбойсуң.

Жогоруда толугу менен мисалга тартылган ыр– айтылуу Лейлек жергесинин кулуну, көркөм сөз өнөрүнө баш–оту менен кирип, поэзияны өз өмүрүнө канат–бутак туткан Турабай Жороевге таандык. Бул жолку макала–бызда акын менен кеңирирээк таанышып, анын чыгарма-чылык өнөрканасы тууралуу аза–булак сөз кылмакчыбыз. Акындын окурман колуна жеткен «Ыйман», (1988-ж) «Аваз», (1991-ж) «Дартикем жүрөк», (1997-ж) «Ыр маңдай», (2002-ж) «Ак жарык» (2009-ж) аттуу ыр жыйнактары, алардан орун алган ырлар автордун сүрөткердик дүйнөсүн өзүнчө, алейне сөз кылууга арзый тургандыгын далилдеп турат.

Биз сөз козгогон бул макала акын Турабай Жороевдин чыгармачылыгы боюнча жазылган алгачкы эмгектердин бири деп айтсак болот. Ыр жыйнактары эл аралап, айрымдары орус, түрк, өзбек, казак, тажик тилдерине которулуп жүрсө да чыгармалары боюнча адабият жаатында али сөз боло электиги өкүндүрбөй койбойт. Адатта адабият майданына жаңыдан келген–деринин ыр жыйнактарынын баш беттеринде авторго баа – чен айтып, ак жол каалаган акындардын, адабият–чылардын сөзү болчу эле, андай сөздөр да акындын ыр жыйнактарынан жолукпады. Бул, мүмкүн, автордун каалоосу менен дегенибизде да, «жети өлчөп, бир кес», «жамгыр менен жер, батаа менен эр көгөрөт» деген акыл сөздөрдү эске алганда, «өз киндигин өзү кесип», «казанчынын өз эрки кайдан кулак чыгарса» болуп калбайбы деген ой да туулбай койбойт. Анткени ошол баш сөз–акындын адабий чөйрө менен байланышын билдирет. Чыгармаларын өзүнөн мурунку көркөм сөз устаттарынын көрөгүнөн өткөрүп, алардан кеп–кеңеш алуу– акындык жолдогулардын да милдети эмеспи.

Жогоруда Турабай Жороев акын деген наамга арзырлык акын деп айттык элек, муну, албетте, акындын жогоруда аты аталган ыр жыйнактарын окуп чыгып, андагы ырлардын поэтикалык дареметине саресеп салуу аркылуу айтканбыз. Жыйнактардан орун алган ырлардын көпчүлүгү чын дилден чыккандыгы, саптарында эргүүнүн учкундары жашап, кайсыл

гана багытты обьектиге албасын жандуу, реалдуу образ бере алгандыгы менен айырмаланат. Алардан акындын өзүнө гана таандык үн, сезимдердин өзгөчө гаммасы, боёктордун бай палитрасы көрүнбөй койбойт.

М: « Бир сөз керек, Мекен шаанисин
кантип туюп, кантип сезгенди,
билгизүүчү, улуу чындыктай!
Аны айтууга бүгүн кез келди.

Мекен – Эне, кубат мээрин,
үмүт, тилек, кыял максатын
арнап койгон киндик кескенде:
Болсо экен деп Адам жакшы акын.

... Чөксөң – аяп, тарткан жөлөгөн,
учсаң сылап, кайра таптаган
Мекен – Эне күткөн пейилге,
батат бейм, Жерге батпаган!?

Өзү салып өмүр – жарышка,
Сагындырган кулун – желедей,
Жаман – жакшы ... жолго эч кимиң
Тигилбестир, Мекен – Энедей!

Чыгыш – Батыш, жашоо жолуңда,
бүтөр кезде сапар таскагың
мамык кылып төшүн өзүңө –
жабуу кылат кирсиз асманын.

Пейилиндей Мекен – Эненин,
Пейилиндей Мекен – Атанын

Улуулукту издеп, таң тосуп,
Мен марттыктай жашап жатамын!»[94]

(«Бир сөз керек»)

Ыр бир дем менен окулуп, ашык – кеми жок, көңүлгө төп, издеген арзуулуу дүйнөнү ичкерттен туйдурган өзгөчө авазы менен сезим аралайт. Эл–жер, мекен турпаты жандуу, ал мээрбан, кеменгер, камкор эне сымал көзгө тартылат да, анын кадырына, кымбатына туюнган лирика-лык каармандын ага болгон сүйүүсү тунук дил менен түгөнбөс сагыныч коштогон аруулук менен оронуп чыгат. Поэзиянын учкулдугу шунда – ал кичик дүйнөдөн чоң дүйнөгө канат керет, кичинекей көзгө илешпеген нерседен ааламды кучагына сыйдырган туйгу–туюмдарды жаратып берет. Канаттуу поэзия деп ошону айтышат. Талант жана дух, талант–сезим–туюмдардын ойгок абалы, изденүүлөр-дүн натыйжасы дегенибизде, дух–сезимдердин чыңалып, курчуп турган кудуреттүү абалы, ырдагы эргүүдөн жаралган идея–табылга–ошол духтун чагылышы, окурман дилин жарыткан касыет ошол.

Биз мисалга алган акындын 1991–жылы жарык көргөн «Аваз» аттуу ыр жыйнагынан. Ыр–ат коюлбаган сегиз куплеттик түзүмдөн турат. Жакшы ырдын жаралышы үчүн талант, шык–жөндөм, дух дегендердин өзү да жетишсиздик кылаары белгилүү, акындык үчүн дагын бир зарыл жана абройлуу нерсе – билим.

Көркөм сөз өнөр дүйнөсүнүн маани–маңызы, курулуш – түзүлүштөрү боюнча заманбап билим болбосо, чыгарма-чыл адамдын чыгармачылык өнөрканасында өксүк жагдай-лар орун алышы мүмкүн. Мисалга алынган ырда темага жаңыча мамиле, өз түшүнүгүнө ылайык интерпретация берүү, ошого жараша өзгөчөлөнгөн интонациялык ыргак бар. Ыр курулушундагы манера, ички уйкаштуулук– автордун ыр жаратууда шык–жөндөмүнө жараша ылайык билимге да ээ экендигинен кабар берет. Жарык көргөн жыйнактарындагы ырлар жалпысынан алганда, көңүл жагдайларынын драмасын, сезим реакцияларынын майда нюанстарына чейин кылдат кармап, адам психологиясына кирүүгө далалат жасаган маанайдагы ырлар. Булардын мазмундук–формалык түзүлүшүндө дүйнөлүк поэзиянын таасири байкалбай койбойт. Турмуштун өзүндөйлүгүнө,

[94] Т.Жороев Дартикем ж\рък Б.,1997-ж.6-б.

табыгыйлуулукка, композициядагы тышкы логикалуулукка, сүйлөшмөчүлдүккө, сөздүн жандуулугуна умтулуу–акын-дын поэзиясындагы стилдик тенденция, анын поэтикалык изденүүлөрү, далалаттары ушул багытта. Акындын поэзиясы декларациялуулуктан, программалуулуктан оолак, жүрөгү туйган, жүрөгү сезген нерсени алып, эркин жазылгандыгы. Ошондуктан акын:

«Толгонуу акыбети болгон сырлар,
туптунук сезимдерден тапсын түнөк.
Сок, соккун алп сыноолор толкунунда –
сайылган өмүр турат!? Дартикем жүрөк!...» деп акындык бийик жана ыйык жолдо өмүрүн арнап, ага чын жүрөктөн арыбаган арзуулуу тагдыр тилегин шардаана кылып турат.

Акындын 1997–жылы жарык көргөн «Дартикем жүрөк» аттуу жыйнагындагы ырлар автордун чыгарма-чылык дареметинин бир топ жетилип калгандыгын айгинелей алган ырлар деп айтсак жаңылышпайбыз. Андагы мезгилдик мейкиндик менен чабыттаган тематикалык актуалдуу «Ариф мырзанын ыры», «Жараткан менен сүйлөшүү», «Таазим», «Жалгыздар ыры», «Ымыркайлар үйүндөгү ыза», «Күндөр», «Контраст», «Жашоого ода», «Бүгүнкү ыр» сыяктуу чыгар-малар жогорудагы оюбузду бекемдей алат. Жыйнактагы ата журт, өмүр, сүйүү темасындагы ырлар гегемондук орун ээлеп, поэтикалык жандуулугу менен, табыгыйлуулугу менен окурманды кайдыгер калтырбайт. Бул темалар акындын бүт чыгармачылык арсеналындагы башкы темалар, алар автордун чыгармачылык өзүнчөлөнгөн почерки менен жаралган. Жыйнактагы ырлардан акындын кайсы тема менен байланышка чыкпасын жандуу образ жаратып, көңүлгө төп келчү жагдай, сезимге ичкерттен таасир этүүчү сүрөт тартаарына ишене берсек болот:

«Аппак кар чулганган айлана,
ак алтын жайнаган жеримдей.
Теректер ийилет жай гана,
турмушка кол сунган келиндердей.

Ак түтүн боздукка жутулуп,

аптаптын илеби муздаган,
үйлөрдө – терезе жылдыздай,
үмүттөй көз кысып ымдаган.

Түбөлүктүү гүл өсүп аларда,
бергендей кулпурат жаз демин.
Меш жакка кермедей жип тартып,
ак шейшеп кургатат жаш келин.

Булоолоп таноодон ысык дем,
жаш жигит тамызгы камдоодо.
бышкырат торайгыр кар чапчып –
турганга күн бою байлоодо.

Ысык үй төрүндө карыя
кыңая жамбаштап ой сүрөт.
Жүн тытат байбиче түйдөктөп,
кетсе да кез – кезде үргүлөп...

Журтумда меймандос бул жолу,
арууда, бүт тулку, түр өңү:
бардыгын сыноочу – Кыш аттуу
согууда мезгилдин жүрөгү!»[95]

(«Кыш»)

Кыргыз айылынын ажайып картинасы. Дээринде түпкү теги, кан–жаны толук кыргыздын ар бирине ичкерттен таасир этүүчү жандуу картина. Автордун сөз менен сүрөт тарткан чеберчилигине ынанбай коё албайсың. Ырда табият, турмуш, өмүр ыраат менен, алардын улуулугу, сулуулугу ынтызарлуу, ыйбаалуу, өмүрүңдүн мазмунун аңдатып, түпкүрдөн купуя бир күчтүү сагынычты, арзууларды жана өчпөс сүйүүнү ойготуп кеткендей түр берет:

«Чачылган чачтары, өрүмсүз жайылып,
көз нуру эшикке жебедей сайылып,
ээрини кеберсип, чытырап көкүрөк –
ойготту аялды кумардуу сагыныч.

[95] Т.Жороев «Дартикем ж\ръk» Б., 1997 – ж 31-б.

Турду да жоктоду келүүчү адамын,
абайлап таштады, жыңайлак кадамын.
Түнкү жел тойбоду жанчылган аялга –
өпкүлөп жатса да бүт тулкун, жамалын.

Сезбеди а аял эч бирин, эч бирин,
төгүндөп таштады дүйнөнүн кеңдигин.
Өз үйү көзүнө кымындай көрүнбөй,
эңседи мас кылган жаштыктын ак түнүн.

Абийир – уяты тизгиндеп тарткандай,
«селт» этти. Токтоду, ордунда каткандай.
Бийледи сезимин заматта коркунуч,
азгырып шайтандар, үгүттөп жаткандай.

Калгандай күнөөсү бирөөгө билинип,
айнектер калса да нурларга киринип:
кроват кырына коюлган илинип...»[96]

(«Күтүүдөгү аял»)

Искусстводогу натураны аң–сезимдүү кабылдаган окурман үчүн бул ыр чыныгы сулуулуктун сүрөтү тартылган керемет картина, анын фонунда турмуш сахнасындагы сезимдин эң назик жерине жете барган психологиялык–конфликтуалдык драма көзгө тартылат, анын сюжети өзгөчө мелодиялуу, ыргактуу. Чыгарманы идеялык–эстетикалык көркөм турпатына карай лирикасы менен эпикасы эриш–аркак келген поэзиядагы мелодрама деп атоого да болор эле.

Жогору жактан акындын поэзиясын табыгыйлуулукка, сөздүн жандуулугуна умтулган поэзия деп айтканбыз. Чындыгында акын образ жаратууда «жасалма» күчөтүү–нүн, маселен, тропторду, татаал ыргактуу жолдорду көп колдонбойт, анын метафоралары тигил же бул ыкма аркылуу табыгый речтин жалпы системасына тутумдашат жана сырттан бөлүнүп турбайт. Бул көрүнүш акындын жыйнактарындагы дээрлик бардык ырларынан көрүнүп турат.

[96] Т.Жороев Дартикем ж\рък Б.,1997. 57-б.

«...Чындыгында эле чыныгы поэзия чыгармасы акындын адамдык, личностук даражасынын көркөм суррогаты катары жаралып, анын айлана тегерекке жаса-ган мамилесин, атуулдук ар–намысын, рухий интел–лектуалдык изденүүлөрүн туюнтат. Акындын пенделик тагдыры кандай калыптанса, коомдук–социалдык темпераменти канчалык өткүр болсо, анын ырлары да ошого жараша чыгып, ошого жараша адамдар үчүн кызмат өтөйт, эл назарына түшөт, коомдук кадыр–барк табат. Анык поэзия чыгармасы акынды кандайдыр бир идея же образ акылын арбап, жан–дүйнөсүн биротоло ээлеп, чыгармачыл ишке ичкерттен мажбурламайынча эч качан жаралбайт, ансыз ырлар жасалма чыгып, окуган кишини тартып кеталбайт. Бирок аттиң, андай моменттер акын турмушунда дайыма эле боло бербейт! Кай бирде акындын башына деле көпкө чейин алгылыктуу образдар, эргиткен элес–таасирлер «келбей» коюп шорлотот... Көнүмүш ыкмаларга, даяр схемаларга салып ыр чүргөө машакаты көп учурда мына ошентип башталат. Акындын башына кайыптан жаралгандай кайталанбас саптар жолобой, жалган деклорация, штамп образдар, дежур темалар да көп учурда ошентип дүйнөгө келет. Андай ырларда автор өзү кара жанын карч уруп жүрүп таткан оригиналдуу идеялар же образдар сейрек же караманча жок болот; алардан акындык жүрөктүн алоосунун, бийик эргүүсүнүн эстетикалык элесин издеш–көп учурда пайдасыз жумуш, караңгыда ийне издегендей эле акыбетсиз эмгек»[97]–деп белгилүү адабий сынчы О.Ибраимов адабий процессте эскирбей турган сөз айткан экен. Бул сөз азыркы поэзиябыздын абалына да дал келет. Евгений Винокуров айткандай: «Канатсыз поэзия болбосун биздин мезгилде унутуп коюшту, акындар «канат неге жаралгандыгын» жадыдан чыгарды. Азыркы акындардын ырлары жерден боорун көтөрө албайт, турмуштун майда–бараттарынын туткунунда калып, «учалбай, канаты кыркылган куштай кара жерде сойлоп жүргөнү» да туура мүнөздөмө. Тынбай изденүүдөгү акын гана өзүнө канат табат, көнүмүш ыкмаларга, даяр схемаларга түшпөйт деп кошумчаласак жогорудагы ойлорго бир аз болсо да мээлүүндүүлүк кошулат деген ой менен сөз улаганыбыз оң.

[97] О.Ибраимов Къз караш.Ф.,1985. 29-30-бб.

Бул жаатта биз сөз кылып жаткан акын Турабай Жороев поэзияга аң – сезимдүү мамиле кылган, өзүнүн милдетин терең түшүнүү менен өз мезгилинин социалдык жана рухий керектөөлөрүн чагылтууга аракет кылган акын. Анын ырларынын жалпы пафосунан чоң, устат акын Сүйүнбай Эралиевдин: « ... акын үчүн адамдарды, жана жердеги турмушту сактоодо поэзиянын бүгүнкү жоопкер-чилигин сезүүдөн ашкан улуу милдет жок».

«... поэзия үчүн күрөш бүтпөйт. Анткени ал, ар дайым таасирдүү, жакшылык гана алып келчү улуу күч болуп келген. Анткени акындын жүрөгү да өтө назик, сезгич, саал кылт эткен акыйкатсыздыкка ал күйүп – жанып, катуу ооруйт эмеспи!»

«... Акындар бул дүйнөгө аны жакшыртуу жана мээримдүү кылуу үчүн келгенбиз, биздин балдарды өз жерин, өз элин ысык сүйүүгө жана ошол сүйүү үчүн талыкпай күрөшүүгө үйрөтүү үчүн келгенбиз...»[98] –деген акылман ойлоруна шайкеш келген маанай сезилет.

Акындын чыгармачылыгындагы тематикалык диапозон кеңири. Акын өзүн курчап турган дүйнөнүн назары түшкөн бардык тараптары менен ой чабытында алакалаш, мамилелеш болууга далалат жасаган. Ыр куруунун көпчүлүк формалары боюнча автор ишенимдүү, эркин калем шилтей алат. Газал, бейт, рубай, сонет, үчтүктөр, сегиз саптыктар, ак ыр, эркин ыр формалары, салттык ыр түзүлүштөрү акындын бардык ыр жыйнак-тарында техникалык жактан мүчүлүшсүз, так иштелген түрү менен жолугат. Ошону менен кошо батыш, чыгыш поэзиясынын улуттук поэзияга кыйыштырылган көркөм синтези да көрүнбөй койбойт. Бул өзгөчөлүктөр акындын Москвадагы А.Горький атындагы дүйнөлүк адабият институтунан таалим–билим алгандыгынын натыйжа-сында жаралган деп эсептөөгө болот. Акындын чыгарма-чылыгындагы тематикалык өзгөчөлүк– анын мурда поэтикалык тематикадан далдааланып келген диний религиялык теманын ачыктыкка кадамташташы. Буга анын «Жараткан менен сүйлөшүү», «Курандан улам», «Таазим», «Тообого чакыруу» сыяктуу ырларынан көрүнөт. Акындын бул темага кайрылышы поэзиядагы табыгый көрүнүш,

[98] С.Эралиев Тандалмалар Б.,2003,14-б.

«... Поэзия адам рухунун туундусу. Ал рух ар бир пенденин жүрөгүндө болсо, биз жалпы адамзаттык рух акыл – эсине ээ болор элек. Мисалы, адамзат ыйык туткан Куран да Библия да күчтүү поэзиянын үлгүсү. Ислам дининин өзөгү Курандын сөзү – поэзиянын сөзү. Бул ыйык сөз адам баласын нечен кылымдардан бери–амандык, тазалык, ыймандык жолуна карай баштап келет»[99] –деп белгилүү акын Сүйүнбай Эралиев айткандай, бул тема акын Турабай Жороевдин чыгармачылык дүйнөсүндөгү жүрөк каалоосу, сезим–туюмдарынын руханий алакасы–нын көрүнүшү катары баалоого боло турган жагдай.

Акындын 1994–жылы түрк–мусулман өлкөлөрүнүн акындарынын ортосундагы Мухаммед пайгамбардын өмүрүнө арналган ыр жарышында үчүнчү орунду жеңип алышы–анын бул багыттагы рух ааламынын тереӊ экендигинен кабар берет. Ыйык мусулманчылык жол, жан жараткан кудурети чексиз Кудай таала анын элчиси Мухаммед алейха салламга болгон сүйүү сезимин акын чын дилден ырга салат. Акын рухунун Алла Таала менен, Мухаммед алейхи саллам менен сүйлөшүүсү чыныгы аруулукка, тунуктукка башатталган булак сыңары таасир калтырат.

«Оомал – төкмөл жашоо бердиӊ Жараткан,
Ошонуӊа топук кылам. Пендемин!
Кылымдамын, ойду – тоону караткан –
Кубулуунун билбей калган чек, чегин.

... Кермекти да, балды дагы таткандай,
Кыргыз калкым аман турса ак маӊдай.
Оо, Жараткан, ооматыӊа миӊ таазим –
Ушул сезим, өзү чексиз бак кандай!

Көч уланган. Ал токтобойт жер барда,
Кылым деген толо берер түйдөктөй.
Кудуретиӊ кут кондурса дилиме
Жаратканым, кантип коём сүйлөшпөй!?

Эгер менин жаным турса колуӊда,
Эгер менин, жалын турса сөзүмдө:

[99] С.Эралиев Тандалмалар Б.,2003,14-б.

Мунун баары кайра – кайра жаралуу,
Мунун баары чексиздикте бөлүнбөө...»[100]

Акындар киндик кан тамган ата–журт, мекен, анын тоо–ташы, суусу өмүр, турмуш, кыскасы, курчап турган дүйнөнүн бардык жагын ырга салышат, бирок ошол он сегиз миң ааламды, баш–аягы чексиз мухитти жараткан кудуреттүү Кудай Тааланы оозго алып ырдашканы сейрек, Кудай Тааланын барлыгына топук кылган улуу ишеним–улуу духту даңазалоо–жокко эсе. Ушул жерде дагын бир ирет даанышман акыныбыз Сүйүнбай Эралиевдин төмөнкү сөздөрүн айта кетүү ылайыктуудай туюлат:

« ... Ыйман... бу сөз тек гана айтылган, же айтыла жүрчү кеп эмес, ал чын–чынына келгенде, динибиздин чоң фалсафалык мааниси бар маселеси. Бул сөздү да динди жеригендей эле, диний сөз деп жеридик. Бул сөздү жериген соң демек, ыйманыбызды да жерип келдик. Жашоонун ыйыктыгын жоготтук. Жашоонун ыйыктыгы жоголгондо–ишеним да жоголот.

Ал бизди алдаган азгырыкка айланат. Адам эртеңкиге ишеним менен жашоо керек деп ... ыр жаздык, чыгарма жараттык, саясат жүргүздүк, акыры келип мунун баары көзгө көрүнбөс, колго кармалбас азгырыкка айланды»[101]

« ... Бул жалганда зор ырайым бергендей
бу Жараткан колдоп, жер да термелбей,
Эгебиздин бар экенин тангандай,
баш айланып жүрдүк дилде жан калбай...

« ...Оо, Жараткан Эгебиздин элчиси
оомал – төкмөл дүйнө түгөл көчүсү,
Азирети пайгамбарым Мухаммед
асырай көр, кыл көпүрөө ... Турам» – деп

---

[100] Т.Жороев. Дартикем ж\рък. Б., 1997., 23 -24 –бб.
[101] Т.Жороев. Дартикем , ж\рък Б., 1997.26-б.

Жалбарганым, табынганым жеткендей ,
жан жолдоштой, периштелер кептердей.
Оо Мухаммед, кудуретиң Алланын
ой – дилине үммөтүңдүн салганың.

Жалган дүйнө тамашасын сүйбөгөн,
жаннатка деп бүт дүйнөнү үндөгөн.
Ыкыласыңды адамзаттан кыйбадың,
ыкрар тутар усул болду ыйманым.

«Ачка – токко сабырдуу бол» – зор месел,
«Барга – жокко чыдамдуу бол» – зор месел
«Жер үстүнө жайылбасын жамандык,
жаннат жолу – жалгыз гана адалдык!»[102]

Ыйман–бул адамзаттын артыкчылыгы, жашоодогу өмүр мазмуну, мээри, сүйүүсү, уят–сыйыты, адеп–ахлакы, ыйбаасы, чындыгы, адилдиги–бүт турпаты, жан жараткан жан эгебизден коркуусу, ага болгон урматы. Ошол улуу рух ыйман гана адамзатты тынч, бири–бирине акыбеттүү өнүп – өсүүсүнө негиз болуп келе жатканы акыйкат. Ыйман – бул Кудай Тааланын барлыгына ишеним, ыймансыз адамдан ар кандай жамандыкты күтүүгө болот. «Элге көп жылдардын тепсендисинде калган ишенимди кайтарып берүү зарыл. Антпесе күн алыс кабыл алган мыйзамдарыбыз да, токтомдорубуз да бекер.

Ал эми ишенимди кайтарып берүү, аң–сезимдеги акыл төңкөрүшүнө тете иш.Буерде ураандын кереги жок. Чындык керек. Чындык үчүн адамдар өлүмдөн да кайра тартпайт, кала берсе өлүм да аздык кылат» –деген Сүйүнбай Эралиевдин акылман сөзү биз сөз кылып жаткан темага дагын бир жолу айкындык кийирет.

Жогоруда мисалга алынган ыр саптары акын Турабай Жороевдин мусулман–түрк дүйнөсүнүн алкышына ээ болгон «Таазим» аттуу ырынан үзүндү. Үзүндү дегенибиз–ыр бүтүндөй бир поэмага тете, андан Мухаммед аллейхи саллам пайгамбарыбыздын Алла жолунда үммөттөрү үчүн күйүп–

---

[102] С.Эралиев. Тандалмалар- Б., 2003, 16- б.

бышкан мээри, жасаган иштери, анын ыйык – бийик образы бир бүтүн өзүнчө, лиро – эпикалык деңгээлде чагыла алат.

«Алла Таалам, жан эгем,
Амиринен жаралдык.
Ыкрар тутар жолубуз,
Ыйман, ырыс адалдык.

... Он сегиз миң ааламдын
Түркүгү сен, жан Эге!
Өмүр – жашоо күткөндүн
Өбөгү сен , жан Эге!

... Жалган дүйнө акырет –
Жаддан чыкпай, аруу бол?
Эй мусулман пенде зат
Эл – журтуңа каруу бол!?
– Омийин!

Душманыбыз дос болсун,
Досубуз бир тууган болсун!
Бир тууган сырдаш болсун!
Бейтааныш курдаш болсун!

... Эсиңде турса, жараткан Эгем,
Эңсеген тилек турмушка ашат.
Куран – и – Карим сырларын билүү –
Кыямат жолун бөгөөчү башат!

Назарда туткун: улутту бөлбө,
Нак пенде мейли ак , кара болсун.

Пайгамбарым нур болуп турат –
Периштелер ийинге консун!
- Омийин!»[103]

[103] Т.Жороев. Ыр маёдай- .,2002,117-118-бб.

Ыр саптарынан акындык духтун дил жарып чыккан жаңырыгы угулат. Батаа, калоо – тилек формасындагы бул ырда адамзаттын бүгүнкүсү, келечеги тууралуу күйүп–бышкан глобалдуу ой, жүрөктөгү көйгөй чачылат. Акын кайрылган бул тема жаңы эмес, бирок өзгөрүлгөн заман тушунда эски деп жерилген акыйкат – актыктын рухий жактан кайра жанданыуусуна өбөлгөлүү тема. Ошону менен бирге адабий сын илиминин тили менен айтканда, акын аны издебей, ал акынды өзү издеген тема.

Акындын бөтөнчө аздектеген темасы–ата мекен, эл–жер, алар акынды көп жактуу толгонтуп, ынтызар-лантып келет. Ыр жыйнактарындагы «Бир сөз керек», «Мен жокто», «Ариф мырзанын ыры», «Мекен», «Кулундум», «Башатым Бабыл», «Кыргыз жана тоо», «Эне тилим», «Ата журтум», «Мекен бирөө», «Ак жарык», «Кыргыз үнү», «Ала–Тоом», «Аруу милдет», «Лейлек жергем», «Жолдогу таш», «Кыргыз нурум», «Аталар пейли», сыяктуу ырлар автордун эли–жери, мекенине болгон сүйүүсүн, урматын өзүнчө үн, өзүнчөлөнгөн маанайы менен чагылдырып берет.

Эл–жер, мекен кымбаты «Ариф мырзанын ыры» аттуу монолог түрүндөгү ырда лирикалык каармандын мекен туйгусу бөтөнчө жандуу, сезимге ичкерттен таасир этерлик даражада чагылган:

«Караанын көздөн учту го, учту тууган жер,
каралдын күйүт жутту го, жутту тууган жер.
Атамдын даңкы ак таңдай болуп суйкайып,
адилет тилек утту го, утту тууган жер.

Көз жашым мына тамчылап турат өзүңө,
«кыргызым – бадал» – дегенди кошом сөзүмө.
Кудайым колдоп койнуңда турам тууган жер –
кумарым канбай төшүңдү басам төшүмө

Самаган атам.Самаган апам, тозгон журт,
Сар – Колдон самсып алыстан алыс кетишкен,
кыргыздын көчүн токтотпостон биздин эл,
куш учкус зоодон, кум күйгөн чөлдөн өтүшкөн.

Чачылып жүрүп жан таслим болдук көбүбүз,
чамасы келбей, атабыз күйдү түтүнсүз...
Азсак да, тозсок армандуу күйүт жеңилди–
Ала–Тоо барсың, сен барда кыргыз бүтүнбүз.

Бетиме сүртүп, топурак жытын искеймин,
бешикте бөбөк. Жыттагым келет, жыттагым.
Ош пирим мына, Алайым мына–самаган,
опол тоо мына, кыргыз эл мына кутманым.

Жараткан мага эш кылып ушул таалайды,
жашысам дагы, эреркеп, толуп–ташамын.
Миң жаша кыргыз. Аман бол дайым Ала–Тоо–
мекеним менин. Мекени–Ата, Апамдын...»[104]

Ариф мырза оош – кыйыш замандарда эл–жерден азган айтылуу Рахманкул хандын баласы. Мекенден алыс жүрүп, ага сагыныч арткан Ариф мырза биз тараптын чакыруусу менен Курманжан Датканын юбилей мааре-кесине Түркиядагы туугандар атынан өкүл болуп катышуу мүмкүнчүлүгүн алган экен. Анын ата–журт, тууган жер топурагындагы абалын акын жүрөк сыдыргасынан өткөрүп жандуу картина жаратып жатат.

«Ала – Тоом – Мекен Алладан тартуу болгондой,
Ата Журт аттуу кадыры кымбат түнөк бар!
Абийир – салтка кебелгис ыйык коргондой,
Ар сокконун сайын арзуусу күчөр жүрөк бар!

Кут конгон ушул Эне – жер улуу төрүндө,
Кыргызым жашайт, доорлор көчүн башкарып.
Ынтымак – ырыс табигат менен бир өсүп,
Ыймандын нуру – тазарган жолдо ак жарык

... Кесирлүү тилек–дил эмес, ойго жолобой,
Кыргыз бар–аалам кут–бешик болсун Эне–жер.
Келбеси ырас, ак жарык түшкөн оңой жол,
Келечек даңкын Ала– Тоом өзүң бере көр?!»[105]

[104] Т.Жороев.Дартикем ж\рък.Б.,1997-ж.15-16-бб.

Ыр саптарынан акындын эл–жерине болгон аздек сезими, сүйүүсү патриоттук духу сезилет. Ырдын толук тулкусундагы поэтикалык пафос–көптөн бери катылып келген, өнүгүп–өрчүп, толгоосу жетип көз жарган бир демдеги жаңырыктай туюлат.

Албетте, мекен жөнүндө ырдабаган ырчы, жазбаган акын жок, бул тема чыгармачыл дүйнөнүн башаты, булагы катары жашай берчү түбөлүктүү, сыймыктуу тема экенин тана албайбыз. Бирок мекен образын жаратууда акындардын даремети ар башка, алар өзүлөрүнүн чыгар–мачыл дүйнөсүнө жараша алакалашат, бири мекенди катышуучу каарман катары алып жүрсө, дагы бири мекенди образ–мүнөз каарман деңгээлине алып чыгат, айрымдары мекендин типтүү образын да жаратып салышат.

Акын Турабай Жороевдин поэзиясындагы эл – жер, мекен темасы окурманды өзүнө көңүл бургузган, көп тараптуу мүнөзү ачылып, бир бүтүн образ болуп жара-лууга далалаттанган тема деп эсептөөгө болот. Бул акындын ыр жыйнактарындагы мекенге арналган ырлар-дан тарта эпикалык пландагы «Чындык», «Чурка күлүк», «Түрк–мусулман мунажаты», «Ош–тумар», «Алтын бешик», «Таазим» аттуу дастандарынан көрүнөт.

Мурдатан белгилүү чыгармачыл өнөрканада мүчүлүштүктөр болот, акын Т.Жороевдин чыгармаларында төгөрөгү төп деп айта албайбыз. Илимде поэзияны көп ойду аз сөз менен берүүнүн жолу деп айтылат, анын ар бир сабында катмарланган маани, ой артынан ой козгогон жаңы жышаана, жаңы табылгалар жатмагы лаазым делинет. Көбүнчө акындар сүрөттөөгө алган багыты боюнча жаңы маани, кошумча ой беремин деп көп сөздүү–лүккө өтүп кеткен учурлары кездешет.Андай учурларда стиль, логика эстен чыгып, кадимкидей тавтологиялык жолго түшөт.

Акындык машакаттуу жолду моюнга алган ар бир акын ар бир жараткан ыры менен өзүн–өзү ачып барат, элге өзүнүн канчалык деңгээлдеги акын экендигин ашкерелейт.

« ... Дегенибиз – дейт белгилүү сынчы О.Ибраимов, – автор үчүн баарыдан маанилүү нерсе–акындык абройду аздек тутуу, өзүн–өзү калың элди каратып туруп ашкерелөөдөн качуу»[106]

---

[105] Т.Жороев Ак жарык 0ш.2009.4-б.
[106] О.Ибраимов Къз караш Ф.,1985-ж.38-б.

Акындык ыйык ысымды тутунуу үчүн тынымсыз изденүү, эмгектенүү, өзүнүн өнүккөн, өскөн жактары менен көрүнүү–чынармачылык жолдогу башкы маселе, албетте. Акын Т.Жороевдин чыгармачылыгын–дагы биз байкаган (дегеле кыргыз акындарынын көпчүлүгүнө мүнөздүү болгон) мүчүлүш–жогоруда биз айтмакчы болгон көп сөздүүлүк маселеси.

Орус элинин атактуу сүрөткерлери Пушкин менен Чехов кыска туюнтууну адабий таланттын башкы белгиси деп айтышкан экен. Өзүбүздүн элибизде да «Акылмандын сөзү кыска, айта салса нуска» деген кеп бар. «Көп сөз–чөп сөз» деген акылман макал да элдин эстетикалык генийи жараткан макал. «...Алыкулдун айтылуу «Россиясы» бир эле куплет. Ал эгер акындык аброюн аздек тутпаган болсо, карандай көлөмдүн артынан кууса: «Эй, Россия, Россия бир боор энем», «Эй Россия, Россия тууган энем... тапкан энем, жаккан энем..., баккан энем» деп чойгондон чое бермек.

«Кудайга миң мертебе калп айтсам да,
Ырыма бир мертебе калп айта албайм» – деп

Акындык бийик абийир менен өз кесибине жасаган ыйык мамилесин туюнткан эмеспи. Ал эми ырга «калп айткан» б.а.Поэзия эмес, бухгалтерияны биринчи планга койгон авторлор, албетте, демейде чыныгы адабиятка анча тиешелери жок адамдардын арасынан чыгат, аны өз учурунда коомчулукка жарыя айтыш–адабий сындын кечиктирилгис милдети»[107]–деген О.Ибраимовдун сөзү бул багытта айтмакчы болуп жаткан оюбузга дал келет:

« Ай эпчил жан, куй толо куйсаң эми,
Ал – ээмди жок кылар куш бу арагың.
Жазылгансып баратат куйкам эми
Жарык боло түшкөндөй туш тарабым.

Акча жагын ойлонбо, жетет мына,
Азгырыктан эсен – соо кутулган бар.
Айгакчылар төнүштү, себеп мына –
Адилеттик алдында утулган бар!

[107] О.Ибраимов Къз караш Ф.,1985-ж.38-б.

Ким ойлоптур момун жан илинерин,
Кайбарлардын күнүлүк кылтагына.
Бирок чындык кашкайып билинерин
Басылбастан адилдик пул жагына.

Адилеттик тостун биз айткан чакта
Эй эпчил жан, сак кулак, муюн тургун.
Таякеңден энчи эмес, бул бир лавка
Толтурадан толтура куюп тургун.

Кээде биздей адамдар шекер – балдын
ошулмасы сыяктуу сөздөн согот
Кетсе кетер граммдан, сомдон алгын
кымтуу деген илдетти көздөн жогот!?»[108]

Бул ыр акындын «Ыр маңдай» жыйнагындагы «Адилеттик тостун айтарда» деген ыры. Ырда оргиналдуу идея жок. Ыр арак саткан камактагы арак ичип жаткан алкаштын монологуна окшоп кетет, ал сатуучуга:

«Адилеттик тостун биз айткан чакта
Эй эпчил жан, сак кулак,чуюлтургун
Таякеңден энчи эмес, бул бир лавка
Толтурадан толтура куюп тургун»–деп мас–алас абалында кайсы бир «адилетсиздик», «кайбарлык» жөнүндөгү түшүнүксүз сөзүн булдуртуктап айтып жаткан-дай сезилет, ырдагы маани кайсы, окурманга бере эстетикалык жагы кайсы, автордун өзү гана билбесе биз түшүнө албадык, кала берсе «муюп тургун», «куюп тургун», «сөздөн согот», «көздөн жогот» деген кунарсыз уйкаштыктар ырдын ашмалтайын чыгарып салган.

Акындын ыр жыйнактарындагы көпчүлүк ырлар көп куплеттүү, көп сөздүү, алардын ичинен оңунан чыгып, лиро – эпикалык планга умтулгандары да арбын, ошону менен катар майда темаларды маанек тутуп, үй – бүлөлүк, илик – жармалык карым – катыштарды ортого салуу жана жеке чарбалык функция аткарып калуу сыяктуу фактылар да арбын.

[108] Т.Жороев Ыр маёдай Б.,2002,26-б.

Салтыков–Шедрин айткандай, терезеге отуруп алып, көргөндөрдүн баарын эрикпей тизмелей берсе, чыгарма-нын да кунары кетип, (эгерде аны чыгарма дешке болсо) чыныгы адабияттын, адамдарга керектүү өнөрдүн милдетин өтөй албайт. Мындай ырсымактардын жыйнакка кирип кетиши өкүнүчтүү. Жыйнактардан орун алган «Лейлек күрөшүнө мактал», «Санаркоого сүрөөн», «Детектив», «Мансапка, мандатка, ж.б.у.с. талапкер–лерге», «Матикасовго мактал» , «Тийбесе болду», «Эркек, жубан, балдар элегиясы» («Ыр маңдайдан») «Ош каалоо-сун жарыялоо», «Топурактар», «Романтика–2», «Сага увертюра», «Нагыз таалай» («Ак жарыктан») сыяктуу көп куплеттүү ырлардын поэтикалык көркөмдүгү супсак, кала берсе алардын аталышы да поэтикалык маанай бербейт, «Эшигине карап төрүнө өт» дегендей, маселен, «Санаркоого сүрөөн»–Санаркоо бул–санаа, капалануу, ойго басылуу, пессимисттик маанай буга кандай сүрөөн болушу мүмкүн?–деген ой кетет. Мындайда аталыш чыгарманын маанисин бүдөмүктөнтөт, туура жыйынтык бербей калат. «Ала–Тоом, кыргызым, аппак карым» деген ыр сегиз куплеттен турат. Ыр–курулушу, эстетикалык идеялык көркөмдүгү жагынан дурус эле. Бирок олуттуу жетишпей турган нерсе–темага жаңыча мамиле жасоо, ылайык интерпретация берүү. Баягы эле тема, баягы эле сөздөр. «... Көпчүлүк кыргыз акындарынын китептеринде: «кыргызым, сен канча кылымдарды басып, канча кордуктарды көрдүң, эми болсо жыргал турмушка батып отурасың, миң мертебе данк сага, мен сага кагылам!» деген сыяктуу даяр рецепт боюнча курулган декларация-лар, шаан–шөкөткө толгон одалар, ыксыз салтанатка балкыган панегриктер арбын. Аларды карап туруп ойлойсуң: жок, бул ырлар (чубалжыган ырлар) жандуу ой, жандуу сезим эмес–сөздөр, сөздөр жана да сөздөр! Ушундан келип биз илгерки муун акындарынан кийинки эки муунга өткөн «Салтка»–«улуттук орнаментке» кирип баратабыз»[109] деген белгилүү сынчы Абдыганы Эркебаевдин сөзү биз сөз кылып жаткан акындын эл–жер, мекен жөнүндөгү ырларына да тиешелүү болуп кетет.

М: «Кыргызым, кыр кезгеним...кырк тамырым

[109] А.Эркебаев.Азыркы учур жана кыргыз поэзиясы.Ф.,1980-ж.25-б.

кылымда тилге алган сени качан?
Кум болуп же күл болуп кетер белең –
күн өткөн курч болотко айланбасаң?

Кыргызым, Эне –Сайдан дарек тапсам:
кабарсыз, катмарланган изиң сансыз,
Орол тоо, Үрүм, Ооган, Турпан, Жунгар...
опсуз жол, басылбаптыр кармаш, кансыз.

Кыргызым , намысыңдын көк туусунан
Кайтарыптыр далай душман мизи коюп,
Көкүрөк керээринде тыным алып
Кактоого даяр турган далай тозок.

Азса да, тозсо дагы бытырадай
Абайлап, этек – жеңин жыйып келген
Бактым бар кыргыз болуп калганыма
Бактым тоо – сансыз кайрык, бүтпөс термем»[110]

Көрүнүп тургандай, бул ыр автордун айткысы келип, умтулуп турганын көрсөтүп турганы менен поэтикалык жактан али чийки, ийине жетпеген ыр. Ошон үчүн ал супсак, сезимге таасир этерлик көркөмдүгү, жаңылыгы жок. Жыйынтыктоочу куплеттеги–«Азса да, тозсо да бытырадай» деген сөз окшошпогон, кала берсе орунсуз салыштыруу, анан «Абайлап этек – жеңин жыйып келген» жөн эле поэтикасыз сүйлөм, ой жылаңач, поэтикалык каражаттар аркылуу жаралган сезимдүү логика жок. Акындын чыгармачылыгында бир чети өтө эле жөнөкөй–лүккө, жана маанисиз ойлорду көркөм каражаттарга ороп, чулгап поэтикадагы баналдуулукка жол берген учурлары көп учурайт. Поэзиядагы карандай акылга салып, зордолуп жалган сезимден жаралган ырлар таасири жок кунарсыз көрүнүшкө айланат.

«Булбулум, кеч сайрадың, эми кантем,
бул өзү сыр–ааламга болор антен.
Сүйүүнүн сыйкыр күчү бар кезде бир,
садага болор өмүр. Ээ, шул жан–тен.

[110] Т.Жороев. Ак жарык – Ош , 2008-ж.68-69-бб.

Булбулум, санаа жоктой сайрадың да,
бу мени туюп жашыл жайыгыңдай.
Мен болсо толкун жиреп сүзбөй калган,
Мылгун чалдын шуу чөккөн кайыгындай.

Булбулум,сен сайрадың, туйдум жазды,
бул тагдыр буктурмалап койсо дагы.
Мен эми кайрып чыгам сендик жазды,
мышмыктар бука чаардай сойсо дагы.

Булбулум, сен сайрадың кайттым жазга,
бу «жүлүктөр» бүт баарын... билсе дагы,
Тен бере ырың тыңшайм, үнүң өбөм,
туз – даамдар керчөөдөй тилсе дагы»

Бул ырда акындын «Ак жарык» ыр жыйнагындагы 68–69–беттерден алынган аты жок, 6 куплеттен турган ыр. Бардык куплеттер «Булбулум» деп башталганына караган-да ырдын аты «Булбулум» болсо керек. Бирок чыгарманын идеялык көтөргөн жүгү кайсы, автор табыйгат менен сырдашып, аны менен рухий туташып жатабы, же өзү менен өзү сүйлөшүп сыр төккөн монологубу, айтор, түшүнүксүзүрөөк. Ыр саптарындагы ойлор чаржайыт, каныгарлык эмес, кандайдыр бүдөмүк атайлап татаалдаш-тырылган чалды–куйду тизмектер сыяктанат. Анан ыр саптарындагы: «Мылгун чалдын шуу чөккөн кайыгындай», «Мыш–мыктар букачаардай сойсо дагы», «туз–даамдар керчөөдөй тилсе дагы»–деген сөз тизмектеринде поэтикалык көрөңгө көрүнбөйт, «мыш–мыктар» деген эмне, ал ким? Алар «букачаарды» кантип соёт? Эмнеге «туз–даамдар керчөөдөй тилет?» Буларга акын өзү түшүнбөсө, окурмандын түшүнүшүнө ишениш кыйын. «Булбулум»–акындын ырлары, ыр–таланты деп түшүнгөн-дө да ал изденүүдөн, толгонуулардан торолгон чыгарма эмес экендиги көрүнүп турат. Бул акындын оңой уйкаштык тапкычтыгынан да көрүнөт. Биринчи куплеттеги уйкаш-тыкты караңыз:

1–сап аягы – кантем
2 – сап аягы – антем

4 – сап аягы жан–тен. Булар сыяктуу уйкаштыктардан автордун эптеп ыр чүргөө, жеңил–желпи литератур–шиналыктан да алыс эмес экендигин көрөбүз. Аз болсун, саз болсун. Миң ойлонуп, миң толгонуп, канаттуу поэзия жаратуу, ар бир ырына эң мээримдүү эне сымал мамиле кылуу зарыл экендигин ар бир акын терең туюнуусу, ага амал кылуусу талап кылынаарын эстен чыгарбоо зарыл. Поэзиядагы канат дегенибиз–поэтикалык пафос, «...Пафосто акын кооздукка, сүйкүмдүү жанга ашык болгондой идеяга да ашык болот, ошого жан–дили менен кумарланат, аны ал карандай акылы, баамы, сезими же өзүнүн жан дүйнөсүнүн кайсы бир кыры аркылуу эмес, өзүнүн нравалык турпатынын бүткүл болмушу, ажары менен жаратат, ошондуктан гана анын чыгармасындагы идея кургак ой да, жансыз форма да эмес, кандайдыр сыйкырдуу идея жашаган жандуу формасы бар бүтүн зат»[111]

Акын Турабай Жороевдин поэзиясына үңүлүп отуруп, Евгений Винокуровдун: «Канатсыз поэзия болбосун биздин мезгилде унутуп коюшту, акындар «канат неге жаралган-дыгын жадыдан чыгарышты. Азыркы акындардын ырлары жерден боорун көтөрө албайт, турмуштун майда– барат-тарынын туткунунда калып, учалбай канаты кыркылган куштай кара жерде сойлоп жүрөт»[112] деген сөзү акыйкат айтылган сөз экендигине ынанасың.

Акындын «Аваз», «Ыйман», «Дартикем, жүрөк», «Ак жарык», аттуу ыр жыйнактарындагы ырлардын тең жары-мы баягы эле бизге тааныш темалар, баягы эле мотивдерден (балалыкты сагынуу, ата–энени эскерүү, туулган айылды сагынуу, курбу–курдаштарга, замандаш–тарга арноолор, ата–журт, заман ж.б.) Албетте, сөздөр, сүйлөмдөр, ырлардын аталыштары өзгөрүп барган, бирок башкы нерселер: идея, форма, стиль, интонацияларда өзгөрүү жок. Көбүнчө жаңычылдыктын пафосун, изденүү-нүн машакатын байкатпаган, карандай техникалык машыгуудан жаралган ортосаар, башкача айтканда, «ысык», «суугу» билинбеген жасалма ырлардын агымына кирүүчү ырлар басымдуу. Ошону менен бирге редакция–лоого

---

[111] В.Белинский Собр.соч.в трех томах,Т.Э.М.,1948; 387-б.
[112] Е.Винокуров Канатсыз поэзия болбойт // Жаёы Ала – Тоо , №5(49) май,2013.

муктаж, мазмун формасы алешем, эптеп чүргөлгөн ыр сыяктуулардын жыйнактардан орун алып калышы акындын чыгармачылык өнөрканасынын али тажрыйбалуу, такшалган калыпка түшө электигинен кабар берет.

М: «Мен муну билгендеби, жөлөнөрүм,
Максаттуу күтүп сенин төрөлөрүң
Магдырап нак бейиште жүрмөкпүз – эй.
Махабаттын татып жуп мөмөлөрүн.

Мен муну билгендеби, кумар көзүм,
Мындан – оо далай кечең жаралмакмын
Сени издеп чаң салмакмын, даң салмакмын (?)
Сүйүүнүн шор талаасын шарылдап бир... (?)

Мен муну туйгандабы, жайык төшүм (?)
Махабат ааламына келериңди
Өлүмдүн миң чалмасын жалгыз тытып –
Өзүңө деп коймокмун мен өмүрдү!

Мен мунун сезгендеби , түн жарыгым,
Миң жылдыз жарыгындай шоолаланбай
Дым этпей , адеп тутуп тосор элем,
Дүрбөлөң салбай чыккан коогалаңдай.[113]

Бул ыр «Ыр – кумар» деп аталып, ар бир куплеттин башында редиф катары келген «Мен муну билгендеби», «Мен мунун туйгандабы», «Мен мунун сезгендеби» деген ыксыз кайталоолор менен «жөлөнөрүм», «кумар көзүм», «кайкы төшүм», «түн жарыгым», «жалбарарым» сыяктуу эпитет болумуштар коштолгон 7 куплеттен турган узун ыр. Бул ыр саптарындагы сөздөрдүн бири да поэтикалык орун таппаган. Куплеттердеги: «Максаттуу күтүп сенин төрөлөрүң, магдырап нак бейиште жүрмөкпүз – эй», «Сени издеп чаң салмакмын, Сүйүүнүн шор талаасын шарылдап бир...» (лирикалык каармандын сүйгөнү али төрөлө элек экен, ал анын төрөлүшүн максаттуу күтүп жүрүптүр, төрөлсө «магдырап нак бейиште, махабаттын жуп мөмө-лөрүн татып» жүрмөкчүлүгүн айтып

[113] Т.Жороев . Ак жарык. Ош.2008,54-55-бб.

жатат) Коошпогон сөз, окшошпогон ой, поэзиянын жүзүнө кара сүрткөн сөздөрдүн алхимиясы. «Чаң салмакмын, даң салмакмын, «сүйүүнүн шор талаасы», «Дым этпей, адеп тутуп тосор элем» деген сөздөрдө поэтикалык жыт–жышаан жок, кайра окурман көңүлүн кайт кылуучу интеллектуалдык чийкилик көрүнөт. Муну ырдын акыркы куплетинде автор моюнга алыптыр:

«Кыялбастан, көңүлдү көтөрөм деп
Кулу болуп бул ирет кыял – ойдун:
Адабий усулдагы куулук ыктай –
Атайлап бул түрмөктү чүргөп койдум»

Мында дагы: «Адабий усулдагы куулук–ыктай» деген орунсуз сөз автордун ырга болгон мамилесин (Адабий усулда куулук ык барбы?) акындык нравалык маданияты-нын, кругозорунун канчалык деңгээлде экенин тескери жагынан ашкерелеп турат. Жакшы ырларды жараткан акындын мынчалык төмөн түшүп кетишине ишене албай да каласың.

Албетте, акындык чыгармачылык–толкундуу чыгар–мачылык. Толкун бирде күргүштөп, бийик көтөрүлүп, бирде артка тартылып, күүсү басаңдап барышы да табыгый көрөнүш. Ошенткенде да акын өтө сарасептүү, сезимтал, жараткан чыгармаларына дыкаттык менен мамиле жасаган кеменгер жана чебер болуусу ар дайым зарыл. Муну дүйнөлүк адабият институтунан таалим– билим алган, дүйнөлүк поэзия менен тааныштыгы бар билимдүү калемгер Т.Жороев билбей калышы мүмкүн эмес. Мындай дегенибиздин себеби жогорудагыдай арабөк, алешем ырлар анын чыгармаларынын арасында арбын экендиги. Учурунда Москвада А.М.Горький атындагы дүйнөлүк адабият институтунда чогуу окуган азыркы учурдагы Кыргыз Эл акыны Эгемберди Эрматовго, анын чыгармачыл өнөрканасына салыштыра караганда биз сөзгө алып жаткан акын Т.Жороев али чыныгы акындык изденүүчөндүк талант коштогон түйшүктүү жолго түшө элек, чыныгы акындык милдетти биротоло моюнга ала электей туюлат.

« ... Азыр 20 – 30 – жылдар эмес, улуттук поэзияда жаралган ошол шарттарды сиңирип, дүйнөлүк көркөм адабияттын асыл үлгүлөрү менен оозангандан кийин гана адабияттын эшигин кагуучу мезгил. Андай камылгаңыз болбосо талантыңызды

убактынча ката туруучу мезгил[114] ...» – деп сынчы А.Эркебаевдин айтканына таянганда андай камылга Т.Жороевде бар, талант да бар. Бирок акындын чыгармачылыгы (биздин оюбузча) ортосаар абалда калып турат.

Улуу сынчы В.Г.Белинскийдин: «...ырда кадимки сүрөткердик жөндөм, поэзия болбосо, анда ырда эчтеке жок дей бер, а түгүл жалпак тил менен угумдуу саптар да көбүнчө жетишкендик эмес, кемчилик, анткени окуган кишини канааттандырмак түгүл, кейишке салат. Дегеле ыр өзү ортосаардыкты түк көтөрө албайт»[115]–деп айтканын–дай, акынга берер кеңешибиз–ырларыңызга канат бериң, алар тандалып, иргелип бийиктерге учушсун. Бул мүмкүчүлүк сизде бар.

## ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТАГЫ «ДУРУС» ЖАНА «БУРУШ» МАСЕЛЕЛЕР

XXI кылымдын баш жагы, эли–жерибиздин эгемендүү мамлекеттин заң–заманы менен көч улаган тарыхый бурулуш тушунда профессионалдык жазма адабиятыбыздын абалы тууралуу адабиятчы–окумуштуу Курманбек Абакиров «Жаңы Ала–Тоо» адабий–көркөм журналынын 2012,3(35) санындагы «Жаңы кылымдагы кыргыз адабияты» деген макаласында бир топ кеңири токтолуп далилдүү, каныгарлык маалымат–мүнөздөмө–лөрдү бериптир. Автордун кыргыз прозасы жөнүндөгү: «…Бүгүнкү кыргыз прозасынын жанрдык курамы да мурдакыдай бир өңчөй эмес. Саясий–идеологиялык көзөмөлдөн кутулган кыргыз авторлорунун бир тобу тарыхка баш–оту менен кирип, бүгүнкү күндүн компьютери менен телесинин торунда турган окурман–дарды көбүнчө тарыхый экзотика менен кызыктырууга азгырылып, бул жанрдын салт–жөрөлгөлөрүнө анча маани бербей, анын таламдарына жооп бербеген чыгармаларды жаратып жатышса, прозаиктердин дагын бир даары «публицистика, даректүү баян, көркөм–публицистикалык ой–толгоо, очерк, очерк–эссе, даректүү изилдөө, маек–эссе, повесть–эссе сыяктуу жанрдык аныктамалар менен «эмне десең ошо де» дегендей

[114] А.Эркебаев Азыркы учур жана кыргыз поэзиясы. Ф.,1980-ж.
[115] В.Г.Белинский Собр.соч. в трех томах М.

чыгармаларды жазууга адистешип алышкан»[116]–деп айткандары туура, чындыгында, проза-лык чыгармалардын жанрдык аталыштарында мурда жолукпаган «повесть–эссе», «очерк–эссе», «сатира–эссе», «публицистикалык ой толгоо»жана башка аталыштар көбөйдү. Жогоруда айтылгандай, даректүү баяндар, эскерүүлөр, эсселер, ой толгоолор, публицистикалар, насааттар, ой–пикирлер ж.б.у.с. жанрлар менен XXI кылымдын башында эсепсиз китептер жарык көрдү. Алардын ичинен сабаттуу, ырааттуу жазылып окурман-дарды ойго салган, таанып–билүүсүн кеңейткен басылма-лар менен бирге эч бир көркөмдүк, социалдык–нравалык жүк көтөрбөгөн, жөн гана эрмек үчүн жазылган өңдүүлөрү да көп. «Чындыгында эле,–дейт К.Абакиров, жарык көргөн көркөм адабий чыгармалар деп эсептелген китептер көп. (Бул текстти бул макалада да колдонууга туура келди) Аксакал жана көк сакал, белгилүү жана белгисиз дегендей авторлор да көп. Алардын жазгандарынын арасында «дурусу»да, «бурушу»да бар экендиги айгине. Эми ошол жайнаган китептер кандай, ошол кызыл–тазыл, кооз китептердин ичинде эмне бар, талдаган да, кызыккан да киши жок»[117] Албетте, акын–жазуучулар көбөйүп, китеп артынан китептердин жайнап чыга башташы белгилуу сынчы Кеңешбек Асаналиевдин сөзү менен айтканда: «…Бул иллюзия эмес, бул бүгүнкү күндүн чындыгы, талашсыз фактысы» жаралып жаткан чыгармалардын «дурус–бурушун» изегелеп, иргеп коомчулукка айкын-даштырып берүүчү адабий сын жанры биротоло өчүп калган жок, анын эртеби–кечпи өз функциясын жаңы замандын келечек багыттарын аныктаган заманбап идеялары менен улантышына шек жок.

Жогоруда сөз кылып келе жатканыбыздай, жаңы замандын (кылымдын) сырты кооз китептеринин бири колубузда турат. Китеп 2014–жылы «Көпөлөк өрөөн» деген ат менен жарык көрүп, автору Баткендик Аскаралы Ражабалиев экен. Биринчи бетте (мукаба беттен кийинки ички бет) китептин атынан кийинки «Повесттер, аңгеме–новеллалар» деген көрсөтмө китептин ичиндеги чыгармалар түрдүү жанрлардын аралашмасынан

---

[116] К.Абакиров. Жаёы кылымдагы кыргыз адабияты || Жаёы Ала-Тоо.2013.3,(35) 230-бет.
[117] К.Абакиров. Жаёы кылымдагы кыргыз адабияты || Жаёы Ала-Тоо.2013.3,(35) 230-бет.

турарын алдын ала билдирип турат. «…Тематикасы, ага жараша козголгон маселелердин чөйрөсү да бирдей эмес бул чыгармалар, кээси жанрлардын туш келди аралашма–сынан турган ушул китептер окурмандардын, мүмкүн болсо, адабият–сынчылардын талдоосуна муктаж,» –дейт К.Абакиров, адабиятчы–окумуштуунун бул жүйөөлүү оюн колдоо менен: окурман колуна тийүүчү китеп мазмундук–формалык жактан апробацияланып, көркөм адабият басылмаларынын эреже–мийзам, салттары менен жарык көрүүгө тийиш деп айтмакчыбыз. Аскаралы Ражабалиев-дин «Көпөлөк өрөөнү» да «Жаңы кылымдагы кыргыз адабияты» макаласынын авторунун купулуна толо тургандай көрүнбөйт. Маселен, китептин башкы бетинде «Көк дайрам менин, көк дайрам» деген баяндама (монологко да окшоп кетет) «баш сөз ордуна» деп берилген, андан кийин эле «Студенттик күн–түндөр» деп тема коюлуп, бул «повесть–эссе» аталыптыр да, Аристотель, Габриела Мистраль, Мурза Гапаров, Жолон Мамытовдун сөздөрүнөн тематикалык багытка анчейин ылайык келе бербеген узундан–узун цитаталар эпиграф катары берилип, андан соң «Устатым менен сүйлөшүү» деген тема башталат. Автор муну да «баш сөз ордуна» деп белгилеген. Али китептин ичиндеги тигил же бул чыгарма башталбай жатып эки жолу «баш сөз ордунанын» келиши автордун өзүнө гана түшүнүктүү болбосо, окурман муну түшүнбөстүгү анык. «Устатым менен сүйлөшүү» автордун устаты Мурза Гапаров жөнүндөгү эссе экен (ошону менен бирге баш сөз да экен) («эмне десең, ошо де» дегендей) макул, эссе болсо эссе болсун, аны аяктап жатып: «…Ошол таңдан бери ыр жазгым эле келет, ыр жазгым эле келет» деп эргип, «Айылым–арча бешигим!» деген үч куплет ыры менен автобиографиялык формадагы аңгемесин баштайт. Бул жерде эссе менен аңгеменин мазмундук–формалык жактан биригип бир бүтүн органика-лык багыт алалбай жатканына күбө болобуз. Анткени эссе менен аңгеменин архитоникалык организмде айырма-чылык бар. Автор буларды күч менен бириктирип, өзүнүн оюндагы «поэтикалык повесть–эссе» жараткысы келген-диги көрүнүп турат. «Айылым–арча бешигим!» –негизинен жакшы жазылган, идеялык–тематикалык мазмуну таасир-лүү бул чыгарма окурманды кайдыгер калтырбастыгы анык. Бирок автор мунусун өтө эле

эргип: «ыр жазгым эле келет, ыр жазгым эле келет» дегениндей, прозадагы поэзия кылгысы келгендиктенби, чыгармадагы көркөм линияга биригип кеталбаган башка бир авторлордун ырларын ылайыксыз кыстырмалайт:

«Түнкү жыбырап аккан дарыя,эки жээкти кыса заңкайган–бийик зоолор, кууш коону көмкөрүлгөн казандай жаап турган көгүш асман,түн ичи зоо чокусунан кылак эткен, Ай… Жомок дүйнө мени арбап, жетелейт каякадыр. Ошол түнкү жомоктуу, табышмактуу элестер өмүр бою көз алдымдан кетпей, ээрчип жүрөт көлөкөдөй.

«Бир үңкүр бар тоолордун арасында,
Жомоктогу сулуулар жолугушат.
Бир суу агат зоолордун ичи менен
Жез кемпирлер жээгинде чач тарашат…

(Жолон Мамытов)

Мекенди балалык бае сезим менен сүйүүм, ошол не бир ажайып, жомок дүйнөлүү жерден башталган.»[118]

Бул бир куплет ыр чыгармага кандай кошумча көркөмдүк кийирди, дегеле анын баяндалып жаткан сюжеттик–формалык линияга байланышы барбы?

Дагы: «…Тили булдурап чыккан карындашым: «Аяй, аяй!»– деп үй ичин сөөмөйү менен айландыра көрсөтөт. «Булдурап тилиңден, садагам!»– деген апам кызынын бетинен чоп эттире өөп коюп ишин улантат.

Балам бажыраясың, көз күлөт, күлөт уурт,
Жүзүндөн гүлдөп көрүндү,
Жүрөктөй ысык Ата–Журт

(«Гүл–гүл» А.Дооров)

Анан эчки союп, айыл–апаны чакырып,үй той өткөрүшкөн, жаңы үйгө кирээрде төртөө элек, анан жетөө болдук»[119],

«Кызынын бетинен чоп эттире өөп» койгон менен «эчки союп, айыл–апаны чакырган» сүйлөмдөр сюжеттик линиядагы тыгыз байланышкан маани, ал эми бул экөөнүн ортосуна кыстырылган А.Дооровдун үч сап ырынын кереги барбы, болсо кандай милдет аткарып турат? Мындай дал келбеген ашыкча

---

[118] А.Ражабалиев Къпълък ърънн Б;2012,12-бет.
[119] А.Ражабалиев Къпълък ърънн Б;2012,12-бет.

сүртүмдөр (эч кандай байланышы жок бөтөн сөздөр) чыгарманын жалпы фонундагы көркөмдүк ченин төмөндөтүп жиберет.

Жогорудагыдай мүмкүнчүлүктөр менен кошо «Студенттик күн–түндөр»деп аталган повесть (повесть–эссе) баштан–аяк ажырагыс сюжеттик системада турган бир бүтүн чыгармага окшобойт. Повесть деп аталып тематикасы, ага жараша козголгон маселелердин чөйрөсү да бирдей эмес, жанрлардын туш келди аралашмасынан турган бул чыгарма повесть жанрынын талабына жооп бербей калган. Дегеле «повесть» жана аны «поэтикалык» деп атоонун ылайыктуулугу канчалык? «Поэтикалык повесть–эссе» адабий жанрдагы жаңылыкпы, же ойкуш-тантып күчөтмө көрүнүш берген аталышпы, канткенде да повесть деп аталган бул чыгарманын ичиндегилердин бир организмге бириге албай турушу– «…Роман деп аталып роман, повесть деп аталып повесть, поэма делинип поэма боло албаган, башкача айтканда алардын жанрдык талаптарынан алыс чыгармалардын» көрүнүшүн берет.

Поэтика бул–пафос, кайсыл гана жанрдагы чыгарма болбосун автордук эргүүнүн чыгармачыл бийиктигинин көрсөткүчү. Окуп жаткан чыгармасынын поэтикалуулугун жана поэтикасыздыгын окурман сезет, ага баа берет. К.Баялиновдун «Ажар»повести, М.Элебаевдин «Бороон–дуу күнү» аңгемеси, Ч.Айтматовдун «Ак жаан», «Түнкү сугат», «Биринчи мугалим», «Жамийла», «Эрте жаздагы турналар», «Кылым карытар бир күн», «Саманчы жолу» сыяктуу аңгеме, повесттеринин ички сезимдерди толгонткон поэтикалуулугун эл баалаган, аларды сүйгөн. Биз сөз кылып жаткан «Студенттик күндөр, түндөрдүн» авторунун алдын ала эле бул чыгармасын «Поэтикалык повесть» деп аташы өз деңгээлин сезбөө, чыгармачылык–тагы салттуу, изги жолдору эсепке албагандык менен барабар эмеспи.

«Көпөлөк өрөөндүн» 7–бетинен 141–бетине чейинки орун алган чыгармалар ар түрдүү: аңгемеси, эссеси, публицистика, очерк мүнөздүүсү бар, алар «Поэтикалык–повесть–эссенин» сюжеттик линиясына системалуу түрдө бириге албайт, ар жактан алып келип баш–аламан отургузуп койгон көчөттөрдөй көрүнүш берет. Алардын ички түзүлүшү гана эмес, коюлган аттары да муну айтып турат: «Устатым менен сүйлөшүү», «Айылым арча–

бешигим», «Сагыныч кушу», «Ыр башаттын булак көзү», «Акын Жолондун сабагы», «Пушту көйнөкчөнүм», «Ашыглык–ыр дүйнөгө бул–бул чырак», «Махабатсыз өткөн күндөн из калат», «Ош–акындар калаасы», «Мурзакемдин сырдуу дүйнөсү», «Сагындын айлуу дөндөрү», «Керме–Тоодо Султан Бабыр жана экөөбүз», «Сүйүү кайып», «Автобустагы жүздөшүү», «Ичимдик сезимге канат байлайбы?», «Тагдыр,тагдырлар», «Кыргыз поэзиясынын жети жылдызы», «Ой бүтүм».

Айтып кете турган жагдай – бул «ар түрдүү» чыгармалар өз алдынчалыкка ээ, алардын ар бири өзүнчө идеялык–тематикалык жүк көтөрүп, багыттарына жана мазмундук–формалык ылайыктуулугу менен окурманды кайдыгер калтырбайт. Бул чыгармалардын автордун сөз менен иштөө жөндөмдүүлүгү бир топ калыптанып калгандыгын көрүүгө болот. Көп сөздүүлүк,көзгө көрүн–гөндүн баары эле арзан экзальтация менен эзмелей берүү жок, жанрдык табиятка жараша мүнөз күткөн ылайыктуулук бар. Эгерде бул ар түрдүү темадагы (жанрдык табияты боюнча өзгөчөлөнүп турган) чыгармаларды белгилүү бир сюжеттик линияга түшүрүп бир эле тема менен максаттуу багыт берилгенде «Студенттик күн–түндөр» автордун студенттик өмүр баянын көркөм чагылдырган бир бүтүн автобиографиялык формадагы повесть болуу мүмкүн-чүлүгүнөн алыс эмес экендигин белгилеп кеткендигибиз оң.

«…Кыргыз сынында жана адабият илиминде система тиякта турсун, чыгарманын ички структуралык түзүлүш–төрүн, составдуу бөлүктөрүн, көркөмдүк компоненттерин изилдеген теориялык эмгектер жок. Жанр, көркөм форма, стиль категорияларын изилдөө такыр колго алына элек»– деп өткөн кылымдын 80–жылдары айткан сынчы А.Эркебаевдин сөзү дагы эле күчүндө. Акыл–эстин авангарды болгон көркөм адабияттын «дымып» калышы, багыт таппай баш–аламан, көркөм–форма, стиль дегендер ар кимдин өз башынча белгиленгенчелик жолго түшүп алышы, албетте, кейиштүү көрүнүш. Көркөм чыгарма–лардын жаралышында «салттуу канондорду бузуп, жаңы форма, жаңы стиль жаратуу» деген аныктамаларды жактырышып, өз дареметинен алыс, буту жерге тийбей асманга асылып калган

акын–жазуучулардын продукция–лары адабий табитсиздиги менен келечекти күңүрттөнтүп коюуда.

Окурман үчүн китеп ыйык, андагылардын бардыгы туура. Чындыгында ошондой болуш керек. Бирок биздин кылымда адамдар китепке (адабий) көп ишенбей калышты. Анткени андагылар ишеничтүү эмес романдын романдай, повесттин повесттей, аңгеменин аңгеме, эссенин эсседей эле болгону жакшы, глобалдаштыруунун жолу башка.

Жазуучунун китептин атына коюлган «Көпөлөк өрөөн» («Көпөлөктүү өрөөн» деп атаса жакшы болмок) повести автордун образ жаратууда бир топ дасыгып калганын айгинелейт. Чыгармада турмуш көрүнүштөрүн көркөм синтезге алуу, адам психологиясын ичкерттен иликтөө, каармандын жекече мүнөзүн адабий реалисттик принциптерде өздөштүрүү жана социалдык–философия–лык, нравалык проблемаларды көтөрүү сыяктуу көркөм концепция белгилүү өлчөмдө ишке ашкан. Чыгармадагы тема–ар дайым актуалдуу болуп келген турмуш темасы. Жакшы жашоо, өмүрдү татыктуу, мазмундуу кечириш үчүн адамдагы акыл–эс, адеп–ахлак,аздектеген сүйүү сезими болуусу зарыл. Автор дал ушул маселени турмуштун реалдуу жагы менен айкалыштырып жандуу чагылдырып берүүгө далалат жасаган.

Чыгармадагы окуя Баткендин чокусу асман,тиреген тоолору арасындагы Ысык–Суу (Жылуу–Суу) деген кичинекей айылда өтөт. Ысык–Суу–дарылык касиети бар, жерден кайнап чыгып турган жети–сегиз булактуу жер. Бул жерди ыйык тутуп, суусуна түшүп дарыланыш үчүн жай айларында көптөгөн адамдар барышат. Ысык–Суу Кыргызстандын эң бийик жери. Ага баруу үчүн ак мөңгүлүү дабандар ашып,үрөйүндү учурган жалгыз аяк татаал жолдорду басып өтүү керек. Табияты ажайып, аркар, кулжалуу, уларлуу бул өрөөндө эсептелүү үй–бүлө жашайт, бой жеткен жаштары башка жактарга кетип айыл адамдарынын саны өспөйт. Ошентсе да тукум улап, түтүн булатып ата–бабалардан калган жерди ээнсиретпей эге чыгып, журтун сүйүп жашап келе жаткан эл бар.Автор ошол бир ууч элдин турмушун, жашоого, дүйнөгө болгон көз караштарын, максат–мүдөөлөрүн элестүү, жандуу сүрөттөп берүүгө жетишкен. Муну Ысык–Суунун көз жоосун алган кооз табияты менен параллель коюп,

символикалык–эстетикалык көркөм образдын коштоосу аркылуу ишке ашырып, ошону менен бирге турмуштагы нравалык карама–каршылыктары турмуштук кырдаалдын, конфлик–тин негизинде адам мүнөзүндөгү бурулуштарды жана адеп–ахлак дүйнөсүн ачып берген.

Чыгарманын сюжеттик динамикалык өнүгүшүндө Ысык–Сууга дарыланыш үчүн барып жүргөн Султан деген жигит негизги ролду ойнойт. Ал Ысык–Сууга барган сапарынын биринде Мадина деген ушуерлик кыз менен таанышып, аны сүйүп калат. Мадина күйөөсү бар келин болуп,андан аркы окуялар Мадинанын ата–энеси, күйөөсү жана Султандын ортосундагы конфликттер аркылуу татаалдашып барат. Мадина тоо гүлүндөй буралган сулуу кыз. Анын сымбатынан мээримдүүлүктүн, уяндыктын, сулуулукка мүнөздүү болгон назиктиктин, тунуктуктун турпатын көрөбүз. Ал кыялкеч, көнүлүндө күткөнү сүйүү, арзуу дүйнөлүү кыз. Атасы Тагай ава аны ой–боюна койбой жанагы мерген жигитке аялдыкка берген. Бул жигит анын тең пайы, Султан келбегенде мүмкүн,алардын ортосунда сүйүү деген сезим болбосо да өмүр шерик болуп жашай беришет беле..? Чыгармадагы конфлик-туалдык курчуган жерлер–ушуерлер. Мерген жигиттин кыска ойлуулугу, корс, орой пейили, өзүнүн кызыкчылыгы үчүн ар кандай жамандыктан кайтпай турган кырстыгы, мээр–махабаттан кыпындай касиети жок турпаты– Мадинанын арзуулуу, аруу дүйнөсү туура келалбады. Автор бул процессти ынанымдуу, ылайыктуу жол менен өнүктүрүп бара алган.

Ал эми Султандын образы эл–жер, мекен туйгусу бар, адамдын кадыр–кымбатына жете билген, барлыкка боорукер мамиле кылган илбериңки, зирек жигиттин элесин берет. Анын көнүлүндө мекен чекеси болгон Ысык–Сууну абат кылуу, аны коргоо,журтка тирек болуп, эл–жер кегине жароо сыяктуу аруу дүйнө жатат. «Жакшы тилек жарым дөөлөт» дегендей, анын тилегин жараткан колдоп ишке ашты, бул жолдо өзү эңсеген сүйүүсүн да тапты. Султандын адеп–ахлагы, боорукерлиги, адилеттүүлүгү Мадинанын күйөөсү менен карама–каршы турат. Акырында ал жеңди, Мадинанын жүрөгү эңсеген сүйүүсү болуп бере алды, алар баш кошуп, бактылуу жашап калышты. Көрүнүп

тургандай, чыгарманын сюжети жөнөкөй, бирок ушул жөнөкөй сюжеттик тутумда каармандардын образдары бир топ тунук, кала берсе ишеничтүү, ынанымдуу ачылган. Образ ачуудагы чебердик айрыкча диалогдордон байкалат.

«Күйөө бала түн бир маалда келди. Кышылдап–бышылдап, атынан араң жүрүп, чатырдын эшигин сыйра:

–Эй катын! Атты тушап кой!–деп чакырды.

–Чүш–ш! Секин элди ойготосуз!

–Элиңди урганым барбы!–дей берип,боюн төшөккө урган эргул: –энеңди урайын бу улар куш дегениң оңойлук менен аттырбайт экен. Кечке тоомо–тоо кезип бирин ата албадым. Анын үстүнө мылтыгым жарабады, улар атканга. Мына, заставадан снайперлүү автомат ала келдим. Эми кырам шол менден качкан айбандарды!

–Болду эми уктаңыз.

–Энеңди урайын, канчык! Сен тиги кызыталак менен соо эмессиң!

–А–ай! Уят укканга! Өз чатырына чыгып кетпедиби ал.

–А силер, катындар амалдуу келесиңер. Таң атсын, мен аныңды ылдыйга кууп түшпөсөмбү!

Келин ыйлап жатат окшойт, бышактап, буулукканын уктум.

–Кууланба, кызыталактын кызы! Сага ишенбеймин!

Неге аны менен кечке Көпөлөк–өрөөндө болдуң?!

–Өзү барды. Мен аны чакырган да, эрчиткен да жокмун.

–Соо эмессиңер!...

–Антпеңиз, жакында балалуу болосуз. Кесир болот.

–Кесир–месириңди урдум сенин!»

Ушул диологдордон эле күйөө баланын ким экендигин–пейил, мүнөзү адеп–ахлакы, аялына, болочок перзентине жана жалпы эли, эли–журт курчап турган дүйнө, жаратылыш–табиятка болгон мамиле, түшүнүгүнүн канчалык экендиги билинип турат.

Чыгарманын композициялык курулушун айрым бир кемчиликтерди эсепке албаганда дурус деп айтууга болот. Айрыкча пейзаждык, портреттик сүрөттөөлөр жандуу, окуяларын жүрүшүндө улам шайкештик жаратып ынанымдуу.

«…Ана! Көпөлөк өрөөн. Бир ат чабымдай келген түздүк. Бети көрпөдөй көк майса. Миң түркүн тоо гүлдөрү. Мындай

көрүнүш кыргыз тоолорунда кадам сайын жолугат, арийне. Бул өрөөнчөнүн алардан айырмасы жер бетин бербей, ойкуп–кайкып учуп жүргөн сансыз көпөлөктөр эле. Ар кыл: кызыл, ак, көк, сары, пушту, жашыл, мала кызыл, көк–кызыл, ала–кызыл, мала–кызыл… Айтор, миң түс көпөлөктөр көз жоосун алат.

Эшектен түшүп, көчүк бастым жол боюндагы ташка. Баарын унутуп, сан миң көпөлөктөрдүн оюнуна карай бердим шүйшүнө. Каалгый жарашып, шумгуп, канаттарын жайып, гүлдөргө конуп ойноктогон напназик жандар. Баары бирдей асманга учса күн көзүн тосуп калса керек? Деген ой кылт этти көң үлүмө.»[120] Бул–Көпөлөк өрөөндүн көрүнүшү.

«…Сиңдисинин ар бир кыймылын жаза кетирбей, ээрчий кирип отурган эжеси жыргап отурат, алакан чаба күлүп. Сыйда кызыл, кең көйнөгү боюна куюп койгондой жарашык берет. Башында чоң, гүлдүү жапан жоолук. Эки өрүм узун чачынын тең жарымы ташка жайылган. Карлыгачтын канатындай кайкатак кашы ипичке терилген. «А–а, келин турбайбы!» дедим ичимден. Адатта айыл кыздары күйөөгө чыгардын алдында каштарын теришет эмеспи»[121] Ал эми бул портреттик текст Мадина жөнүндө жогоруда айтып келетканыбыздай пейзаждык, портреттик штрихтер жандуу, кыймыл менен коштолуп, сезимге сиңимдүү. Чыгармадагы эпизоддук каармандар Мадинанын атасы Тагай мерген, анын зайыбы, секелек курактагы Айкыз алардын функционалдык орду, кызматы өң–өз ордунда ылайыктуу. Ал эми Каныша–Көпөлөк чыгармадагы символикалык компонент, анын образы табыгый–бир чети ал Көпөлөк өрөөндүн пири, сыймыгы, анын руху, экинчиден ал–бакыттын белгиси, Мадинанын ийнине конушу–ага келген сүйүү бактысынын кабары. Каныша–Көпөлөк сюжети чыгарманын көркөм фабуласы катары көрүнөт.

Чыгарманын идеялык–эстетикалык көркөмдүгү ар кандай окурмандын көңүлүнөн орун аларлык десек аша чапкандык болбойт. Тоолук суксурдай сулуу келин Мадинанын тагдыры, бул дүйнөнү жакшы адамдар сактап турат дегендей, Султандын

---

[120] А.Ражабалиев .Къпълък ъръън-Б,2012. 144-бет.
[121] Ошол китепте: 146-бет.

адамгерчилик асыл сапаты, азаматтыгы кимди да болсо толкундатпай койбойт.

Башынан айтып келе жатканыбыздай авторлордогу өзүн–өзү көтөрө көрсөткөн жасалма шаңдуулук, деклара–циялуулук көбүнчө формалык жактан көрүнүүдө. Маселен, чыгарманын темасы актуалдуу, идеялык жактан табыл–галуу, көркөм тил каражаты жагы да жакшы, бирок стилдик жана композициялык жайгашуулар жагынан иретсиздик, ылайыксыздык сыяктуу мүчүлүштүктөр арбын. «Көпөлөк өрөөн» китеби да мына ушул оюбузга мисал боло турган китеп. Анын ичинен орун алган чыгармалар (аңгемесиби, новелласыбы, публицистикасыбы, эссесиби) идеялык тематикалык, көркөм–эстетикалык жактан толо кандуу, чыгармачыл өнөр канадан бир топ ийине жеткирилип жаралган чыгармалар. Айрыкча аңгемелер автордун тил байлыгын, турмуштун тажрыйбалуулугун, эл ичиндеги көп кырдуу, көп сырдуу турмушка үңүлө караган зирек жана сергек дүйнөсүн кабарлайт. Бирок булардын китептеги жайгашуусунда жанрдык аталышында, автордун өзүм билемчиликке салган жагдайы китептин көркөм баалуу–лугуна доо кетирип турат. Маселен, автор повесть деп атаган эки чыгарма («Студенттик күн–түндөр», «Көпөлөк өрөөн») адабий теориялык эрежелерге таянганда повесть жанрынын талаптарына жооп бербейт, алар аңгеме жанрына мүнөздүү чыгармалар. Эрежеде «повесть–адам турмушунун бирин–бири толуктап, үзүлбөгөн байланышта турган бир нече эпизоддордун сүрөттөлүшү, б.а сюжеттик бир линиядагы бир канча окуялардын тутумунан турган кеңири эпикалык чыгарма. Повесть деп аталган «Студенттик күн–түндөрдө» белгилүү бир сюжеттик линияга баш ийдирилген эпизоддордун тутуму жок, ар кыл темадагы, өзүнчө формадагы аңгеме, новелла, эссе[122]» сыяктуулардын аралашмасы. Анан мунун «повесть–эссе» аталышы адабиятчы–сынчы К.Абакировдун: «Бүгүнкү прозадагы эң модалуу термин–эссе». Тигил же бул китепке карата ал жекелик же көптүк санда, жогоруда айтыл–гандай, повесть–эссе, очерк–эссе, маек–эссе деп эле колдонула берет да, кээде бул эмне деген жанр экенин бир

[122] [122] К.Абакиров.Жаёы кылымдагы кыргыз адабияты || жаёы Ала-Тоо,№3 (35)март,2012,225-бет

Алла, бир автордун өзү билбесе, окурман баш оорутпай эле койгону жакшыбы дейсиң. Кээде ошол чыгармага, китепке автор тарабынан берилген жанрдык аныктаманы, ага дагы кошумча кыстырма–түшүндүрмө–лөрдү окуп, ал китепти, чыгарманы кай жагынан баштап окуп, кандай «жеш» керектигин билбеген окурманга багытталгандыгын туюп, сезесиң да, ичинден «рахмат» деп коёсуң. Эссе деп айтылганы менен эссе эмес, ой толгоо делип, бирок ой толгобой эле ойду–тоону кеп кылып, башыңды маң кылган»–деп атаган чыгармаларга окшош. Ал эми «Көпөлөк өрөөн» деп аталган экинчи повесть–биринчиден, көлөм жагынан (29 эле бет) повесть жанрынын талабына жооп бере албайт, экинчиден, каармандардын аздыгы жана алардын образдарынын көп деталда көрсөтүлбөй, аз гана деталдарда көрсөтүлүшү, окуялардын тез–тез алмашып, турмуштун бир үзүм бурулуш учурун гана чагылдырышы–аңгеме жанрына мүнөздүү көрүнүш.

Жогорудагы айтылган пикирлерибизден улам «Көпөлөк өрөөндөн» орун алган чыгармалардын дээрлик көпчүлүгү идеялык–тематикалык мазмуну, сюжеттик–композициялык курулушу боюнча аңгеме жанрына таандык чыгармалар. Даанышман Вольтердин: «Жадатма эле болбосо, бардык жанрлар жакшы»–дегендей, бул аралаш–ма жанрлардан турган жыйнактагы чыгармалар жадатма эмес, ар биринин ылайык көтөргөн жүгү, эстетикалык көркөмдүгү бар. Айрыкча автордун аңгеме жаратуудагы шык–жөндөмүн белгилебей кетүүгө болбойт. Бул багытта автордун өзүнө таандык почерки бар. Анын аңгемелерин–де окуя кууччулук, үстүрттөн сүрөттөө, бир өзгөй боёктуулук жок, турмуштун, бүгүнкү күндүн адамынын татаал салт–санаасын ар түрдүү кырдаалда кылдат нюнстары менен сүрөттөп, азыркы заман адамынын толук кандуу сапатын ачууда өзүнө мүнөздүү чебердиги байкалбай койбойт. Чөлкөм элинин эмгекчил, момун мүнөзү, мамиле–жоопто кичи пейил майин, мейман дос табияты диалектилик сөздөрдүн адабий тилге ылайык кыналышы менен чагылдырылып, өзгөчө колорит жаралат. Албетте, бул автордун образ жаратуудагы сүрөткердик өзүнчөлүгү. Китептеги жана мындан мурунку жарык көрүп жүргөн аңгемелеринен улам А.Ражабалиевди чөлкөм элинин жана

жалпы журтчулугубуздун көптү күттүргөн чыгаан аңгемечиси даражасына жетээрине ишене берсек болот.

Бул азганакай макалада автордун чыгармалары боюнча кеңири сөз кылууга азырынча мүмкүнчүлүк болбоду. Ошентсе да иш үстүндө авторго жагымсыз сөздөр да айтылды окшойт. Улуу сынчы Белинский адабий сындын эки жагы болорун белгилеген экен. Алар: жымсалдама жана бетке айтма. Биз бул макалада дареметибизге жараша сындын экинчи жагын тандаган болдук. «Сынчынын сыңар өтүгү майрык» же, «мени жактабаган адам–менин душманым» дебей, сындын «дуруш–бурушун» туура кабылдаган авторлорго дайыма дос болуп кала бермекчибиз.

# ТАЛАНТКА ЖОЛ КЕРЕК

Чыныгы ыр–жер алдынан сызылып чыккан мөлтүр булак сыңар. Ал акындык турпаттын тамыр–тамыр-ларынан сызылып чыккан асылдык, көз жоосун алган тунуктук. Анын бул касиети тажырыйбага да, чебердикке да моюн сунбаган өзгөчө бир кудирет менен өзүнө жол таап жарыкчылыкка келет. Мындай ырлар жасалма эмес, өңү–түсү, жыт–жышаанасы, бүт турпаты менен жер бетине көрк берип туруш үчүн топурактан өнүп чыккан тамырлуу гүл сыяктуу. Аны кайсы жагынан карабагын көзгө көркөм, көңүлгө төп, табигый жышаанасы менен өзгөчөлөнүп турат.

Биз сөз кылмакчы болгон акын Сабыралы Абдукаримовдун жараткан ырлары мына ушундай касиеттери менен дилге жакын. Алар акындык дилгир сезим, тунук туйгулардын нугунда курчап турган дүйнө менен ыргакташ, сырдаш, адамдык тагдыр менен акындык тагдыр эриш–аркак келип нукуралуулук, табыгыйлуулук боёгу, ылайык көркөмү менен орун табат.

Сабырым түгөп сабына катып ырымдын,
Сен үчүн ыйык сезимдин чөгөм түбүнө.
Сагынып дагы саргайып дагы күтөмүн,
Саламың айтып эшиктен өзүң киргиче.

Өкүнүп, өксүп өмүрдүн өтөр табында,
Өкчөлүп келип кайрадан бердиң жашоону.
Кеч болсо деле кейибейм тагдыр бир болсо,
Ким эле бакыт тааптыр дейсиң жашында.

Ар бир пенде үчүн эң оболу өз өмүрү, жашоосу маанилүү, анын тирүүлүгү эң негизги нерсе. Тирүүлүккө тагдыр, насип буйрулуп, жашоонун оош–кыйыштуу жактары жарала берет. Мунун өзү өмүрдөгү пендечилик көйгөйлөрдүн түмөн түйшүктөрдүн оңдуу–солдуу, ийгилик–кемчиликтүү шар–шарасы менен коштолгон дүйнөсүндө адам нечен ысып, нечен сууп өмүр кечирерин шарттайт. Жогорудагы мисалга алынган ыр саптарында өмүрдүн оош–кыйыштуу татаал мүнөзүнө болгон мамиле ичкерттен ыргактанып, лирикалык каармандын өз

тагдырына туш келген татаал кырдаалдар аркылуу, таасирдүү чагыл–дырылып жатат.

Жашоодо туш болгон түркүн тагдырлар, кырдаал–абалдар, жаратылыш менен жашоонун гармониялык мүнөзү акындын айтып бүткүс дастаны, көп кырдуу тематикасы. Бул анын чыгармачылыгындагы теманы издебей, тема аны издеп келе турган мүнөздү шарттап турат.

Туулуп–өскөн жери жөнүндө жазбаган акын жок. Ар бир акын өз даремети менен анын коздугун, өзгөчөлүгүн кайталангыс касиетин даңазалоого далалат кылат. Бул багытта Сабыралынын туулуп–өскөн жери, ата–журту мекени жөнүндөгү ырлары анын чыгармачылыгынын тематикалык негизин түзөт десек жаңылышпайбыз. Муну акындын алгач жарык көргөн «Кош данек» (1991–жыл.), «Мамактан тамган махабат» (2002–жыл.), «Казан асманы» (2011–жыл.), «Ата журтка таазим» (2013–жыл.), «Өмүр сереси» (2013–жыл.) ыр жыйнактарындагы чыгарма–ларынан көрөбүз.

Акын кайсы теманы багыттабасын анда ата журт кесыетинен бир сүртүм сүйгүлүк элес сүртүлүп өткөнүн байкабай коё албайбыз. Айрыкча «Ата журтка таазим» ырлар жыйнагындагы бул тема өзүнчө камертон сыяктуу. Андагы ырлар ар тараптуу ачылган татаал сюжеттүү, көркөм образдуу дастан даражасын элестетет. Анда туулуп–өскөн жердин бүт турпаты–ай ааламы, адамдары, күнү, үнү, турмушу, жан–жаныбар, тоо, токой, суулары бүт–бүт гүлдөрү, чөптөрүнө чейин күүгө салынат. Алардын бардыгы биригип келип, акындык–адамдык сезимге ширелишкен сүйүү, урмат даражасын жаратат. Акындык ырларындагы ата журт темасынын гегемон болуп турушунун өзгөчө–себебин андагы ырлардын өзү айтып турат. «Акынга чыгармачылык тагдыр керек» деп айтылгандай, Сабыралы Абдукаримовдун тагдыры ата журтун өзгөчө сүйүүгө туштуктурган тагдыр деп айтсак болчудай. Ата–эне мээримин тең көрбөгөн балалык курак, ата–журттан азып тага журтта, бөлөк–бөтөн жерлерде чоңоюу, киндик кан тамган, балалык жыты сиңген журтун сагынуу, окуп билимдүү, кесиптүү болгон чактарда да журтуна там–таш салып, түтүн булатууга мүмкүнчүлүк таба албай, ар жакта жүрүп ата журтун, андагы

балалык издерин көрүүгө болгон сагыныч, арзуу абалдарынын дайыма күчөп келиши–акындын көөдөн жарып чыккан ырларынын жаралышына себепкер болуп келген деп айта алабыз.

«Алыс өстүм, айылдаштар, достордон,
Бири эмесмин бирок, качкан бозгондон.
Кайсы күнү бүтөт тагдыр өмүрүм,
Өкүнбөсмүн өлөрүмдө коштошсом,»

«Көптөн бери көрө элекмин айылымдын,
Көктөмдөгү эрте–кечин абайлап.
Селт–дей түшөм анда–санда барганда,
Ити үрүп жолду тоссо карайлап.»

**Дагы бир ырында:**

«Бүлүк салып бүт дүйнөмдү аңтарып,
Бүгүнкүдөй аппак таңды көрбөгөм.
Бүйүр кызып Ата журтка сагынган,
Жүрөгүмө түшүп кетти дүрбөлөң.

Себеленип сезимдеги ойлорум,
Сага карай жетелешет болуп жар.
Ойго түшүп ойнок курак, бала чак,
Түртү болот жүрөгүмө «бүгүн бар.»

Бул ырлар «Ата журтка таазим» ырлар жыйнагынан алынган айрым саптар. Жогоруда айтып келе жатканы-быздай жыйнактагы негизги тема ата журт, буларды көтөрүңкү пафос, курч маани олуттуу формалык табылгалар болбосо да бүгүнкү заман, турмуш шарындагы адамдык тагдыр лирикалык каармандын ичкерттен толгон жүрөк күүсү менен эриш–аркак табыгый ыргактанган чыныгы поэтикалык маанай бар. Автордун ата журтуна болгон арзуу–авасын, сүйүүсүн ошону менен бирге түбөлүк таазимин бул жыйнактагы ырлар аркылуу ачык–так, билдире алат.

Сабыралы Абдукаримовдун «Кош данек», «Мамактан тамган махабат», «Казан асманы», «Ата журтка таазим», «Өмүр сереси» аттуу ыр китептери эл аралап окурмандарын тапты, аны акын катары таанытып, саргара жорткон мээнетинин акыбетин

кайтарды жана да ыр ааламына болгон ышкысын дагын да арттырды десек анын жаратмандын сапарына карай калыс ой айткан болобуз. Сабыралынын ырлары шымалана билек түрүп, күнүнкү ишин күнүн бүтүрүп, өз ишине баш–оту менен астейдил киришкен зергерди элестетет, ошону менен кошо жер менен суунун ырын тыңшап, чөптүн ташка айткан сырын уккан дилгир, зирек акын экендигинен кабар берет.

Акындын чыгармачылык ийгиликтери менен кошо мүчүлүштүктөрү да бар экендигин айта кетүү кажет. Акын ар бир сөзгө ой уютуп, ар бир лирикалык боёгуна маани берсе жакшы болмок. Ойго терең, сөзгө сараң болууга аракеттенсе ырлары мындан да мыкты болор беле деген ой келет. Кээ бир ырларында ыгы жок салыштырууларлын орун алышы өкүнүштүү.

Албетте, бул айткандарыбыз жалпылама, үстүр-түрөөк айтылган сын катары. Булардын тексттик, стилдик жана адабий көркөм өңүттө анализге алчу болсок, акындын чыгармачыл өнөрканасында ийине жетпеген, кайрадан карап чыгууга муктаждык жактардын анча экендигине күбө болушубуз турган кеп.

Окурман катары ыр жазып, ыр түйшүгүн тартып жүргөн адам, ошол эле учурда адабиятчы катары мен Сабыралы Абдукаримовду өсүп келе жаткан таланттуу акын катары баалайм. Анын чыгармачылык табиятынан мен байкаган нерсе– артыкча эмоционалдык, шашмалык, чыгармачылыкта али өзүнүн терең нугуна түшө электик. Бул анын талант агымына жол издеп, бирде прозага, бирде драма жаратууга далалат жасаганынан байкалат.

Албетте, бул акын–жазуучулардын чыгармачыл тарыхында боло келген көрүнүш бирок, башат барып нукка түшөөрүн эсепке алганыбызда терендик нугу менен бараандуу болорун эч ким тана албайт.

…Талантка жол керек анын туңгуюкту жарып өтүп бийиктерге канат сермеши үчүн аны курчутуп туруу зарыл. Бул тынбай үйрөнүү, күүлөнүү керек демектир.

Мен Сабыралыга өмүрүн ырга арнаган өжөр, өктөм пейил каалайм.

Мазмуну

Киришүү........................................................................................ 3
Сөздөн сүрөт тарткан акын....................................................... 5
Алтын бешиктин албан акыны..................................................... 22
Өрүштүү чыгармачылык.............................................................. 43
Салттуу поэзиянын жаңы өрүшү.............................................. 55
Сынчылардын көзү менен......................................................... 68
Адабий сындын критерияларын көтөрө ала турган чыгармалар жарык көрсүн...................................................... 77
Тарыхый реалдуулук менен көркөм реалдуулуктун карым–катышы............................................................................... 94
«Мендеги мен – терең психологиялуу чыгарма».................... 107
Акындык жүрөк – жаңырыктуу жүрөк........................................ 117
Чыгармачылыктагы «дурус» жана «буруш» маселелер......... 149
Талантка жол керек...................................................................... 162

**КУРСАН ПАХЫРОВ**

**Адабий сын өңүтүндө:**
*Кыргызстандын түштүк – батыш*
*чөлкөмүнүн акын – жазуучулары*

Тех.редактор: Тойчубаев А.А.
Дизайнер: Ыкыбал уулу Элдияр

Терүүгө берилди 01.06.2014-ж. Басууга 18.08.2014-ж.
Кагаздын форматы 84x60 1Y16. 10,5 б.т.
Буйрутма №31. Нускасы 500.

Ош шаары, Курманжан датка көчөсү 236 ПБ.“Book-Blank